**2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде, анын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-2023-жылдарга аудитордук иш пландарына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдын 22-июлундагы №10-2/382, 2023-жылдын 17-январындагы №06-1/31 жана башка буйруктарына ылайык, аудитор Б.А. Рыскулиевдин жетекчилиги астында башкы мамлекеттик инспекторлор М.М. Суйналиева (топтун жетекчиси), Б.Д Элебесов, А.С. Токторова, И.Э. Хусанов, Г.Дж. Ашимова, мамлекеттик инспекторлор Ж.К. Садыков, О. Турсункожоев, Т.Ж. Макамбаев, С.Д. Зулуев, Ж.Т. Орозобеков, Н. Ашыр уулу, Т.К Бусурманова, Н. Ашыралиев, Б.Д. Асылбеков, Н. Жениш кызы, Б.У. Исаков, С.К. Тоокеев жана Э.Т. Абдуллаев (курулуш боюнча) тарабынан 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде, анын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

***Эскертүү:*** *Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматында, анын мекемелеринде жана Жер ресурстары кызматында, анын мекемелеринде аудит мезгили 2020, 2021 жана 2022 -жылдар аралыгы саналат.*

**Жоопту тарап жана аудит объектиси**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги ушул аудитке карата жоопту тарап жана аудит объектиси болуп эсептелет.

**Жоопту тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги (мындан ары-Министрлик) мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудиттин объекттери**

Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппараты, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары, Балык чарба, Жайыт жана асыл тукум мал чарба, Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо, Айыл чарбаны механизациялоо, инновациялык технологиялар жана кооперациялоо, Органикалык айыл чарба, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин, Ветеринардык дары-каражаттарын жана тоют кошулмаларын каттоо жана сертификаттоо боюнча Департаменттери, Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институту (КНИИЖП), Кыргыз дыйканчылык илим-изилдөө институту, Ветеринардык кызматы, Токой чарба кызматы, Жер ресурстары кызматы, Суу ресурстары кызматы, Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызматы, Республикалык топурак-агрохимиялык



станциясы, Кыргыз ирригация илимий-изилдөө институту, "АгроСмарт" санариптештирүү жана маркетинг борбору" мамлекеттик ишканасы.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин предметинин тиешелүү аудит критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү.

Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Министрликтин бюджетинин аткарылышынын Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык келүүсүн изилдөө саналат. Аудиттин чөйрөсүнө камтылган иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын, сунуштамалардын толугу менен жана өз убагында аткарылышын талдоо;
- Министрликтин бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына баа берүү;
- Министрликтин түзүмүн талдоо жана аны күтүүгө (кармоого) кеткен чыгымдарды талдоо;
- атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасынын аткарылышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына баа берүү;
- коммуналдык кызматтардын лимиттеринин сакталышынын аудити;
- отчет берүүчү адамдар менен эсептешүүлөрдүн аудити;
- ижара мамилелеринин аудити;
- учурдагы жана капиталдык ондоого кеткен чыгымдардын аудити;
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит.

**Аудиттин критерийлери**

Министрликтин бюджетинин аткарылышынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишине баа берилүүчү критерийлери:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Токой кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Суу кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси;

- “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;

- Министрликтин айрым тармактык иштерине тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы ПЖ №95 "Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө" Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттарынын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама”;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары коопту жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, коопту жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобосу;



- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги № 201 “Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому;

- Министрликтин буйруктары, көрсөтмөлөрү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29 - мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдерди сактоону жана аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча тиешелүү мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга ылайык келээрине негиздүү кепилдик алуу үчүн аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Бул аудиттин жүрүшүндө Министрликтин ишмердүүлүгүнө тиешелүү ченемдик укуктук актылар, 2021- жана 2022-жылдарга иш пландары жана отчеттору изилденди.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, аудит объектисинин кызматкерлери аудит жүргүзүү үчүн берилген маалыматтардын аныктыгы, объективдүүлүгү жана толуктугу үчүн жоопкерчиликтүү.

Аудит корутундуларды колдоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн процедураларды аткарууну камтыйт. Аудит алынган аудитордук далилдер бул отчеттогу корутундуларды жана сунуштарды негиз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен:* министр Джаныбеков А.С. 2021-жылдын 3-февралынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин;

- *экинчи кол коюу укугу менен:* башкы бухгалтер Асанжанова Ч.А. 2021-жылдын 28-июнунан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында бюджеттик каражаттарды жана атайын эсептин каражаттарын пайдалануу Айыл чарба министрлигинде, анын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүндө төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

*2018-жылга Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:*

- 27.02.2020-жылдагы №01-23/30 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 6 пункттун ичинен, 3 пункту аткарылган, 2 пункт жарым-жартылай аткарылган (1,6-пункттары),1 пункт аткарылган эмес (2-пункту). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 57,1 миң сомдон 37,4 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 19,7 миң сомду түзөт;

- 27.02.2020-жылдагы №01-23/31 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 10 пункттун ичинен, 2 пункту аткарылган, 4 пункт жарым-жартылай аткарылган (1,3,4,9-пункттары), 4 пункт аткарылган эмес (5,6,7,8-пункттары);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигине 27.02.2020-жылдагы №01-23/34 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 14 пункттун ичинен, 13 пункту аткарылган, 1 пункту жарым-жартылай аткарылган (6-пункт). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 2 785,4 миң сомдон 1 089,4 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 1 696,0 миң сомду түзөт;

- 27.02.2020-жылдагы №01-23/35 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 5 пункту толугу менен аткарылган эмес.

*01.01.2019-жылдан 31.12.2019-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүнүштөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:*

- 14.04.2021-жылдагы №01-23/122 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 8 пункту аткарылган, 2 пункту жарым-жартылай аткарылган (1 жана



35-пункт), 36 пункттун ичинен 26 пункту аткарылган эмес (2-10 п., 12- 26 п., 31,34 п.),. Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 944,4 миң сомдун 665,6 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 278,8 миң сомду түзөт;

- 14.04.2021-жылдагы №01-23/121 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 19 пункттун ичинен 18 пункту аткарылган эмес (2-19 п.), 1 пункт жарым-жартылай аткарылган 1-пункт).

*01.01.2020-жылдан 31.12.2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө натыйжалуулук аудиттин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча:*

- 25.05.2022-жылдагы №01-23/140 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 9 пункттун ичинен 1 пункту аткарылды, 1 пункту аткарылган эмес (4-пункт), 7 пункту жарым-жартылай аткарылган (1,2,3,5,6,8,9-пункттары). Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 666,3 миң сомдун 546,3 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 120,0 миң сомду түзөт.

*2018-жылдын 1-январынан тартып 2018-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө жана аймактык башкармалыктарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:*

- 02.04.2020-жылдагы №01-23/88 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 30 пункттун ичинен 20 пункту аткарылган, 2 пункту аткарылган эмес (27,29-пункттары), 8 пункту жарым-жартылай аткарылган (1,2,5,16,17,18,32,33-пункттары). Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 295 053,0 миң сомдун 14 331,0 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 280 722,0 миң сомду түзөт;

- 02.04.2020-жылдагы №01-23/89 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 16 пункттун ичинен 13 пункту аткарылган, 2 пункту аткарылган эмес (2,12-пункттары), 1 пункту жарым-жартылай аткарылган (5-пункт).

*2019-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттигинде, анын ведомстволук жана аймактык органдарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:*

- Токой кызматына 29.12.2020-жылдагы №01-23/221 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 12 пункттун ичинен 3 пункту аткарылган, 4 пункту аткарылган эмес (1,6,11,12-пункттары), 5 пункту жарым-жартылай аткарылган (2,3,4,7,16-пункттары). Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 267,0 миң сомдун 12,1 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 254,9 миң сомду түзөт;

- 29.12.2020-жылдагы №01-23/222 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 3 пункуттун ичинен 1 пункут аткарылган, 1,2-пункуттары аткарылган эмес.

*01.01.2019-жылдан 31.12.2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча*:

- 14.06.2022-жылдагы №01-23/141 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 6 пункуттун ичинен 3 пункуту аткарылган, 3 пункуту жарым-жартылай аткарылган (1,2,3-пункуттары). Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 10841,8 миң сомдун 10773,0 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 68,8 миң сомду түзөт;

- 15.06.2022-жылдагы №01-23/142 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 2 пункуту толугу менен аткарылган.

*2020-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигинде жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча*:

- 24.02.2022-жылдагы №01-23/41 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 36 пункуттун ичинен 19 пункуту аткарылган, 4 пункуту аткарылган эмес (22,32,33,34-пункуттары), 13 пункуту жарым-жартылай аткарылган (1,2,3,4,5,6,9,10,11,17,20,24,30-пункуттары). Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 5928,8 миң сомдун 3939,0 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 1989,8 миң сомду түзөт;

- 24.02.2022-жылдагы №01-23/40 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 13 пункуттун ичинен 8 пункуту аткарылган, 5 пункуту жарым-жартылай аткарылган (1,8,9,10,12-пункуттары).

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштамасындагы 3 пункуттун 1 пункуту аткарылган, 2 пункут (п.1.2.) аткарылган эмес.

*2019-жылдын 1-январынын тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинде бюджеттин аткарылышына жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча*:

- Мамлекеттик агенттигине "Кыргызмамжердолбоорлоо" 03.03.2021-жылдагы №01-23/31 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 4 пункуттун ичинен 3 пункуту аткарылган, 1 пункуту жарым-жартылай аткарылган (1-пункт). Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 28,1 миң сом толугу менен калыбына келтирилген.

- Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинде "Кадастр" 03.03.2021-жылдагы №01-23/27 жазма буйругу жөнөтүлгөн, 8 пункуттун ичинен 7 пункуту аткарылган, 1 пункуту аткарылган эмес (6-пункут). Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 306,0 миң сом толугу менен калыбына келтирилген.

- 03.03.2021-жылдагы №01-23/28 сунуштамасы жөнөтүлгөн, 7 пункуттун ичинен 5 пункуту аткарылган, 2 пункуту аткарылган эмес (5,6-пункуттары).

**Сунуштама**

1. Мурунку аудиттердин жыйынтыктары боюнча берилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын толук аткарылышы камсыздалсын:

2018-2020-жылдарга Министрлик боюнча:

- 27.02.2020-жылдагы №01-23/30 жазма буйругунун - 3 пункуту (1,2,6-пункуттары),

- 14.04.2021-жылдагы №01-23/122 жазма буйругунун - 28 пункуту (1,2-10 п., 12-26-п., 31, 34, 35),

- 25.05.2022-жылдагы №01-23/140 жазма буйругунун - 7 пункуту (1,2,3,5,6,8,9-пункуттары);

- Токой кызматы боюнча 29.12.2020-жылдагы №01-23/221 жазма буйругунун 10 пункуту (1,2,3,4,6,7,11,12,16-пункуттары);

- Ветеринардык кызмат боюнча 14.06.2022-жылдагы №01-23/141 жазма буйругунун 3 пункуту (1,2,3 пункуттар);

- Суу чарба кызматы боюнча 24.02.2022-жылдагы №01-23/41 жазма буйругунун 17 пункуту (1-6, 9-11,17,20,22,24,30,32-34-пункуттары);

- Жер ресурстары кызматы боюнча:

- "Кадастр" мамлекеттик мекемесине 03.03.2021-жылдагы №01-23/27 жазма буйругунун 1-пункуту;

- Мамлекеттик агенттигине "Кыргызмамжердолбоорлоо" 03.03.2021-жылдагы №01-23/31 жазма буйругунун 1-пункуту.

2. 2018-2020-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча берилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын системалуу түрдө толук аткарбагандыгы үчүн Министрликтин жана ага караштуу мекемелердин кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## Аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-мартындагы №83 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жөнүндө Жобого ылайык, Министрлик агроөнөр жай комплекси чөйрөсүндө, анын ичинде мал чарбачылыгы, ветеринария, балык чарбасы (аквакультура), өсүмдүк өстүрүү, өсүмдүктөрдүн карантини, жер мелиорациясы, жер ресурстары, сугат жана өндүрүш максаттарына суу ресурстары, ирригациялык жана мелиоративдик инфратүзүмдү, этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтылган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты камсыз кылуудан тышкары, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр

жайын, жерге укуктук мамилелерди, кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоону, геодезия жана картографияны кошо, анын ичинде жер мыйзамдарын колдонуунун жана сактоонун бирдейлигин камсыз кылууну, токой чарбасын башкарууну, ошондой эле ветеринардык, фитосанитардык коопсуздук жана Кыргыз Республикасынын жер жана суу мыйзамдарын сактоо жаатында мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналат.

*Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 425 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү жөнүндөгү" Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жаны түзүмү бекитилген, ага байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 6-ноябрындагы № 242 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмүн жана курамын бекитилгендигине байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндөгү" токтому менен Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги болуп өзгөртүлгөн.*

*Эскертүү: 2016-жылдын 13-апрелинен тартып (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 13.04.2016-ж. № 439 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмү жөнүндө» токтому) 2021-жылдын 3-январына чейин – Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 02.03.2021-жылдагы № 4357-YI "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмү жөнүндө" токтому менен Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги болуп аныкталган.*

Министрликтин борбордук аппаратын, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүн күтүүгө чыгымдарды каржылоо республикалык бюджеттин, атайын эсептердин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

*Эскертүү:* Төмөндөгүдөй абревиатураларга кыскартылды:

-Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппараты –Министрликтин борбордук аппараты;

-Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары-РАӨБ;

-Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институту – КМЧЖИИ;

-Ветеринардык кызматынын райондук башкармалыгы-РВБ;

-Жерди жана сууну көзөмөлдөө кызматы –ЖСКК;

-Суу ресурстары кызматынын райондук башкармалыгы-РСЧБ.



**Айыл чарба министрлигинин 2021-жылга бюджеттик жана башка каражаттарынын киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамына ылайык, Министрликтин бюджети 1 105 507,2 миң сом өлчөмүндө бекитилген, анын ичинен: бюджеттик каражаттардын чыгымдары 364 844,8 миң сом; атайын эсептин каражаттарынын чыгымдары 32 044,6 миң сом; мамлекеттик инвестициялык каражаттардын чыгымдары 708 617,8 миң сом.

Аткаруу процессинде Министрликтин такталган бюджети 2 106 505,0 миң сомду түздү, анын ичинен: бюджеттик каражаттардын чыгымдары 1 157 660,1 миң сом; атайын эсептин каражаттарынын чыгымдары 139 727,4 миң сом; мамлекеттик инвестициялык каражаттардын чыгымдары 809 117,5 миң сом.

Министрликтин бюджетинин иш жүзүндөгү аткарылышы 1 785 626,6 миң сомду (84,8 %) түзгөн, анын ичинен: бюджеттик каражаттары боюнча - 1 074 480,8 миң сом же 92,8 %, атайын эсептин каражаттары боюнча - 69 704,8 миң сом же 49,9 %; мамлекеттик инвестициялык каражаттары боюнча - 641 441,0 миң сом же 79,3 %.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамына ылайык, Министрликтин 2022-жылга бюджети 6 575 085,9 миң сом өлчөмүндө бекитилген, анын ичинен: бюджеттик каражаттардын чыгымдары 2 522 037,9 миң сом, атайын эсептин каражаттарынын чыгымдары 963 026,0 миң сом жана мамлекеттик инвестициялык каражаттардын чыгымдары 3 090 022,0 миң сом.

Аткаруу процессинде Министрликтин такталган бюджети 7 862 538,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен: бюджеттик каражаттардын чыгымдары 4 596 209,2 миң сом, атайын эсептин каражаттарынын чыгымдары 1 420 580,7 миң сом, мамлекеттик инвестициялык каражаттардын чыгымдары 1 845 748,7 миң сом.

Министрликтин бюджетинин иш жүзүндөгү аткарылышы 7 231 641,8 миң сомду (91,9 %) түзгөн, анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча - 4 203 316,8 миң сом же 91,4 %, атайын эсептин каражаттары боюнча 1 210 946,4 миң сом же 85,2 %, мамлекеттик инвестициялык каражаттары боюнча - 1 817 378,6 миң сомду же 98,5 % түздү.

Бюджеттик каражаттардын жетишсиз каржыланышы 2021-жылга 83 179,3 миң сомду, 2022-жылга 392 892,4 миң сомду түздү.

Мамлекеттик инвестициялык каражаттарынын жетишсиз каржыланышы 2021-жылга 167 676,5 миң сомду, 2022-жылга 28 370,1 миң сомду түздү. Жетишсиз каржылоонун себептери: донор-өлкөлөрдүн өтүнмөлөрүн узак убакытка координациялоо жана бекитүү; долбоордук жана башка документтерди өз убагында даярдабоо; долбоорду ишке ашыруунун

алкагында подрядчылар жана субподрядчылар тарабынан иш пландарын бузуулар жана башкалар.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине:**

Бекитилген сметаларга ылайык, атайын эсептердеги кирешелердин толук көлөмдө түшүшү камсыз кылынсын.

Бюджеттик каражаттардын 2021-жылга 83 179,3 миң сом, 2022-жылга 392 892,4 миң сом жетишсиз каржыланышы жана алардын таасирлери таризделсин.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Айыл чарба министрлигине каралган мамлекеттик каражаттардын чыгымдалышына толук жана сапаттуу талдоо жүргүзүлсүн.

Бюджеттик каражаттардын 2021-жылга 83 179,3 миң сомго, 2022-жылга 392 892,4 миң сомго жетишсиз каржыланышы жана алардын таасирлери таризделсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Мал чарбасын өнүктүрүү багытында Эл аралык каржы институттары тарабынан каржыланган Мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында бир катар эл аралык долбоорлор ишке ашырылган. Инвестициялык долбоорлордун консолидацияланган суммасы 108,3 млн. АКШ долларын же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ошол учурдагы курсу боюнча 6,6 миллиард сомду түзгөн.

Булар төмөндөгү долбоорлор:

- 2010-2014-жылдар аралыгында ишке ашырылган "Айыл чарба инвестициялары жана кызмат көрсөтүүлөр долбоору", долбоордун жалпы суммасы 32,2 млн АКШ долларын же 1,4 млрд сомду түзөт. Ишке ашыруу аймагы - республика боюнча;

- 2013-2019-жылдар аралыгында ишке ашырылган "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-I долбоору", долбоордун жалпы суммасы 25,8 млн АКШ доллары же 1,7 млрд сом. Ишке ашыруу аймагы - Ысык-Көл жана Нарын областтары;

- 2015-2019-жылдар аралыгында ишке ашырылган "Жайыттарды жана мал чарбачылыгын башкарууну жакшыртуу долбоору", долбоордун жалпы суммасы 11,0 млн АКШ долларын же 0,74 млрд сомду түзөт. Ишке ашыруу аймагы - Чүй жана Талас областтары;

- 2014-жылдан 2021-жылга чейин ишке ашырылган "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү-II долбоору", долбоордун жалпы суммасы 39,5 млн АКШ долларын же 2,7 млрд сомду түзөт. Ишке ашыруу аймагы Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары.

Долбоорлордун негизги максаты жайыттарды башкаруунун туруктуу системасын түзүү жана чакан үй чарбаларынын бакубаттуулугун жогорулатуу, ошондой эле аларды климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлаштыруу болгон.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер аткарылган:



- жайыттарды башкаруу системасын жакшыртууга катышкан жайыт пайдалануучулардын коомдук бирикмелеринин жана мамлекеттик органдардын потенциалын жогорулатуу;

- малдын өндүрүмдүүлүгүн жана жайыт жамааттарынын климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулугун жогорулатуу;

- ветеринардык кызматты өнүктүрүү аркылуу эпизоотиялык акыбалды жакшыртуу;

- айыл чарба продукциясынын кошумча нарк чынжырларын өнүктүрүү.

Айыл чарба министрлигинин долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн маалыматы боюнча, мыйзамдуу түрдө ратификацияланган Каржылоо макулдашууларына ылайык, ар бир долбоордун каражаттары төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталган:

| Аталышы | Бардыгы | |
|---|---|---|
| Бардыгы | АКШ доллары | сом |
| Товарлар, жабдуулар жана транспорт каражаттары, жумуштар | 16 569 242,42 | 804 762 420,57 |
| Тренингдер жана окуулар | 3 957 247,92 | 240 953 126,32 |
| Жергиликтүү консультациялык кызматтар (карта түзүү, жайыттарды изилдөө, санариптештирүү, техникалык консультанттар ж. б.) | 18 092 589,58 | 1 113 936 850,18 |
| Эл аралык консультациялык кызматтар (консультанттар, МЭБ менен кызматташуу ж.б.) | 1 669 178,37 | 94 112 720,42 |
| Бенефициарларга гранттар (АРИС аркылуу) | 62 147 554,59 | 4 023 032 833,25 |
| Операциялык чыгымдар (Ветеринардык инспекция, Жайыт департаменти, АПИУ, АРИС, Мал чарба институту, Агрардык университет ж.б.) | 5 864 187,12 | 338 392 049,26 |
| Жалпы жыйынтыгы | 108 300 000,00 | 6 615 190 000,00 |

Айыл чарба министрлигинин маалыматы боюнча, Мамлекеттик инвестициялар программасынын (МИП) алкагындагы долбоорлордон тышкары, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин тутумунда эл аралык институттар тарабынан гранттык негизде каржыланган техникалык жардам долбоорлору ишке ашырылууда, мисалга, Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр тарабынан, АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID); Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО); Япония Эл аралык Кызматташтык Агенттиги (JICA); Германия эл аралык кызматташтык боюнча уюму (GIZ); Корея Эл аралык Кызматташтык Агенттиги (KOICA) ж.б. мамлекеттик бюджет аркылуу эмес, түздөн-түз айыл чарбасына (Балык чарба департаментине, Органикалык айыл чарба департаментине, Мал чарба институтуна, Химиялаштыруу, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментине, Жайыттар департаментине, Ветеринария кызматына ж.б.), финансылык ресурстарды беришүүдө.

Ошол эле учурда, бул долбоорлорду ишке ашыруу үчүн бири-бири менен байланышпаган бөлүмдөр/долбоорлорду ишке ашыруу топтору түзүлгөн жана бул долбоорлорго Айыл чарба министрлиги тарабынан тиешелүү координация жок. Кээ бир инвестициялык долбоорлор бири-бирин кайталайт, бул каражатты натыйжасыз пайдаланууcуна алып келиши

ыктымал. Бул гранттык долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 19-июнундагы №389 "Кыргыз Республикасында эл аралык гранттык жана техникалык жардамдарды тартуу жана пайдалануу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен жөнгө салынат, мында Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлиги ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн бардык программаларынын жана долбоорлорун талдап, системалаштырып, мониторинг жүргүзүп, координациялап жана артыкчылыктарга ылайык туруктуу негизде аныктоочу кызмат/бөлүм жок. Айыл чарбасын ар кандай долбоорлор, фонддор жана өнүктүрүү боюнча өнөктөш уюмдар аркылуу каржылоо тийиштүү аналитикалык талдоосуз жана координациясыз ишке ашырылат.

Эл аралык финансы институттары тарабынан каржыланган долбоорлорду, ошондой эле гранттык жана техникалык жардам долбоорлорун башкаруу, мониторинг жүргүзүү жана ишке ашыруу системасын оптималдаштыруу максатында, аудит бардык эл аралык донордук уюмдардын долбоорлорун ишке ашырууну Айыл чарба министрлигинин бир түзүмүндө бириктирүүнү сунуштайт - тиешелүү кадрдык ресурстарга, долбоорлорду башкаруунун маалыматтык системасы, мониторингдин зарыл инструменттери бар айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүм болуш керек. Бул долбоорлорду ишке ашыруу, максаттарга жетүү жана долбоорлордун алкагында институционалдык тутум үчүн жооптуу болгон бирдиктүү түзүмүн аныктоого мүмкүндүк берет.

**Сунуштама**

Бардык эл аралык донордук уюмдардын долбоорлорун ишке ашырууну Айыл чарба министрлигинин бир түзүмүндө – Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүндө бириктирүү маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Министрликтин 2021-2022-жылдарга бюджети программалык бюджеттөө форматында бекитилген жана анда бюджеттик программалар, чаралар, каржылоо, натыйжалуулук көрсөткүчтөрү жана максаттуу маанилери каралган.

Министрликтин бюджетинин түзүмүндө 7 программа камтылган: 1) Башкаруу жана администрациялоо; 2) Мал чарбачылыгын мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү; 3) Өсүмдүк өстүрүүнү мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү; 4) Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздукту жана жаныбарлардын ден соолугун коргоону камсыз кылуу; 5) Мамлекеттик ирригациялык фонддун жана мелиорацияны колдоо жана өнүктүрүү; 6) Жер ресурстарын мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү; 7) Токой ресурстарын сактоону жана өнүктүрүүнү камсыз кылууну башкаруу.

Министрликтин программалык бюджетин иштеп чыгуу жана түзүү функциялары Финансы жана бухгалтердик эсеп башкармалыгына жүктөлгөн. Ал эми, мамлекеттик саясат жүргүзүү функцияларын түздөн-түз жүзөгө ашыруучу, айыл чарба, токой чарба, балык чарба, суу пайдалануу, жер



пайдалануу, жайыт пайдалануу, тамак-аш, кайра иштетүү өнөр жайы, айыл чарба рыногун жөнгө салуу, ички жана тышкы инвестицияларды тартуу боюнча тармактык бөлүмдөрү тартылган эмес.

Программалык бюджеттин аткарылышын талдоонун жыйынтыгында 6 программа, 14 бюджеттик чара, 35 индикаторлор толук аткарылбаганы аныкталды.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №436 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик программаларга мониторинг жүргүзүү жана бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө отчетторду берүү тартибин" бузуу менен, 2022-жылга бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнө жетишүү жөнүндө отчеттор сапатсыз, өз убагында берилбейт, отчеттордо пландык көрсөткүчтөрдөн четтөөнүн себептери көрсөтүлбөйт.

"Мал чарбачылыгын мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү" жана "Өсүмдүк чарбачылыгын мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү" Программаларында маалымат булагы катары бир гана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары колдонулган. "Мамлекеттик ирригациялык фондду жана мелиорацияны колдоо жана өнүктүрүү" программасы боюнча 5 чара боюнча маалымат булагы болуп, Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрүнүн отчеттору аныкталган.

"Мал чарбасын мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү" программасы боюнча 2022-жылга көрсөтүлгөн отчетко ылайык, такталган бюджети 351 665,1 миң сомго каралып, кассалык чыгымдар 338 120,1 миң сомду түзгөн же 96,1 %га каржыланган, 8 бюджеттик чара каралып, 16 максаттуу индикаторлор белгиленип, анын ичинен 3 индикатор аткарылган эмес.

"Өсүмдүк чарбачылыгын мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү" программасы боюнча такталган бюджети 405 300,4 миң сомду, кассалык чыгымдар 365 349,2 миң сомду түзгөн же 90,1 % каржыланган, 8 бюджеттик чара каралып, 29 максаттуу индикаторлор белгиленип, анын ичинен 10 индикатор аткарылган эмес.

"Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздукту жана жаныбарлардын ден соолугун коргоо" программасы боюнча такталган бюджети 708 639,5 миң сомду, кассалык чыгымдар 628879,6 миң сомду түзгөн же 88,0 %га каржыланган, 4 бюджеттик чаралар, 9 индикатор каралган, анын ичинен 6 индикатор аткарылган эмес.

"Мамлекеттик ирригациялык фондду жана мелиорацияны колдоо жана өнүктүрүү" программасы боюнча такталган бюджети 3 893 583,5 миң сомду, кассалык чыгымдары 3 612 223,1 миң сомду түзгөн же 92,8 %га каржыланган, 8 бюджеттик чаралар 18 индикаторлор каралган, анын ичинен 8 индикатор аткарылган эмес.

“Жер ресурстарын мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү” программасы боюнча такталган бюджети 1 378 601,4 миң сомду, кассалык чыгымдар 1 259 489,7 миң сомду түзгөн же 91,4 %га каржыланган, 5 бюджеттик чаралар, 11 индикаторлор каралган, анын ичинен 2 индикатор аткарылган эмес.

“Токой ресурстарын башкаруу, сактоо жана өнүктүрүү” программасы боюнча такталган бюджети 913 851,0 миң сомду, кассалык чыгымдар 838 826,6 миң сомду түзгөн же 91,8 %га каржыланган, 3 бюджеттик чаралар, 11 индикатор каралган, анын ичинен 3 индикатор аткарылган эмес, 2 индикатор боюнча натыйжалары аныкталган эмес.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-мартындагы №163 “2022-2024-жылдар мезгилине программалык бюджеттөөнү ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтому менен, “2022-2024-жылдар мезгилине программалык бюджеттөөнү ишке ашыруу жөнүндө” Убактылуу Жобону бузуу менен, 2022-жылга бюджеттик программаларын ишке ашыруунун натыйжалуулугун баалоонун натыйжалары боюнча 7 программанын ичинен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2 корутунду берилген:

- Мал чарба продукциясын өндүрүүнү мамлекеттик колдоо жана өнүктүрүү программасы 213,22 балл (орточо деңгээл) баа берилген;

- “Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздукту жана жаныбарлардын ден соолугун коргоо” программасы - 241,27 балл (жогорку деңгээл).

Калган 5 программа боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин корутундусу берилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-августундагы № 404 “Программалык негизде бюджеттөө жана бюджеттик ачык-айкындуулук чөйрөсүндөгү айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун (1, 2-тиркемелери) “Бюджеттик программаларга мониторинг жүргүзүү жана бюджеттик программалардын жана чаралардын натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө отчетторду берүү тартиптеринин” талаптарынын аткарылышы жана анын ичинде, четтөөлөрдүн себептерин, аткаруу тобокелдиктерин жана көрүлгөн чараларды түшүндүрүү менен натыйжалуулук көрсөткүчтөрдүн берилиши камсыздалсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Айыл чарба министрлигинин бюджетин түзгөн бюджеттик программаларды (чараларды жана индикаторлорду) пландаштырууга, аткарылышына жана натыйжалуулуктун индикаторлоруна талдоо, анын ичинде, отчетту өз убагында кароо жана программаны баалоонун натыйжалары боюнча корутунду берүү камсыздалсын.



**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Мыйзамынын 18-беренесинин 3-бөлүгүн жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Мыйзамынын 20-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, бюджеттик жана атайын эсептин каражаттарынан сый акылар жана материалдык жардам көрсөтүүлөр эсептелинип төлөнгөн, төмөндөгү мекемелерде:

*Сый акылар:*

- Министрликтин Борбордук аппаратында - 19828,9 миң сом, анын ичинде: 2021-жылы - 12398,8 миң сом, 2022-жылы 7430,1 миң сом; 2021-жылы РАӨБ – 4441,5 миң сом; Балык чарба департаментинде – 951,0 миң сом; Жайыт жана асыл тукум мал чарба департаментинде – 692,0 миң сом; Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинде - 1230,1 миң сом; Механикалаштыруу, инновациялык технологиялар жана кооперация башкармалыгында - 97,2 миң сом; Органикалык айыл чарба департаментинде – 467,5 миң сом; Өсүмдүктөрдүн карантини департаментинде- 4965,9 миң сом; Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде - 2840,3 миң сом; Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында - 756,4 миң сом; Суу ресурстары кызматынын борбордук аппаратында - 114,7 миң сом; Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында 2020-жылы - 2015,8 миң сом жана 2021-жылы - 3599,3 миң сом, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен 2021-жылы Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында 1785,3 миң сом; 2022-жылы бюджеттик каражаттардын эсебинен - 2255,9 миң сом; атайын эсептин каражаттарынын эсебинен 2022-жылы 3793,6 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы № 432 “Кыргыз Республикасынын илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөнүн жаңы системасын киргизүү жөнүндө” токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-январындагы № 18 “Кыргыз Республикасынын илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө” токтому белгилеген ченемдерин бузуу Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунда 2022-жылы 217,0 миң сомго аныкталган.

“Кыргыз токой жана мергенчилик чарбасы” мамлекеттик ишканасында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги № 201 “Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомун бузуу менен 2020-2021-жылдарга - 3004,8 миң сом өлчөмүндө сый акы негизсиз төлөнүп берилген.

“Кадастр” мамлекеттик мекемесинин борбордук аппаратында 2021-жылдын 11 айынын киреше планын ашыра аткаргандыгына

байланыштуу жана 2021-жылдын 4-кварталындагы иштин жыйынтыгы боюнча (эки эсе) сыйлыктар 3904,2 миң сом суммасында негизсиз чегерилген жана төлөнүп берилген (*аудит учурунда 3904,2 миң сом 2022-жылдын 21-декабрындагы 00Б3-123 б/б бюджетке которулган*).

*Материалдык жардамдар:*

2021-жылы Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында - 7050,5 миң сом; Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунун Түштүк аймагы боюнча өкүлчүлүгүндө - 1293,9 миң сом; Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында - 878,6 миң сом; 2022-жылы Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунда - 15,9 миң сом.

**Сунуштама**

Эмгек акынын шарттары боюнча ченемдик укуктук актыларда каралбаган бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептин каражаттарынын эсебинен сыйлыктарды жана материалдык жардамдарды төлөө практикасы токтотулсун.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамынын 18-беренесинин 3-бөлүгүн жана Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамынын 20-беренесинин 2-бөлүгүн үнөмдөлгөн каражаттарды пайдалануу бөлүгүнүн аткарылышын камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-Б буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын" бузуу менен Ветеринария кызматынын Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунда мал азыгын сатып алууга чыгымдар сметасында 2215 "Башка кызматтарга акы төлөө менен байланышкан чыгашалар" (ветеринардык изилдөөлөр үчүн эксперименталдык жаныбарлар үчүн тамак-ашты сатып алуу) беренесинде каралышы керек болсо, иш жүзүндө 2573,0 миң сом өлчөмүндө чыгымдар 2218 "Тамак-аш азыктары" беренеси боюнча каралып, сарпталган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

- Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринария кызматынын Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунун бюджетин түзүүдө жана аткарууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын" "Чыгашалардын экономикалык классификациясын" колдонуу тартибине ылайык, ветеринардык изилдөөлөр үчүн багытталган тажрыйба жүргүзүлүүчү жаныбарлар үчүн жем сатып алуу 2215 (22154900) "Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө байланыштуу башка чыгашалар" беренесинде каралышы камсыздалсын;



- Бюджеттик классификацияны (чыгымдардын экономикалык классификациясын) колдонууда бузууларга жол берген жоопту кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Акча каражаттарынын 284,8 миң сомдук кем чыгуулары аныкталган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин" "Кассалык китепти жүргүзүү" 4-главасынын 15-пункутун бузуу менен акча каражаттары кассалык китепке эсепке алынган эмес:

Кочкор РСЧБсында - 4,5 миң сом (*калыбына келтирилген*), Бакай-Ата токой чарбасында - 280,3 миң сом (*2023-жылдын 3-мартында аралык акт түзүлүп, укуктук баа берүү үчүн Талас областынын прокуратурасына КРЭПтин 2023-жылдын 7-мартындагы №01-9/74 каты менен жөнөтүлгөн*).

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун" "Бухгалтердик эсепке карата негизги талаптар" 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пункуту бузулуп, инвентаризациялоонун жыйынтыгында бухгалтердик эсеп боюнча:

Товардык-материалдык баалуулуктардын (мындан ары-ТМБ) кем чыгуулары 1635,9 миң сомду түздү, анын ичинен: 2021-жылга 117,3 миң сом, 2022-жылга 1518,6 миң сом. *Аудит учурунда 184,8 миң сом калыбына келтирилген, анын ичинен: 2021-жылга 85,6 миң сом; 2022-жылга 99,2 миң сом.* Калдыгы 1451,1 миң сом, анын ичинен: 2021-жылга 31,7 миң сом; 2022-жылга 1419,4 миң сом, анын ичинен:

- 2021-жылы төмөндөгү мекемелерде: Бишкек шаардык ветеринардык башкармалыгында - 3,8 миң сом, «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Каракол-Ак-Суу филиалында - 19,9 миң сом, Тоң РСЧБда - 8,2 миң сом, Ак-Талаа РСЧБда - 20,0 миң сом, Нарын БСЧБ - 14,9 миң сом, Баткен РСЧБда - 15,2 миң сом, Баткен БСЧБда - 3,6 миң сом (*аталган мекемелер боюнча аудит учурунда калыбына келтирилген 85,6 миң сомго*), Түп РСЧБда - 13,8 миң сом, Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында - 17,9 миң сом.

- 2022-жылы төмөндөгү мекемелерде: Манас РСЧБда - 2,1 миң сом, Найман суу сактагычынын канал топторунун башкармалыгында - 11,0 миң сом, Тоң РСЧБда - 5,5 миң сом (*аталган мекемелер боюнча аудит учурунда 18,6 миң сом калыбына келтирилген*); Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунун биотехнологиялык бөлүмүндө - 325,1 миң сом (*325,1 миң сомдук кем чыгуулар фактысы боюнча материалдар Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын кароосуна 2023-жылдын 7-августунда КРЭПтин чыгыш № 01-5/1059 каты менен жөнөтүлгөн*);

Баткен РВБ - 3,5 миң сом (*калыбына келтирилген*); негизги каражаттар: Кочкор РСЧБда 6 жылкы 72,6 миң сомдук (*аудит учурунда жылкылар базар баасында - 173,7 миң сом натуралай түрүндө ордуна коюлган*), Чүй токой-аңчылык чарбасында 10 баш жылкы 750,0 миң сомдук (*материалдар Токмок шаарынын прокуратурасына 2023-жылдын 30-майындагы № 01/1-3/209 каты менен жөнөтүлгөн*).

Жетишпестиктер Түп токой чарбасында 55,3 миң сомду (1 жылкы-52,0 миң сом, 58 кг мык-3,3 миң сом) - (*материалдар КРЭП тарабынан 2023-жылдын 1-июнунда №01-11/121 каты менен юридикалык баа берүү үчүн УКМКнын Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгына өткөрүлүп берилген*); Авлетим токой чарбасында (8 бал аары уюк) - 8,7 миң сомду түзгөн.

Аталган Жобонун "Жетекчинин жана башкы бухгалтердин жоопкерчилиги" 2-главасынын 1-параграфынын 7,8-пункттарын бузуу менен, Жерди жана сууну көзөмөлдөө кызматында жана Бакай-Ата токой чарбасында бухгалтердик эсептин жана ички көзөмөлдүн системасы уюштурулган эмес:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы №38 токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынан Жерди жана сууну көзөмөлдөө кызматына (мындан ары - ЖСКК) өткөрүлүп берилген, балансттык наркы жок, баштапкы баасы 316,8 миң сомдук ГАЗ 3110 мамлекеттик номери 19-33 ВС, 2003-жылы чыгарылган автоунаасынын бухгалтердик эсепте (башкы инспектор А.С.Тургумбаевдин материалдык жоопкерчилигинде болгон) жетишсиздиги ЖСКК 2022-жылдын 24-октябрындагы инвентаризациялоонун жыйынтыгында көрсөтүлгөн (*Өзгөн райондук прокуратурасына транспорт каражатынын жайгашкан жерин аныктама жана мамлекеттик менчик материалдык жоопкерчилигинде болгон башкы инспектор А.С.Тургумбаевге карата юридикалык баа берүү үчүн Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын 2022-жылдын 27-апрелиндеги №01/395 каты менен жөнөтүлгөн*);

*Эскертүү:* Бакай-Ата токой чарбасында 2018-жылдан баштап тийиштүү бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук документтери (эмгек акыны эсептөө жана төлөө боюнча документтери, кассадагы накталай акча каражаттарын эсепке алуу документтери, дебиторлор жана кредиторлор менен эсептешүү боюнча баштапкы документтер, негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын жүгүртүүлөрүн эсепке алуу журналдары ж.б.) жоктугуна байланыштуу шайкештик аудитин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк болгон жок.



**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" 3-главасынын 5-параграфынын 32-пункутуна ылайык, кем чыгуулар боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн. Төмөндөгү мекемелердеги кем чыгуулар ордуна коюлсун:

- 2021-жылга: Түп РСЧБда - 13,8 миң сом, Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында - 17,9 миң сом;
- 2022-жылга: Түп токой чарбасында 55,3 миң сом (1 жылкы-52,0 миң сом, 58 кг мык-3,3 миң сом), Авлетим токой чарбасында (8 бал аары уюк) - 8,7 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин" 4-главасынын 15-пункутун аткаруу Кочкор РСЧБда жана Бакай-Ата токой чарбасында камсыздалсын.

Бакай-Ата токой чарбасынын жетекчилиги тарабынан бухгалтердик эсепти жана отчеттук документтерди калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Жерди жана сууну көзөмөлдөө кызматында Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынан өткөрүлүп берилген балансттык наркы жок, баштапкы баасы 316,8 миң сомдук ГАЗ-3110 мамлекеттик номери 19-33 ВС, 2003-жылы чыгарылган автоунаасынын негизги каражаттарды эсептөөдө кем чыгуусунун ордуна коюлушу боюнча иш алып барылсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 3-главасынын 5-параграфынын 32-пункутунун бузулушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек шаардык ветеринардык башкармалыгында, «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Каракол-Ак-Суу филиалында, Тоң РСЧБда, Ак-Талаа РСЧБда, Нарын БСЧБ, Баткен РСЧБда, Баткен БСЧБда, Түп РСЧБда, Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында, Манас РСЧБда, Найман суу сактагычынын канал топторунун башкармалыгында, Тоң РСЧБда; Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунун биотехнологиялык бөлүмүндө; Чүй токой-аңчылык чарбасында, Түп токой чарбасынын Сары-Дөбө токойчулугунда; Түп токой чарбасында; Баткен РВБ; Авлетим токой чарбасында.

Төмөндөгү мекемелердеги кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин" 6-главасынын 27-пунктунун бузулушуна жол берген Кочкор РСЧБда жана Бакай-Ата токой чарбасында;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 2-главасынын 1-параграфынын 7, 8-пункуттарынын бузулушуна жол берилген Бакай-Ата токой чарбасында жана Жерди жана сууну көзөмөлдөө кызматында.

**Эмгек акы жана башка төлөмдөр**

***Штаттык бирдиктердин чегин сактоо***

Министрлик үчүн штаттык бирдиктеринин чеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндөгү" жана "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын (мындан ары – ТТП) штаттык санынын чеги жөнүндөгү" токтомдору менен 9069 бирдик аныкталган, анын ичинде: 7528 бирдик - негизги персонал жана ТТП - 1541 бирдик, анын ичинде: борбордук аппаратта 98 бирдик - негизги персонал жана ТТП - 16 бирдик; аймактык бөлүмдөрдө 173 бирдик - негизги персонал жана ТТП - 37 бирдик; ведомстволук бөлүмдөрдө 7257 бирдик - негизги персонал жана ТТП - 1488 бирдик.

2022-жылдын 1-январына карата штаттык бирдик 9072 бирдикти түзгөн, Айыл чарба министрлигинин 2021-жылдын 15-декабрындагы №434 буйругу менен Айыл чарба министрлигинин негизги, техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын бекитилген чектүү саны - 9072 бирдик, анын ичинде: негизги персонал - 7531 бирдик жана ТТП - 1541 бирдик.

**Эмгек акы жана башка төлөмдөр**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндөгү" токтомунун эселөө коэфициентин белгилөө бөлүгүн бузуу менен, Райондук агрардык өнүктүрүү бөлүмүндө инженерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн аныктоодо кызматтык маяналарга эселөө 1,55 коэффициентинин ордуна 2,06



коэффициенти белгиленип, 2021-жылы бюджеттик каражаттардан 1925,9 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама**

Райондук агрардык өнүктүрүү бөлүмдөрүндө инженер-техник кызматкерлерине эмгек акы төлөөдө республикалык бюджеттин негизсиз чыгымдары үчүн жооптуу кызматкерлерге тиешелүү чаралар көрүлсүн.

Кызматтык маяналар (оклад) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык бекитилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун "Милдеттенмелерди эсепке алуу" 8-главасынын 2-параграфынын 340-пункутун бузуу менен 2022-жылы:

- Түп токой чарбасында негизсиз түрдө, жумуш убактысын эсептөө табелин толтурбай жана эмгек акысын эсептебей туруп, эмгек акысын төлөө ведомостунан тышкары токой чарбасынын эки кызматкеринин "Айыл Банк" ААКсындагы карт эсебине 577,5 миң сом которулган (538,4 миң сому бюджеттик каражаттардан жана 39,1 миң сому атайын эсептин каражаттарынан), анын ичинде: бухгалтер Б.К. Кыдыровго - 64,2 миң сом *(2023-жылдын16-майында №355000072 квит. менен бюджетке кайтарылган)*, кароолчу Ж.Э. Кушкеевага - 513,3 миң сом. (*Түп токой чарбасындагы 2022-жылга аудиттин материалдары Ысык-Көл областы боюнча УКМКга 2023-жылдын 6-январындагы № 01-11/121 каты менен юридикалык баа берүү үчүн өткөрүлүп берилген).*

- Тоскоол-Ата токой чарбасында эмгек өргүүсүн эсептөөсүз, эмгек өргүүсүн берүү жөнүндө буйруксуз, 2 кызматкеринин карт эсептерине 65,6 миң сом акча каражаты сентябрь айында которулган;

- Арка токой чарбасында кызматкерине берилген 10,3 миң сом өлчөмүндөгү аванс кийинки эмгек акыдан кармалган эмес *(кызматкердин 2023-жылдын апрель айындагы эмгек акысынын эсебинен калыбына келтирилген)*.

- Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинде эмгек акысынын эсебинен берилген 4,4 миң сом аванс 2021-жылдын 15-апрелинде жумуштан бошотулган кызматкерден кармалган эмес;

- Баткен БСЧБнын мурдагы кызматкерине 3,1 миң сом эсептелинген эмгек акыдан ашыкча төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү

боюнча" жобонун 8-главасынын 2-параграфынын 332-пункутунун эмгек акыны кошуп эсептөө жана айдын экинчи жарымы үчүн төлөп берүү эсептөө-төлөө ведомосторун (форма № Т-49) толтуруу жана 335-пункутунун негизинде эсептешүү-төлөө жана төлөө ведомостторун түзүү жана текшерүү бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: Арка, Тоскоол-Ата жана Түп токой чарбаларында, Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинде жана БСЧБда.

Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинде эмгек акынын эсебинен берилген 4,4 миң сомдук жумуштан бошотулган кызматкерден кармалбаган авансты кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун "Милдеттенмелерди эсепке алуу" 8-главасынын 2-параграфы 340-пункутун бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Арка, Тоскоол-Ата жана Түп токой чарбаларында, Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинде жана Баткен БСЧБда.

***Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине,*** Тоскоол-Ата токой чарбасында негизсиз которулган 65,6 миң сом акча каражаты боюнча маалымат укуктук баа берүү үчүн өткөрүлүп берилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 13-ноябрындагы № 512 Жарлыгынын негизинде белгиленген бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акысына электр энергиясы үчүн кошумча төлөм менен (Орточо эмгек акысы 5000 (беш миң) сомдон ашкан учурда) айрым кызматкерлерге электр энергиясы үчүн 2021-жылы Кемин РСЧБда - 2,3 миң сом жана Сокулук РСЧБда - 1,8 миң сом кошумча төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кемин РСЧБда жана Сокулук РСЧБда, кызматкерлердин эмгек акысына электр кубаты үчүн кошумча акы төлөөлөр, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 13-ноябрындагы №512 Жарлыгынын 1-пункутуна ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылга Ысык-Көл РСЧБда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун 4-бөлүмүнүн 15-пункутун бузуу менен, атайын каражаттардын эсебинен 6 (алты) кызматкерге штаттык тизмеде каралбаган кызматтык милдеттерди аткаргандыгы үчүн (кассир, архивист, конкурс (тендер) боюнча адис) кызматтык маяналардын 30 % өлчөмүндө жалпысынан 132,2 миң сом үстөк акы төлөнүп берилген.



**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун 4-бөлүмүнүн 15-пункутуна ылайык, Ысык-Көл РСЧБда штаттык тизмеде турган кызматкерлерге атайын каражаттардын эсебинен үстөк акы төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги №197 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" токтомун (Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин Суу чарба жана мелиорация департаментинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрү 3-тиркеме) бузуу менен, техникалык тейлеп иштеген кызматкерлердин иштеген жылдары үчүн пайыздык кошумчаларынын өлчөмдөрү туура эмес белгиленген, 2021-жылга-Ала-Бука РСЧБда - 130,5 миң сом, Сузак РСЧБда - 19,5 миң сом; Лейлек РСЧБда - 16,9 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомун (3-тиркеме) бузуу менен, 2022-жылга техникалык тейлеп иштеген кызматкерлердин иштеген жылдары үчүн каралбаган пайыздык үстөктөр төлөнгөн, төмөндөгү мекемелерде: Базар-Коргон РСЧБда - 66,9 миң сом, Ноокен РСЧБда - 176,4 миң сом, Тогуз-Торо РСЧБда - 64,4 миң сом, Токтогул РСЧБда - 34,8 миң сом, Чаткал РСЧБда - 37,1 миң сом, Баткен БСЧБда - 19,6 миң сом.

Органикалык айыл чарба Департаментинде 2022-жылдын 4-ноябрындагы №53 буйругу менен, укуктук ченемдик актыларда каралбаган техникалык кызматкерлердин кызматтык маяналарына үстөк акы 50 %га көтөрүлүп, 264,4 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө токтомуна (35-тиркеме) ылайык, мамлекеттик кызматчы болуп саналбаган кызматкерлеринин иштеген жылдары үчүн пайыздык акы төлөө бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын: Ала-Бука РСЧБда, Сузак РСЧБда, Лейлек РСЧБда.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 3-тиркемесине ылайык техникалык тейлеп иштеген кызматкерлердин иштеген жылдары үчүн үстөктөрдүн өлчөмдөрү белгиленсин, төмөндөгү мекемелерде: Базар-Коргон РСЧБда, Ноокен РСЧБда, Тогуз-Торо РСЧБда, Токтогул РСЧБда, Чаткал РСЧБда, Баткен БСЧБда.

Органикалык айыл чарба Департаментинде кызматкерлерине ченемдик укуктук актыларда каралбаган эмгек стажы үчүн негизсиз пайыздык үстөк төлөө токтотулсун.

Финансылык бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомун бузуу менен, техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык саны ашыкча белгиленген төмөндөгү мекемелерде:

- райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарында (мындан ары - РАӨБ) 2021-жылы 40,5 бирдик, анын ичинде: 40 бирдик жыйноочулар жана 0,5 ставкада кароолчу, аларды кармоого чыгымдар 5101,8 миң сомду түзгөн; 2022-жылы - 3 бирдик, 794,7 миң сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 токтомунун 3-тиркемесинин 2-пункутун бузуу менен, АӨРБдө башкаруу органдарынын штаттык бирдиктеринин минималдуу ченемдерин сактабастан юридикалык жак формасында түзүлгөн. Юридикалык жак статусуна ээ болгон мамлекеттик органдардын райондук башкармалыктары үчүн минималдуу ченемдер 9 бирдикте белгиленген. Демек, иш жүзүндө 4-6 штаттык бирдикти түзгөн райондук бөлүмдөр бөлүмчөлөр түрүндө түзүлүүгө тийиш.

- Министрликтин аймактык бөлүмдөрүндө мамлекеттик кызмат орундарынын ченемдик түзүмү сакталбайт. Алсак, негизги персоналдын саны (башкы адистер, жетектөөчү адистер жана адистер) 133 бирдикти түзөт, норма боюнча 129,75 бирдикти түзөт, же 3,25 бирдикке көбүрөөк. Негизги персоналдын саны менен 129,75 бирдик башкы адистердин кызмат орундарынын саны 52 бирдикти түзүүгө тийиш (40 %), иш жүзүндө 55 бирдикти түзөт (42,4 %).

Ошондой эле, кызмат орундарына бекитилген ченемди сактабагандыктын натыйжасында бюджеттик каражаттардын натыйжасыз пайдаланылышына жол берилген: Органикалык айыл чарба департаментинде -184,0 миң сом; Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо



жана карантини департаментинде -538,2 миң сом; Базар-Коргон РВБда - 28,7 миң сом; Чоң-Алай РВБда - 36,4 миң сом; Ала-Бука РВБда- 204,7 миң сом; Ветеринардык дары-дармектерди жана тоют кошумчаларын каттоо жана сертификациялоо департаментинде башкаруучу персоналдын ченеми негизги штаттын 25 % же 3 бирдигин түзгөн мамлекеттик кызмат орундарынын ченемдик түзүмү сакталган эмес, иш жүзүндө 4 бирдик, анда ашыкча 1 бирдикти түзсө, башкы адистердин кызмат орундары үчүн ченем менен 40 %га чейин же 4 бирдик, иш жүзүндө 1 бирдик же 3 бирдикке аз, жетекчи адистердин ченеми стандарт боюнча 40 процентке чейин же 5 бирдикти түзөт, иш жүзүндө 6 бирдик, же 1 бирдикке көбүрөөк, жана адистер үчүн ченем 20% жана андан жогору болсо, иш жүзүндө 3 бирдикти түзөт.

Түзүмүндө бөлүмдөр жок болгонуна карабастан, бөлүм башчылардын кызмат орундары Ала-Бука РСЧБ аппаратында 4 бирдик, линиялык кызматта 9 бирдик бекитилди. Иш жүзүндө бөлүм башчыларынын кызматтарын РСЧБ аппаратында ремонттук-курулуш бөлүмүнүн начальниги (бөлүм жок болгон учурда), суу пайдалануу бөлүмүнүн начальниги (бөлүмдө 2 гана кызматкер), башкы механик жана энергетик, линиялык кызмат боюнча 1-категориядагы инженерлер ээлейт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чектүү саны жөнүндө" токтомуна ылайык келтирилсин, анын ичинде: техникалык жана тейлөөчү кызматкерлерин:

- РАӨБдө техникалык жана тейлөөчү персоналынын саны;
- РАӨБдө мамлекеттик кызмат орундарынын ченемдик түзүмүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын чектүү штаттык саны жөнүндө" токтомуна ылайык, Ветеринардык дары-дармектерди жана тоют кошумчаларын каттоо жана сертификациялоо департаментинде, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде, Органикалык айыл чарба департаментинде; Базар-Коргон райондук ветеринардык башкармалыгында; Чоң-Алай райондук ветеринардык башкармалыгында, Ала-Бука райондук ветеринардык башкармалыгында мамлекеттик кызмат орундарынын белгиленген ченемдик түзүмү сакталсын.

Финансылык тартип бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка

мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунда (ВДЭБ) борборлоштурулган бухгалтердик эсепке алууда Экономикалык өнүктүрүү борборунун түштүк аймагы боюнча өкүлчүлүгүндө бухгалтердик эсеп, пландоо жана мамлекеттик сатып алуулар бөлүмүнүн жетектөөчү адисинин (бухгалтер) кошумча 1 бирдиги негизсиз камтылган, кармоого негизсиз чыгымдар 274,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна ылайык, Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборуна караштуу Экономикалык өнүктүрүү борборунун түштүк аймагы боюнча бухгалтердик эсеп, пландоо жана мамлекеттик сатып алуулар бөлүмүнүн жетектөөчү адисин негизсиз кармап туруу токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомдун 15-пункутун бузуу менен Баткен РСЧБ тарабынан негизсиз түрдө атайын каражаттардын эсебинен сатып алуулар боюнча адистин 1 бирдиги камтылган, штаттык жүгүртмөдө каралбаган айлык эмгек акы фондусу 8,4 миң сом болгон. 2021-жылы сатып алуулар боюнча адисти кармоо үчүн 109,9 миң сом эмгек акы негизсиз чегерилип, төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобонун" 15-пункутуна ылайык, Баткен РСЧБда штаттык бирдиктерди атайын эсептин каражаттарынан кармоо токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 159-беренесинин

5-абзацын бузуу менен 2022-жылы Кара-Дарыя, Сыр-Дарыя жана Аму-Дарыя бассейндик суу чарба башкармаларында эмгек өргүүсүн төлөө үчүн орточо эмгек акыны жана пайдаланылбаган эмгек өргүүлөрү үчүн компенсацияларды туура эмес аныктоонун натыйжасында 8 кызматкерге жалпы суммасы 5,9 миң сом төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы № 642 токтому менен бекитилген "Эмгек акынын орточо өлчөмүн



эсептөөнүн Эрежесинин 4-пункутун бузуу менен Тоскоол-Ата токой чарбасында 4 кызматкерге жалпы суммасы 31,7 миң сом; 2022-жылы Базар-Коргон райондук ветеринардык башкармалыгында 6 кызматкерге - 11,8 миң сом *(калыбына келтирилген)*; "Кадастр" ММнин Баткен филиалына - 111,8 миң сом төлөнгөн (*калыбына келтирилген*).

2022-жылы Тоскоол-Ата токой чарбасынын кызматкери Т. Акматалиевага жүйөлүү себептерсиз жумуш ордунда жок болгон учурда 171,3 миң сом эмгек акы чегерилген. Токой чарбанын жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык иш берүүчүнүн демилгеси боюнча жумушка келбегендигине байланыштуу эмгек келишимин бузууга чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматына:**

Тоскоол-Ата токой чарбасында 31,7 миң сом ашыкча төлөнгөн эмгек өргүү акысы калыбына келтирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин эмгек өргүүсүн төлөө жана пайдаланылбаган эмгек өргүүсүнө компенсация төлөп берүү боюнча талаптары так сакталсын.

Финансылык тартип бузууларга жол берген кызматкерлерге тартиптик жаза колдонуу каралсын.

Мындан ары, Тоскоол-Ата токой чарбасында, Базар-Коргон райондук ветеринардык башкармалыгында, "Кадастр" ММнин Баткен филиалында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 25-ноябрындагы №642 "Эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн Эрежелери жөнүндөгү" токтому менен бекитилген эмгек акынын орточо өлчөмүн эсептөөнүн эрежеси так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек шаарындагы филиалында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды (иштерди) көрсөтүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын аткарбагандыгы менен кызмат көрсөтүүлөрдүн (иштердин) наркына материалдык жардам негизсиз киргизилген. 2021-жылга жалпысынан 10640,4 миң сом материалдык жардам негизсиз эсептелинип төлөнгөн.

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин 2020-жылдын 14-февралындагы №30 "Эмгек акы төлөөнүн ченемдик фондун бекитүү жөнүндө" буйругу менен "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек шаары боюнча филиалы тарабынан эмгек акынын ченемдик фондусу иш жүзүндөгү аткарылган иштердин көлөмүнүн 70 % өлчөмүндө бекитилген, ошол эле учурда "Кадастр" ММнин бардык башка филиалдары үчүн макулдашылган тарифтер боюнча 65 % өлчөмүндө белгиленген.

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек шаардык филиалы үчүн эмгек акы фондун пайдалануунун белгиленген ченемин бузуу менен эмгек

акынын ченемдик фондусу аткарылган иштердин иш жүзүндөгү көлөмүнөн 65 % эмес, 70 % өлчөмүндө аныкталган. Натыйжада, 2020-жылга эмгек акы фондунан 563,4 миң сомго жана 2021-жылга 815,6 миң сомго жана Социалдык фондго чегерүүлөр 237,9 миң сомго, бардыгы 1616,9 миң сомго белгиленген нормадан ашыкча сарпталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 5-апрелиндеги №13 буйругу менен макулдашылган "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин аймактык органдары тарабынан аткарылган иштерге баалардын прейскурантын бузуу менен жана "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин 2019-жылдын 19-декабрындагы № 61 буйругу менен 2022-жылы эмгек акынын ченемдик фонду иш жүзүндөгү аткарылган иштин көлөмүнөн 65 % өлчөмүндө каралган, эмгек акы фондун белгиленген ченемден жогору пайдалануу төмөнкүдөй болду:

- Борбордук аппаратта бардыгы болуп 74 756,7 миң сом, анын ичинде: "Эмгек акы" 2111-беренеси боюнча - 66 229,5 миң сом, "Социалдык фондго төгүмдөр" 2121-беренеси боюнча – 8527,2 миң сом.
- "Кадастр" ММнин 28 филиалында бардыгы болуп 18917,8 миң сом, анын ичинен: эмгек акы – 16134,6 миң сом жана Социалдык фондго чегерүү – 2783,2 миң сом.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Баалардын прейскурантында бекитилген белгиленген ченемдери так жетекчиликке алынсын жана эмгек акы фондусун ченемден ашыкча пайдаланууга жол берилбесин.

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин жетекчилиги, Эмгек акы фондун түзүүдө, "Эмгек акы" жана "Социалдык фондго төгүмдөр" беренелери боюнча чыгашаларды бекитүүдө, тактоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги тарабынан бекитилген жана макулдашылган эмгек акы фондун түзүүнүн ченемдеринин сакталышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" Жарлыгын бузуу менен, Ноокен райондук ветеринардык башкармалыгында бекитилген кызматтык, нөөмөттүк автомобиль бекитилип берилгенине карабастан, жетекчилерге транспорттук чыгымдар үчүн айына 2000 сомдон төлөнүп, 8,0 миң сом төлөнгөн (*март айы үчүн эмгек акыдан кармалып, бюджетке калыбына келтирилген*).



**Сунуштама**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгындагы транспорттук чыгымдардын компенсациясын төлөө талаптары Ноокен райондук ветеринардык башкармалыгында так аткарылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Тоскоол-Ата токой чарбасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 токтому менен бекитилген жөлөкпулдардын өлчөмүн аныктоонун тартиби каралган "Убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөкпулду, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндөгү" Жобонун 37-2 пункутун бузуу менен, убактылуу эмгекке жарамсыздыгы боюнча токой чарбасынын башкы бухгалтерине 2022-жылы 13,9 миң сом суммасында жөлөкпул ашыкча чегерилген (100 % өлчөмүндө төлөнгөн, он биринчи жумуш күнүнөн кийин - айына 50 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө төлөнүшү керек).

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматына:**

Тоскоол-Ата токой чарбасында убактылуу эмгекке жарамсыздыгына ашыкча чегерилген 13,9 миң сом суммасындагы жөлөкпулду бюджетке өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылы кызматкерлердин кызматтык окладдын маянасы туура эмес белгиленгендигине байланыштуу, төмөндөгү филиалдардын эмгек акы фондусунан негизсиз чыгымдар жүргүзүлгөн: "Кадастр" ММнин Өзгөн филиалында – 768,6 миң сом, Ноокат филиалында – 624,3 миң сом, Араван филиалында - 635,5 миң сом.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Ведомстволук бөлүмдөрдүн эмгек акыга негизсиз чыгымдарына жол бербөө үчүн көзөмөл камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

"Кадастр" ММнин борбордук аппаратында, кызматкерлердин эмгек акысын төлөө шарттарында каралбаган күнүнө 280 сом өлчөмүндө тамак-ашына жана 20 сом өлчөмүндө жол кире акысына кошумча төлөмдөр белгиленген, натыйжада атайын каражаттардын эсебинен кызматкерлердин тамак-ашына жана жол киресине негизсиз чыгымдар 2020-жылы 4443,6 миң сомду, 2021-жылы 3976,5 миң сомду, 2022-жылы 4832,6 миң сомду түзгөн.

"Кадастр" ММнин 2021-жылдын 4-майындагы №143 буйругу менен, "Кадастр" ММнин филиалдарынын иш кагаздарын жүргүзүүчү

кызматкерлеринин кызматтык маянасына эмгек акы төлөө шарттарында каралбаган негизсиз 1,3 коэффициент белгиленген же 2021-жылы "Кадастр" ММнин эмгек акы фондунан 1309,9 миң сом негизсиз төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Эмгек акы төлөө шарттарында каралбаган жол киресине жана тамак-ашына төлөмдөр токтотулсун.

Филиалдардын иш кагаздарын жүргүзүүчү кызматкерлеринин кызматтык маянасы эмгек акы төлөөнүн белгиленген шарттарына ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун календардык жылдын акырына карата орточо айлык эмгек акы фондусунун өлчөмүндө он үчүнчү эмгек акыны төлөөнү аныктаган 5-пункутун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы №792 токтому менен бекитилген, "Он үчүнчү эмгек акыны эсептөө тартибинин" 1-пункутун бузуу менен 1629,6 миң сом өлчөмүндө негизсиз чыгашаларга жол берилген: С.Ибраимов атындагы Папан суу сактагычынын башкармалыгында орточо айлык эмгек акынын фондусу туура эмес аныкталгандыктан - 234,5 миң сом, "Мамлекеттик картография" ММде ар бир кызматкерге 13-эмгек акысынын орточо айлык акысын аныктоодо 18 кызматкерге - 176,0 миң сом ашыкча төлөнүп берилген; ошондой эле Суу чарба кызматында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 8-главасынын 2-параграфынын 346-пункутун бузуу менен сыйлыктарды эсептөө үчүн негиз болгон бюджеттик мекеменин жетекчисинин буйругусуз, 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча 1008,3 миң сом он үчүнчү эмгек акы негизсиз төлөнгөн жана бул суммага камсыздандыруу төгүмдөрү 210,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Эмгек акынын шарттары боюнча ченемдик укуктук актыларда каралбаган бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептин каражаттарынын эсебинен сыйлыктарды жана материалдык жардамдарды төлөө практикасы токтотулсун.

С.Ибраимов атындагы Папан суу сактагычынын башкармалыгында жана "Мамлекеттик картография" мамлекеттик мекемесинде он үчүнчү эмгек



акыны эсептөө үчүн орточо айлык эмгек акынын фондусун аныктоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы №792 токтому менен бекитилген, "Он үчүнчү эмгек акыны эсептөө тартиби" жетекчиликке алынсын.

Суу чарба кызматында сыйлыктарды чегерүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобонун" 8-главасынын 2-параграфынын 346-пункутунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Суу пайдалануучулар ассоциациясын колдоо жана өнүктүрүү бөлүмүнүн балансында кызматтык автотранспорт жок болгондугуна карабастан, штаттык ыраатамасында айдоочулардын 36 бирдиги каралган, аларды күтүү үчүн бюджеттен 6581,6 миң сом чыгымдалган, анын ичинде: 2021-жылы эмгек акыга чыгымдар – 4204,2 миң сом, Социалдык фондго чегерүү – 630,5 миң сом; 2022-жылы - 1508,2 миң сом, Социалдык фондго чегерүү 238,7 миң сом.

**Сунуштама**

Суу пайдалануучулар ассоциациясын колдоо жана өнүктүрүү боюнча аймактык бөлүмдөрдүн балансында кызматтык автотранспорт жок болгондугуна байланыштуу штаттык ыраатамасында 36 бирдик айдоочуларды мындан ары күтүү маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндөгү" токтомун бузуу менен, жумуш ордуна аттестациялоо жүргүзүлбөгөн же жумуш ордун аттестациялоонун натыйжалары жетекчилик тарабынан каралбаган; эмгек шарттарын жана коопсуздукту жакшыртуу боюнча эч кандай чаралар көрүлбөгөн, өзгөчө эмгек шарттары бар Типтүү тизмегине ылайык (оор, зыяндуу, кооптуу же башка өзгөчө эмгек шарттары бар жумуштардын, өзгөчө климаттык шарттар менен иштөө) өзгөчө иштердин эмгек шарттары, оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жумуштардын жылдык Тизмеги жок, иш орундарын аттестациялоодон өткөндөн кийин жетекчиликтин буйругусуз жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын протоколдору жок, натыйжада негизсиз чыгымдар 1345,8 миң сомду түзгөн, анын ичинде: Айыл чарба министрлигинин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгында (РАӨБ) - 199,9 миң сом (2021-жылы); Ат-Башы райондук ветеринардык башкармалыгында 13 кызматкерге жумуш ордун аттестациялоодон өтпөстөн 359,4 миң сом; компьютерде иштөөнүн зыяндуу шарттары үчүн кошумча акы

жокко чыгарылгандан кийин (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна ылайык күчүн жоготкон, 2022-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирген) компьютерде иштөөнүн зыяндуу шарттары үчүн негизсиз кошумча төлөм төлөнүп берилген: Кочкор РСЧБда 9 кызматкерге жалпы суммасы 23,5 миң сом, “Кадастр” ММде жалпы суммасы 382,0 миң сом, анын ичинен: “Кадастр” ММсинин борбордук аппаратында 241,5 миң сом, Панфилов филиалында 17,5 миң сом, Ысык-Ата филиалында 33,9 миң сом, Жайыл филиалында 28,5 миң сом, Москва филиалында 29,4 миң сом, Ала-Бука филиалында 16,1 миң сом, Бишкек филиалында 15,1 миң сом; «Кыргызгипрозем» МИде 6 адиске негизсиз, эмгектин өзгөчө шарттары бар жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, коркунучтуу жана башка өзгөчө шарттардагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) Типтүү Тизмесинде жок түрлөрү үчүн 93,4 миң сомго, Алайку токой чарба ишканасына - 36,5 миң сом өлчөмүндө; Жети-Өгүз райондук ветеринардык бөлүмүнүн 4 кызматкерине 81,0 миң сомго, Ат-Башы райондук ветеринардык бөлүмүнүн 11 кызматкерине 170,1 миң сомго кошумча төлөмдөр белгиленген.

Нарын токой чарбасында аталган Жобонун 2-тиркемесинин 34-пунктунун (Эмгек шарттары оор жана зыяндуу жумуштардын түрлөрү); 3-пункутчасында көрсөтүлгөн уулуу химикаттарды, гербициддерди жана арборициддерди чачуу иштери жүргүзүлбөгөндүгүнө карабастан, токой чарбасынын кызматкерлерине 15 % өлчөмүндө зыяндуулук үчүн жалпы 756,3 миң сом кошумча төлөмдөр төлөнгөн, анын ичинен: 2020-жылга 384,1 мин сом, 2021-жылга 372,2 мин сом. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы аймактарда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү” токтомуна ылайык, зыяндуулук үчүн кошумча төлөмдөрдүн үстүнө 50 % райондук коэффициент 378,1 мин сом кошуп эсептелинип төлөнгөн, анын ичинде 2020-жылга 192,0 мин сом, 2021-жылга 186,1 мин сом төлөнгөн. Жыйынтыгында, негизсиз кошумча төлөмдөр жалпы 1134,4 миң сомду (756,3 миң сом жана 378,1 мин сом) түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын Типтүү тизмегине (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) кирбеген кызматтарга зыяндуулугу үчүн негизсиз үстөк акы төлөө токтотулсун.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 токтомунун 42-бөлүмүнүн 1-параграфынын 17-пунктуна ылайык (2022-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирген) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын



Типтүү тизмегинин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар), компьютерде иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун.

Оор жумуштарда жана эмгек шарты зыяндуу же кооптуу жумуштарда иштегендиги үчүн эмгек акыга негизсиз кошумча төлөмдөрдү төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-августундагы №507 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-майындагы № 240 “Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлерине “Эл” жана “Эмгек сиңирген” деген ардактуу наамдар үчүн үстөк акылар жөнүндө” токтомуна чечмелөө токтомунун талаптарын бузуу менен Департаменттин директору Т.А. Айдаралиевге “Айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер” ардактуу наамы үчүн эмгек акыга негизсиз 5,7 миң сом төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинде, “Айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер” ардактуу наамы үчүн төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-августундагы №507 токтомунда белгиленген ченемдерге ылайык келтирилсин.

Мындан ары, кызматтык маяналарга үстөк акыларды белгилөөдө жана төлөөдө эмгекке акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын талаптары так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-апрелиндеги №201 “Токой жана аңчылык чарбаларынын, мамлекеттик жаратылыш коруктарынын жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомун бузуу менен (*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү” токтому менен күчүн жоготкон* (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна, 2022-жылдын 1-августунан тартып күчүнө кирген), тиешелүүлүгүнө карай 2020, 2021 жана 2022-жылдарга Токой кызматында -25,9 миң сом жана 24,3 миң сом, анын чарбаларында: Фрунзе - 31,6 миң сом жана 37,4 миң сом; Чаткал - 49,4 миң сом, 59,9 миң сом жана 51,9 миң сом; Токтогул - 20,2 миң сом жана 19,6 миң сом; Тогуз-Торо - 28,4 миң сом, 46,7 миң сом жана 22,9 миң сом; Авлетим - 71,4 миң сом жана 70,7 миң сом; Аксы - 36,3 миң сом

жана 27,6 миң сом; Аркыт - 54,7 миң сом жана 46,6 миң сом; Тоскоол-Ата – 52,5 миң сом, 27,6 миң сом жана 13,3 миң сом; Алайкуу - 17,1 миң сом, 17,9 миң сом жана 6,6 миң сом; "Ош Токой чарбасы" МИ - 4,2 миң сом жана Чүй - 20,7 миң сом, баардыгы 670,2 миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматына:**

Токой кызматында кенже тейлөөчү персоналга каралбаган үстөк акыларды төлөө токтотулсун, иштеген жылдары үчүн үстөк акынын өлчөмүн белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" токтому жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды жана кортунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги №197 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" токтомунун (25-тиркеме) иштеген жылдары үчүн пайыздык кошумчалардын өлчөмдөрү бөлүгүн бузуу менен, (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" токтомуна ылайык күчүн жоготту), кенже тейлөөчү жана техникалык персоналдарга Аксы РСЧБда - 145,3 миң сом, Ала-Бука РСЧБда - 43,9 миң сом, Сузак РСЧБда - 10,7 миң сом, Манас РСЧБда - 7,9 миң сом төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" токтомунун (35-тиркеме) пайыздык үстөк акы төлөө бөлүгүнүн аткарылышы Аксы РСЧБда, Ала-Бука РСЧБда, Сузак РСЧБда, Манас РСЧБда камсыздалсын.

Кенже тейлөөчү персоналынын стажын туура эмес аныктаган кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Эмгектин сапатын жана эмгектин натыйжаларын, ошондой эле өндүрүштүн кызыкчылыктарын эске алуу менен жогорку квалификация үчүн



эмгек акынын 50 пайызга чейинки өлчөмүндө үстөк акыны белгилөө укугун караган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №407 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик бюджеттен каржылануучу уюмдарда ишкана жетекчисине, анын орун басарларына жана башкы бухгалтерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" жобонун 10-пунктун бузуу менен (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна байланыштуу күчүн жоготкон), эмгекке акы фондундагы үнөмдөлгөн каражаттардын суммасын эсептебестен, кошумча эмгек акылар төлөнүп берилген: 2022-жылы Баткен БСЧБда – 76,4 миң сом, Баткен РСЧБда - 171,8 миң сом, С. Ибраимов атындагы Папан суу сактагычынын башкармалыгында - 142,3 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" токтомунун талаптары Баткен БСЧБда, Баткен РСЧБда, С. Ибраимов атындагы Папан суу сактагычынын башкармалыгында сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Ак-Талаа райондук ветеринардык башкармалыгында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндөгү" токтомун бузуу менен, (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтому менен күчүн жоготкон) кароолчуга отпускага чыкканда от жаккычтын ордун айкалыштырып иштегендиги үчүн ден соолукту чыңдоого жөлөкпул төлөнүп, анын натыйжасында 6,6 миң сом суммасында негизсиз ашыкча төлөөгө жол берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун жөлөкпул төлөөгө карата талаптарын сактоо, Ак-Талаа райондук ветеринардык башкармалыгында камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө"

токтомун (№2 тиркеме) бузуу менен, эмгек стажын туура эмес аныктагандыктан, үстөк акыларды негизсиз төлөп берүүлөр: Жумгал РСЧБда 2021-жылга - 97,3 миң сомду; 2022-жылы - 58,6 миң сомду; Ак-Талаа райондук ветеринардык башкармалыгында - 41,5 миң сомду түзгөн; Арка-Токой токой чарбасынын 3 кызматкерине негизсиз түрдө (кызматтык маянасына 10 % өлчөмүндө ай сайын төлөнүүчү үстөк акыдан сырткары) белгиленип, мындан тышкары эмгек өргүү акысын эсептөөдө райондук коэффициент колдонулуп, натыйжада 11,7 миң сом ашыкча чегерилген (*аудит учурунда калыбына келтирилген*).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы аймактарында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына ай сайын үстөк акы төлөө үчүн эмгек стажын белгилөөнүн жана эсептөөнүн тартибинин" сакталышы Жумгал РСЧБда; Ак-Талаа райондук ветеринардык башкармалыгында; Арка-Токой токой чарбасында камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Тоскоол-Ата токой чарбасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндөгү" токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобону бузуу менен, 2021-жылы атайын каражаттардын эсебинен чарба башчысына иш стажы үчүн 9,4 миң сом өлчөмүндө үстөк акы негизсиз төлөнүп берилген.

"Кадастр" ММнин Сокулук филиалында Р. Жумагуловго 8,8 миң сом өлчөмүндө эмгек стажы үчүн ашыкча төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматына:**

Тоскоол-Ата токой чарбасында атайын эсептин каражаттары пайдаланылышы 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун негизинде так жүргүзүлсүн.



**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

"Кадастр" ММнин Сокулук филиалында Р. Жумагуловдун эмгек акысынан ашыкча төлөнгөн 8,8 миң сом үстөк акчасы белгиленген тартипте кармалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 5-пунктун бузуу менен, 2021-жылы Органикалык айыл чарба департаментинде директору Ж.Т. Бакированын "Тамак-аш продуктыларын сатып алуу" беренесинин каражаттарынын эсебинен карт эсебине 127,0 миң сом негизсиз которулган.

- Аталган жобонун 5-параграфынын 176-пунктун бузуу менен адистештирилген уюмдар тарабынан берилген (иштин бул түрүнө лицензиясы бар) техникалык экспертизанын актысы жок жана компьютердик жана көчүрмөлөөчү техникадан алынуучу негизги тетиктерди жана агрегаттарды андан ары пайдалануу мүмкүнчүлүгүсүз, негизсиз эсептен чыгарылган: 2021-жылы Сокулук РАӨБда Жайыл районунун Сонун билим берүү борбору мекемесинин корутундусунун негизинде 26,6 миң сом (3 компьютер) өлчөмүндө, Чаткал РАӨБда - 20,2 миң сом (компьютер, факс);
- Аталган жобонун 11-параграфынын материалдык баалуулуктарды өз убагында балanska кириштөө бөлүгүн бузуу менен балanska кириштелбей, тике чыгым катары күйүүчү-майлоочу майлар (КММ) эсептен чыгарылган, 2021-жылы Ак-Талаа райондук ветеринардык башкармалыгында 42,5 миң сом (*текшерүүнүн жүрүшүндө 42,5 миң сом КММ кириштөө боюнча тиешелүү бухгалтердик операциялар жүргүзүлгөн*) жана Ат-Башы райондук ветеринардык башкармалыгында - 124,7 миң сом, 2022-жылы Жети-Өгүз райондук ветеринардык башкармалыгында 62,2 миң сомго (*текшерүүнүн жүрүшүндө 62,2 миң сом КММ кириштөө боюнча тиешелүү бухгалтердик операциялар берилген*), Баткен БСЧБда (складдагы) - 10,6 миң сом;

2022-жылы негизсиз, тастыктоочу документтери жок күйүүчү-майлоочу майлар эсептен чыгарылган: Баткен БСЧБда - 30,0 миң сом, Ак-Суу РСЧБда - 12,8 миң сом.

Аталган Жобонун 12-параграфын бузуу менен 2022-жылы Өзгөн райондук ветеринардык башкармалыгында 7,6 миң сомдук материалдык баалуулуктар негизсиз эсептен чыгарылган (*аудит убагында калыбына келтирилген*).

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү" токтомунун 3-пунктун бузуу менен,

жумуш убактысынан тышкары жана дем алыш күндөрүндө чыгымдалган КММ Жер ресурстары кызматында 2021-жылы 10,1 миң сом жана Ветеринардык дары-дармектерди жана тоют кошумчаларын каттоо жана сертификациялоо департаментинде 2022-жылы 3,0 миң сом негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Күнөөлүү адамдардын эсебинен негизсиз эсептен чыгарылган негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын наркы калыбына келтирилсин: Сокулук РАӨБда 26,6 миң сом, Чаткал РАӨБда 20,2 миң сом, Жер ресурстары кызматында 10,1 миң сом, Баткен БСЧБда 30,0 миң сом жана 10,6 миң сом өлчөмүндө күйүүчү-майлоочу майлар эсеп боюнча кириштелсин, Ак-Суу РСЧБда 12,8 миң сом, Ветеринардык дары-дармектерди жана тоют кошумчаларын каттоо жана сертификациялоо департаментинде 3,0 миң сом;

- Ат-Башы райондук ветеринардык башкармалыгында 124,7 миң сомдук күйүүчү-майлоочу майлардын эсепке алынышы тастыкталсын;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндөгү" токтомунун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" материалдык баалуулуктарды эсепке алуу бөлүгүн аткаруу камсыздалсын, кемчилдиктер аныкталган төмөндөгү мекемелерде: Ак-Талаа РВБ, Ат-Башы РВБ, Жети-Өгүз РВБ, Өзгөн РВБ, Ак-Суу РСЧБ, Баткен БСЧБ.

Органикалык айыл чарба департаменти боюнча, Ж.Т. Бакировадан 127,0 миң сомду өндүрүлүп, республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун пункуттарын бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын:

- 5-пункутун бузууга жол берген Органикалык айыл чарба департаментинде;

- 176-пунктун бузууга жол берген Сокулук РАӨБдө, Чаткал РАӨБдө;

- 246-пункутун бузууга жол берген Жер ресурстары кызматында, Баткен БСЧБда жана Ак-Суу РСЧБда;



- 11-параграфынын материалдык баалуулуктарды өз убагында балanска кириштөө бөлүгүн бузууга жол берген Ат-Башы РВБда, Ак-Суу РСЧБда жана Баткен БСЧБда.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен, Министрликтин иш сапарлык чыгымдарга бөлүнгөн бюджеттик каражаттарынын эсебинен райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын кызматкерлерине негизсиз 2022-жылы 49,3 миң сом төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин сметасында каралбаган чыгымдарга жол берилбесин.

**Аныктама жана корутунду**

Айыл чарба министрлигинин борбордук аппараты тарабынан иш сапардык чыгымдарды төлөөгө негизсиз чыгымдар аудиттин жүрүшүндө 2021-жылы 26 адам тарабынан бюджеттин кирешесине 71,1 миң сом калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

Жылдын акырына карата отчеттук суммалар боюнча дебитордук жана кредитордук карыздардын абалына мониторинг жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Ветеринардык адистердин жана чабандардын жоопкерсиз мамилесинин кесепетинен улам 554,5 миң сомдук мал жандыктардын чыгымга учурашына жол берилген, анын ичинен: "Элита" ММде 2021-жылы 16 баш кой чыгашасы 56,0 миң сомду жана 2022-жылы 64 баш кой 322,0 миң сомду түзгөн, ветеринардык лабораториянын тиешелүү корутундусу жок; Айыл чарба министрлигине караштуу Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунда 176,5 миң сомдук 24 баш асыл тукум кой.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, "Элита" ММнин, Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунун жетекчиликтери мал жандыктардын чыгымдарына жол берген жоопту кызматкерлердин жоопкерчилигин кароо боюнча тиешелүү чараларды көрүшсүн.

**Аныкталды жана кортунду**

Ветеринардык кызматта (жаныбарларды идентификациялоодо) 2021-жылы Бишкек-Ош унаа жолунда Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын (ВФКМИ) балансында турган ГАЗ 3331041 мамлекеттик номуру 42-07 ВВ рефрижератордук автоунаадагы өрттүн кесепетинен (баасы 1006,4 миң сом) бодо малдын кулак белгилери (ушные бирки) жана ылаңга каршы вакциналар күйүп кеткен. 2021-жылдын 25-ноябрындагы комиссия түзгөн эсептен чыгаруу актысына ылайык, 2025,8 миң сомдук 65 350 даана кулакка белгилер күйгөн, калган

392,1 миң сомдук 12650 даанасы иргелип (сорттолуп), учурда Ветеринардык кызматтын гаражында, А.Абдрахмановдун материалдык жоопкерчилигине катталган, бухгалтердик баланс боюнча 2418,0 миң сомдук 78 000 даана кулак белгилери эсептен чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобону бузуу менен, атайын комиссия түзүлгөн эмес, комиссиянын курамы бекитилген эмес, материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу боюнча акт түзүлгөн эмес, иш жүзүндө 2025,8 миң сом суммасында 65350 даана кулак биркаларын эсептен чыгаруу Ветеринардык кызматтын жетекчиси-директорунун уруксаты жок, өрт кырсыгы боюнча протоколдун негизинде жүргүзүлгөн. Өрттүн келип чыгуу себептери жана күнөөлүүлөр аныкталган эмес, бирок 2418,0 миң сом суммасындагы 78 000 кулак биркалары эсептен чыгарылган.

2022-жылдын 2-февралындагы келишимге ылайык, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматы тарабынан автоунаага техникалык изилдөө жүргүзүлгөн. Экспертизанын корутундусунда ГАЗ 3331041 үлгүсүндөгү, мамлекеттик номери 42-07 ВВ автоунаанын техникалык абалын жана колдонууга жарактуулугун кароо учурунда – 2022-жылдын 2-февралында (3 айдан кийин) Аныктама зарыл экендиги белгиленген, ал эми өрт фактысы - 2021-жылдын 2-ноябрында болгон. Ошондой эле, корутундуда аталган унааны иштетүүгө тыюу салынып, текшерүү учурунда унаа техникалык жактан бузулган абалда болгон деген тыянак чыгарылган.

Эскертүү: Токтогул РИИБнин тергөөчүсү Ж.М. Молдодосовдун 2021-жылдын 24-ноябрындагы токтому менен соттук-медициналык экспертизанын корутундусу жок № 03-046-2021-000737 иш боюнча сотко чейинки өндүрүш токтотулган.

**Сунуштама**

Ветеринардык кызматында 2418,0 миң сом суммасындагы 78 000 кулак биркасын негизсиз эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Ветеринардык кызматтын жетекчилиги тарабынан, ГАЗ 3331041 мамлекеттик номуру 42-07 ВВ рефрижератордук автоунаадагы өрттүн себептерин жана күнөөлүүлөрдү аныктоо үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Бухгалтердик эсептеги маалыматтар боюнча, Айыл чарба министрлигинин борбордук аппаратынын балансында баланстык баасы 37,0 миң сомду түзгөн "Береке" пансионатынын административдик жайлары, ашканасы жана кир жуучу имараттары бар. Ошондой эле, 2022-жылдын 1-январына карата баланста пансионаттын 207,1 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктары бар, алар кийин 2022-жылдын декабрь айында



эсептен чыгарылган. Белгилеп кетчү нерсе, мүлк комплексинин бааланган алгачкы наркы 1753,9 миң сомду түзгөн.

Мамлекеттик мүлктү тескөөнүн жана башкаруунун натыйжасыздыгынан пансионат иштебей, имараттар, административдик имараттар, ашкана жана кир жуучу имараттар кароосуз калып жана талкаланып, көрсөтүлгөн негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктардын орду жок. Айыл чарба министрлигинин жетекчилиги тарабынан пансионатты калыбына келтирүү, эксплуатациялоо, жоюу боюнча чаралар көрүлбөй келет.

"Береке" пансионатынын эмгек жамаатынын 2000-жылдын 21-октябрындагы жалпы чогулушунун №1-протоколу менен 1994-жылдын 12-январындагы №1385-II "Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти мамлекеттен ажыратуу жана приватташтыруу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ("Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 2-мартындагы №31I Мыйзамы менен күчүн жоготкон) "Береке" кооперативин түзүү чечими кабыл алынган, анын негизинде Кыргыз Республикасынын айыл-чарба жана суу чарба министрлигинин Жер жана агрардык реформа боюнча Республикалык борборунун 2000-жылдын 6-июлундагы № 34-буйругу менен "Береке" пансионатын кайра уюштуруу жана менчиктештирүү боюнча комиссия түзүлгөн (төрагасы Калчекеев С. - Жер жана агрардык реформа боюнча Республикалык борборунун жетектөөчү адиси). Министрлик берген материалдарга ылайык, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана суу чарба министрлигинин Жер жана агрардык реформа боюнча Республикалык борборунун башкармалыгынын 2000-жылдын 4-декабрындагы №604-токтому менен "Береке" пансионаты "Береке" кооперативи болуп өзгөртүлгөн.

"Береке" пансионатынын мүлк комплекси Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана суу чарба министрлигинин Жер жана агрардык реформа боюнча Республикалык борборунун башкармалыгынын 2002-жылдын 2-апрелиндеги №674-токтому менен төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: 80 %ы (1403,2 миң сом) - жамааттык жана 20 %ы (350,7 миң сом) - мамлекеттик үлүш, анын объектилерине: министрдин үйү, иш бөлмөсү (№4, 5, 6-корпустар, кампалар ж.б. жалпы суммасы 350,8 миң сом. Объекттер: министрдин үйү, № 6-корпусу 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана суу чарба министрлигинин Жер жана агрардык реформа боюнча Республикалык борборунун башкармалыгынын буйругунун негизинде сатылган.

2018-жылдын 18-июнунда түзүлгөн акт менен комиссия (Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана суу чарба министрлигинин 2017-жылдын 7-июнундагы № 01-11/107-буйругу менен дайындалган, төрага Э.Кыдыкманов – агрардык саясат жана экономикалык болжолдоо бөлүмүнүн башчысы) тарабынан жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгы

боюнча жалпы суммасы 110,4 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2019-жылдагы бюджеттин аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун 8-пунктунда "Береке" пансионатында 110,4 миң сом өлчөмүндөгү товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздигин калыбына келтирүү маселесин кароо боюнча сунушун берген, бүгүнкү күнгө чейин калыбына келтириле элек. Бирок, Айыл чарба министрлигинин буйругусуз эле Айыл чарба министрлигинин биринчи орун басары Н.К. Алишеров 2021-жылдын 6-декабрында бекиткен актынын негизинде 110,4 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги негизсиз эсептен чыгарылган. (*Бул аудиттин жүрүшүндө 2023-жылдын 15-августундагы оңдоо жазуусу (проводка) берилип, 110,4 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилген).*

**Сунуштама**

Айыл чарба министрлигинин жетекчилиги тарабынан, "Береке" пансионатынын мүлк комплексин андан ары пайдалануу маселеси каралып, тиешелүү чечим кабыл алынсын.

"Береке" пансионатында товардык-материалдык баалуулуктардын 110,4 миң сом суммасындагы жетишсиздиги калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана кортунду**

Сметада каралбаган бюджеттик каражаттардын эсебинен негизсиз чыгымдарга жол берилген - Карылар күнүнө карата төлөмдөр: Айыл чарба министрлигинин борбордук аппаратында 2215 4900 беренеси боюнча "Башка кызматтарга акы төлөө менен байланышкан башка чыгашалар" 21,7 миң сом суммасында; Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында (Чек ара ветеринардык көзөмөл посту) 28,0 миң сом суммасында.

**Сунуштама**

Мындан ары, бюджеттик каражаттардын сметада каралбаган чыгымдарына жол берилбесин.

**Аныктама жана кортунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен Түп токой чарбасында иш сапарына буйругу жана кетирилген чыгымдар боюнча тастыктоочу документтери жок иш сапардын чыгымдары үчүн Ж.Кушкееванын карт эсебине 10,4 миң сом негизсиз которулуп, бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес.



**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматына:**

Түп токой чарбасында Ж.Э. Кушкеевадан иш сапар чыгымдарына негизсиз которулган 10,4 миң сом өлчөмүндөгү акча каражатын кайтарып алуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен Ж.Э. Кушкееванын эсебине бюджеттик каражаттарды негизсиз которгон кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана кортунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобону бузуу менен:

- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Кыргыз мал чарба жана жайыттар илим-изилдөө институтунда "КОПИЯ" долбоору боюнча, негизсиз түрдө, берүүчүгө "Экономстрой" ЖЧКсына курулуш жана чарбалык материалдарга төлөмдү тастыктаган баштапкы документсиз Мал чарба жана жайыттар институтунун биотехнологиялык бөлүмүнүн улуу лаборанты А. Жамансартованын 3 авансалык отчету (17.01.2022-ж.,20.03.2022-ж., 25.04.2022-ж. авансалык отчеттор) боюнча жалпысынан 656,0 миң сом эсептен чыгарылган. Долбоордун каражаттары боюнча Институттун бухгалтериясы тарабынан 2022-жылы "Экономстрой Компани" ЖЧКсы менен эсептешүүлөрдүн эсеби жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз мал чарба жана жайыттар илим-изилдөө институттун жетекчилиги тарабынан, улуу лаборант А. Жамансартованын эсебинен негизсиз эсептен чыгарылган 656,0 миң сом акча каражаттарын калыбына келтирүү чаралары көрүлсүн жана Институттун улуу лаборанты А. Жамансартованын жана Долбоордун бухгалтери В. Дуванаеванын мыйзам бузууларга жол беришкени үчүн, белгиленген тартипте жоопкерчиликтери каралсын.

Мындан ары, Кыргыз мал чарба жана жайыттар илим-изилдөө институтунда отчеттогу суммаларды эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б-буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" талаптарын так аткарылышы камсыздалсын.

***Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине,*** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Кыргыз мал чарба жана жайыттар илим-изилдөө институтунда "КОПИЯ" долбоору боюнча,

негизсиз түрдө эсептен чыгарылган 656,0 миң сом боюнча маалымат укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471- "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун 1-пункутун бузуу менен, суткалык акы, турак жайды ижаралоо боюнча жана командировка өтүүчү жерге чейин жана кайра кайтуу жол кире чыгымдарын ашыкча жана чыгымдарды ырастоочу документтерисиз төлөөлөр төмөндөгү мекемелерде аныкталган: Министрликте (Борбордук аппаратында) 2021-жылы 34,0 миң сом суммасында; Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары (РАӨБ) 2021-жылы Ветеринардык кызматында (Борбордук аппараты) – 5,0 миң сом, Нарын РВБда– 9,2 миң сом, Аксы РСЧБда – 10,3 миң сом, Араван РСЧБда – 2,8 миң сом, "Кадастр" ММнин Нарын филиалында - 3,0 миң сом, Ош БСЧБда - 3,1 миң сом, "Кадастр" МИде 2020-жылы - 15,8 миң сом, 2021-жылы - 11,6 миң сом, Ала-Бука РСЧБда - 24,3 миң сом, "Кадастр" ММнин Каракол-Аксуу филиалында – 6,0 миң сом (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген), Балык чарба башкармалыгында – 1,0 миң сом, Жайыттар жана асыл тукум мал чарба департаментинде – 11,5 миң сом суммасында.

2022-жылы Министрликте (Борбордук аппаратында) - 8,1 миң сом; РАӨБсында - 33,6 миң сом; С.Ибраимов атындагы Папан суу сактагычынын башкармалыгында - 8,5 миң сом; (аудит учурунда калыбына келтирилген); Кара-Дарыя, Сыр-Дарыя жана Амур-Дарыя ШСЧБсында - 4,2 миң сом (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген); "Кыргызгипрозем" МИде - 37,5 миң сом; Жер ресурстары кызматынын "Жалал-Абад областтык жерге жайгаштыруу экспедициясы" мекемесинде - 13,7 миң сом (аудит жүрүшүндө калыбына келтирилген); Жер ресурстары кызматынын "Баткен райондук жерге жайгаштыруу экспедициясы" мекемесинде - 10,7 миң сом (аудит жүрүшүндө калыбына келтирилген); Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинде - 4,2 миң сом (аудит учурунда калыбына келтирилген); Талас токой чарбасында - 9,2 миң сом; Тоскоол-Ата токой чарбасында - 22,6 миң сом; Айыл чарба министрлигине караштуу Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунда "КОПИЯ" долбоору - 46,4 миң сом; Ветеринардык кызматында (Борбордук аппараты) – 45,9 миң сом; Тогуз-Торо РВБда – 4,1 миң сом (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген); Өзгөн РВБда - 2,5 миң сом (аудит учурунда калыбына келтирилген); Араван РВБда -11,7 миң сом (аудит учурунда калыбына келтирилген); Ноокат РВБда - 12,7 миң сом (аудит учурунда калыбына келтирилген).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471- "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун 1-пункутунун



"Кыргыз Республикасынын чегинде кызматкерлерди командировкага жиберүү менен байланышкан чыгымдардын ордун толтуруунун белгиленген нормаларынын" сакталышы камсыздалсын.

Мындан ары, иш сапарлык чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471- "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Кызматкерлердин кызматтык иш сапарына байланыштуу чыгымдардын ордун толтурууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 190-беренесинин "Кызматтык иш сапарга байланышкан чыгымдардын ордун толтуруу" талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б-буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" талаптары жетекчиликке алынсын.

Финансылык тартип бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Командировкалык чыгымдардын ашыкча жана чыгымдарды ырастоочу документтерисиз жүргүзүлгөн төлөөлөр төмөндөгү мекемелерден республикалык бюджетке калыбына келтирилсин: Министрликтен (Борбордук аппаратынан) -42,1 миң сом, Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынан (РАӨБ) – 33,6 миң сом, Нарын РСЧБсынан - 9,2 миң сом, Аксы РСЧБда-10, 3 миң сом, Араван РСЧБда - 2,8 миң сом, "Кадастр" ММнин Нарын филиалында - 3,0 миң сом, Ош ШСЧБда (БСЧБда)- 3,1 миң сом, "Кадастр" ММде - 27,4 миң сом, Ала-Бука РСЧБда - 24,3 миң сом, Балык чарба департаментинде - 1,0 миң сом, Жайыттар жана асыл тукум мал чарба департаментинде - 11,5 миң сом, Ветеринардык кызматында (борбордук аппараты) -50,9 миң сом, "Кыргызгипрозем" мамлекеттик ишканасында - 37,5 миң сом; Талас токой чарбасында - 9,2 миң сом; Тоскоол-Ата токой чарбасында - 22,6 миң сом; Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунда "КОПИЯ" долбоорунда - 46,4 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471- "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун 1-пункутун бузуу менен, суткалык акы, турак жайды ижаралоо боюнча жана командировка өтүүчү жерге чейин жана кайра кайтуу жол кире чыгымдарын ашыкча жана чыгымдарды ырастоочу документтерисиз төлөөлөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Министрликте (Борбордук аппаратында); Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарында; Ветеринардык кызматында (Борбордук аппараты); Тогуз-Торо, Өзгөн, Араван, Ноокат жана Нарын РВБда; Аксы РСЧБда; Араван РСЧБда; "Кадастр" ММде, "Кадастр" ММнин Нарын филиалында; "Кадастр" ММнин Каракол-Аксуу филиалында, Ош БСЧБда;

Ала-Бука РСЧБда; Балык чарба башкармалыгында; Жайыт жана мал чарба департаментинде; С.Ибраимов атындагы Папан суу сактагычынын башкармалыгында; Кара-Дарыя, Сыр-Дарыя жана Амур-Дарыя ШСЧБда; "Кыргызгипрозем" МИде; Жер ресурстары кызматынын "Жалал-Абад областтык жерге жайгаштыруу экспедициясы" мекемесинде; Жер ресурстары кызматынын "Баткен райондук жерге жайгаштыруу экспедициясы"мекемесинде; Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинде; Талас токой чарбасында; Тоскоол-Ата токой чарбасында; Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунда "КОПИЯ" долбоорунда.

**Аныкталды жана кортунду**

Үч-Коргон токой чарбасында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесинин 2-пункутун бузуу менен, атайын эсептин каражаттарына эсепке алынган 20,4 миң сом (2020-жылы - 18,6 миң сом, 2021-жылы - 1,8 миң сом) акча каражаты Бирдиктүү казыналык эсепке түшпөй пайдаланылган (*калыбына келтирилген*).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесинин 2-пункутунун, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелерди түзүүнүн жана пайдалануунун фактылары табылган учурда көрсөтүлгөн кирешелердин суммасы тиешелүү бюджеттин кирешесине кошуп эсептөө боюнча аткарылышы камсыздалсын.

Финансылык тартип бузууларга жол берген адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Суу чарба объекттерин куруу дирекциясында төмөндөгүлөр аныкталды:

- Баткен областынын Лейлек районундагы Максат айылында дюкер курулушу боюнча аудит, мамлекеттик инспектор С. Тоокеев тарабынан жүргүзүлгөн биринчи аудиттин негизинде, 42987,3 миң сомдук бузуулар аныкталды деген жыйынтыкка келген. Мамлекеттик инспектор С. Тоокеев тарабынан жүргүзүлгөн экинчи аудиттин жыйынтыгы менен, 36967,2 миң сомдук бузуулар аныкталды деген жыйынтыкка келишкен.

Жогоруда көрсөтүлгөн жалпы бузуулардын 33604,1 миң сому, бул расценка туура эмес алынгандыктын аныкталган бузуулар болгон.

Мамлекеттик инспектор С. Тоокеев жана Э. Абдулаевдер тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен, жогоруда көрсөтүлгөн объект боюнча бузуулардын жалпы суммасы 26 547,9 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Бул обьект боюнча, үч аудиттин жыйынтыгы, үч башка чыккандыктан жана КР Жогорку Кеңешинин, КР Финансы министрлигинин жана КР Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин, бул маселе боюнча берген



корутундуларынын негизинде, КР Эсептөө палатасынын 31.05.2023-жылдагы № 06-1/470 буйругу менен, курулуш иштери боюнча тышкы адис У.А. Айжигитов ишке тартылып, жогорудагы маселе боюнча кайрадан карап чыгуу тапшырмасы берилген. У.А. Айжигитовдун жүргүзгөн аудиттин жыйынтыгы менен С. Тоокеев жана Э. Абдулаевдердин расценка боюнча 26547,9 миң сомдук аудиттин жыйынтыгынан 15257,8 миң сомдун бузуулар жокко чыгарылган.

Жыйынтыгында, "Жалал-Абад СМУтт" жабык акционердик коому тарабынан 9383,1 миң сомдук ашык курулуш көлөм негизсиз төлөнгөндүгү аныкталган. Ошол себептүү, "Жалал-Абад СМУтт" жабык акционердик коому тарабынан 9 383,1 миң сом ордуна койууга тийиш.

**Сунуштама:**

Суу чарба объекттерин куруу дирекциясына

- Подрядчы "Жалал-Абад СМУтт" Жабык акционердик коомунан 9383,1 миң сом өндүрүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Курулуш-монтаждоо жумуштарынын көлөмүн ашырып жазылгандыгы аныкталды:

- Жумгал РСЧБда "Чаек-1" жана "Чаек-2" насостук станцияларында оңдоо иштерин жүргүзүүдө, үч гидротехникалык участокто жана жети чарбалар аралык каналдарды механикалык тазалоодо материалдык отчетто курулуш материалдары 52,4 миң сомго жокко чыгаруу ашыкча жазылган;

- Нарын СЧББда «Нарын районунун Чет-Нура айыл өкмөтүнүн «Төш-Булак» насостук станциясынын курулушун аяктоо" объектиси боюнча 178,0 миң сомго. Белгилей кетсек, 2021-жылы "АЗиК" ЖЧКсы менен 7708,0 миң сом суммасында келишим түзүлгөн, ишти бүтүрүү мөөнөтү 2021-жылдын 31-декабрына чейин, аудит учурунда (2022-жылдын 25-октябрына карата), подрядчы жалпы суммасы 1241,0 миң сомдук иштерди аткарган;

- Ак-Суу РСЧБда "Ак-Суу районунун Кара-Жал каналынын кавальерлерин тегиздөө" объектиси боюнча (подрядчы "Ир Вир Курулуш" ЖЧКсы) 185,8 миң сом суммасына;

- Тоң райондук суу чарба башкармалыгында "Тоң районунун Төрт-Күл суу сактагычын механикалык тазалоо" объектиси боюнча (подрядчы "Абу Групп" ЖЧКсы) 272,6 миң сом, подрядчы КНС төлөөчү эмес, аткарылган иштердин актысына КНС негизсиз киргизилген (12 %);

- Түп райондук суу чарба башкармалыгына жалпысынан 226,9 миң сом, анын ичинен: "Түп районундагы "Калмак" каналын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча (подрядчы "Ир Вир Курулуш" ЖЧКсы) 16,0 миң сомго; "Түп районунун Жал-Арык жана Сары-Дөбө каналдарын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча (подрядчы «Салават Сервис» ЖЧКсы) 12,0 миң сомго бирдиктүү салык (4 %) негизсиз түрдө ишти аяктагандыгы тууралуу актка киргизилген; "Түп районундагы Зайнулин атындагы суткалык жөнгө салуу бассейнин калыбына келтирүү боюнча капиталдык оңдоо (иш)" (подрядчы

«Караколстрой Сервис» ЖЧКсы) 198,9 миң сомго бирдиктүү салык негизсиз киргизилген (4%);

- "Суу ресурстарынын климаттын өзгөрүшүнө жана табигый кырсыктарга туруктуулугун жогорулатуу" ДИБ (СВВР) NCB Контракт № DWR-W-NCB-1 объекти боюнча "Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун "Оң бутак" ирригациялык система үчүн чарбалар аралык канал жана көмөкчү жумуштар" 51,6 миң сом суммасында;

- Сарымсак ДИБ: "Кара-Буура жана Чимген айыл өкмөттөрүнүн жерлериндеги чарбалык ирригациялык тармактарды реконструкциялоо" объектине 30,6 миң сомго.

**Сунуштама:**

Подрядчылардан курулуш-монтаждоо жумуштарынын көлөмүн ашыкча көрсөтүлгөн суммасын өндүрүп алуу жана өз ара эсептешүүлөр үчүн салыштыруу актысы түзүлсүн:

- Жумгал райондук суу чарба башкармалыгына 52,4 миң сом өлчөмүндө эсептен чыгарылган курулуш материалдарынын наркын күнөөлүү адамдардын эсебинен калыбына келтирилсин;

- Нарын СЧББда подрядчы "АЗиК" ЖЧКсынан "Нарын районунун Чет-Нура айыл өкмөтүнүн "Төш-Булак" насостук станциясынын курулушун аяктоо" объектиси боюнча 178,0 миң сом;

- Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына подрядчы "Ир Вир Курулуш" ЖЧКсынан «Ак-Суу районунун Кара-Жал каналынын кавальерлерин тегиздөө" объектиси боюнча 185,8 миң сом;

- Тоң райондук суу чарба башкармалыгына подрядчы "Абу Групп" ЖЧКсынан Тоң районунун "Төрт-Күл суу сактагычын механикалык тазалоо" объектиси боюнча 272,6 миң сом;

- Түп райондук суу чарба башкармалыгына подрядчы "Ир Вир Курулуш" ЖЧКсынан "Түп районундагы "Калмак" каналын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча 16,0 миң сом; подрядчы "Салават Сервис" ЖЧКсынан "Түп районунун "Жал-Арык" жана "Сары-Дөбө" каналдарын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча 12,0 миң сом; подрядчы "Караколстрой Сервис" ЖЧКсынан "Түп районундагы "Жал-Арык" жана "Сары-Дөбө" каналдарын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча 198,9 миң сом;

- "Суу ресурстарынын климаттын өзгөрүшүнө жана табигый кырсыктарга туруктуулугун жогорулатуу" ДИБ (СРТЖ) объекти боюнча NCB Контракт № DWR-W-NCB-1 "Чарбалар аралык канал жана Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы "Оң бутак" ирригациялык системасы үчүн көмөкчү жумуштар" 51,6 миң сом;

- Сарымсак ДИБ: "Кара-Буура жана Чимген айыл өкмөттөрүнүн жерлериндеги чарбалык сугат тармактарды реконструкциялоо" объектиси боюнча жумушту ашыкча баалоо үчүн 30,6 миң сом суммасында алып салынсын жана подрядчы менен салыштыруу актысы түзүлсүн.



Финансылык тартип бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамынын 14-беренесин бузуу менен максатсыз пайдалануу аныкталган:

Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануулар төмөндөгү мекемелерде аныкталган:

- бюджеттик каражаттар боюнча 691,1 миң сом суммасында, анын ичинде: "Эмгек акы" 211-беренесинде каралган каражаттар "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу" 221-беренесинде каралган ар кандай кызматтарды көрсөтүү үчүн акы төлөөгө түзүлгөн келишимдерге ылайык жумшалган: Органикалык айыл чарба департаментинде - 176,0 миң сом; Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинде - 164,1 миң сом; Министрликтин Борбордук аппаратында - 51,0 миң сом; Тоң токой чарбасында - 300,0 миң сом, "Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу үчүн" 2215-беренеси боюнча бөлүнгөн каражаттар "Имараттар жана курулмалар" 3111-беренеси боюнча капиталдык оңдоо иштери үчүн «Аманат» ЖЧКсына төлөп берүү боюнча чыгымдарга жумшалган.

- атайын каражаттар боюнча 2579,8 миң сом суммасында, анын ичинде:

- Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантини департаментинде 2021-жылы 4,2 миң сом суммасында, атайын каражаттардын эсебинен "Эмгек акы" беренеси боюнча бюджеттик каражаттардын эсебинен каралган он үчүнчү эмгек акы төлөнгөн;

- Тоскоол-Ата токой чарбасында 15,1 миң сом суммасында, иш сапар чыгымдарына каралган каражаттар оргтехниканы оңдоого, дизель майын сатып алууга, интернетке төлөөгө, жазуу кагазын жана электрондук санарип кол тамга сатып алууга чыгымдалган;

- "Рынокторго жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу" долбоорунда (РЖКК) 2022-жылга 2560,5 миң сом, РЖКК долбоорунун Кыргыз Республикасынын мал чарбачылыгынын санитардык системасын модернизациялоо 3-компоненти боюнча, мамлекеттик мекемелерди колдоону камсыз кылгандарды күчөтүү 3.3 субкомпоненти, В.1.2 Лактоперидоксидаза боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жабдууларды жана реагенттерди алууга, жайыт жерлерин тосууга, "КМЧЖИИИ" тажрыйбалык талаасын тосууга, керектүү жабдууларды, шаймандарды, реагенттерди сатып алууга, үрөн питомниктери үчүн айыл чарба машиналарын, дрондорду жана башка техниканы жана жабдууларды, 4-пункутун каржылоо шарттарында каралган сатып алуулар өз максатына жетпеген, толугу менен лактоперидоксидазасын изилдөө үчүн иш сапардын чыгымдарына жумшалган.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

"Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине ылайык максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган каражаттар төмөндөгү мекемелерден республикалык бюджеттин кирешесине которулсун:

- бюджеттик каражаттар боюнча: Органикалык айыл чарба департаментинен - 176,0 миң сом, Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинен - 164,1 миң сом, Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратынан – 51,0 миң сом; Тоң токой чарбасынан - 300,0 миң сом;

- атайын каражаттар боюнча: Химизациялоо, өсүмдүктөрдү коргоо жана карантин департаментинен - 4,2 миң сом; Тоскоол-Ата токой чарбасынан - 15,1 миң сом; "Базарларга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу" долбоорунан – 2560,5 миң сом.

Финансылык тартип бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун 7-главасынын, "Дебитордук карызды эсепке алуу" параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталган:

- Органикалык айыл чарба департаментинде - 307,6 миң сом; Лейлек токой чарбасында - 543,0 миң сом (2021-жылы - 112,9 миң сом, 2022- жылы - 430,1 миң сом); Аркыт токой чарбасында – 204,3 миң сом, Жумгал токой чарбасында 513,1 миң сом (2021- жылы – 339,3 миң сом, 2022- жылы – 173,8 миң сом (эсепке алуу боюнча 173,8 миң сом калыбына келтирилген), Ак-Суу мамлекеттик сорт сыноо станциясында – 12,4 миң сом (*эсепке алуу боюнча калыбына келтирилген*), Түштүк региондук топурак-агрохимиялык станциясында – 196,5 миң сом (2021- жылы – 147,2 миң сом; 2022- жылы – 49,3 миң сом), Республикалык топурак-агрохимиялык станциясында – 100,0 миң сом (*калыбына келтирилген*); Тогуз-Торо РВБда – 22,3 миң сом (*калыбына келтирилген*); "Кыргызгипрозем" МИде – 230, 8 миң сом (*калыбына келтирилген*); "Кыргызгипрозем" МИсинин Ош жерге жайгаштыруу экспедициясында – 19,8 миң сом; Ак-Талаа РСБда – 257,7 миң сом (*калыбына келтирилген*); Жалал-Абад СЧББда – 10,8 миң сом, -Базар-Коргон РСЧБда – 91,8 миң сом, Баткен СЧББда – 9099,8 миң сом (*калыбына келтирилген*); Баткен СЧРБда - 4027,0 миң сом; "Токой жана аңчылык чарбасы" МИде - 1599,2 миң сом; - Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгында - 34,2 миң сом; Жети-Өгүз РВБда – 1006,9 миң сом



(*калыбына келтирилген*); Жер ресурстары кызматынын Ош облустук жерге жайгаштыруу экспедициясында – 231,4 миң сом (*калыбына келтирилген*); - Ат-Башы РСЧБда - 18,5 миң сом (*калыбына келтирилген*); Түп токой чарбасында - 49,5 миң сом; Ош шаардык ветеринария башкармалыгында– 75,0 миң сом (70,0 миң сом калыбына келтирилген); Үч-Коргон токой чарбасында – 73,4 миң сом.

Аталган Жобонун 8-главасынын 3-параграфынын "Алынган товар, жумуштар жана кызматтарды алгандык үчүн жабдуучулар менен эсептешүүлөрдү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен жогорулатылган кредитордук карызы төмөндөгү мекемелерде аныкталган:

- Органикалык айыл чарба департаментинде - 42,7 миң сом, Ак-Талаа РСЧБда –24,0 миң сом; (калыбына келтирилген); Баткен СЧББда –98,0 миң сом; Ош шаардык ветеринария башкармалыгында -29,9 миң сом.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобонун" талаптарын дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча өз убагында жана толук чагылдыруу бөлүгүндө аткарылышы камсыздалсын.

2. Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча дебитордук карыздардын суммалары төмөндөгү мекемелерде калыбына келтирилсин:

- Органикалык айыл чарба департаментинде - 307,6 миң сом; Лейлек токой чарбасында - 543,0 миң сом (2021- жылы - 112,9 миң сом, 2022- жылы - 430,1 миң сом); Аркыт токой чарбасында – 204,3 миң сом; Жумгал токой чарбасында - 339,3 миң сом; Түштүк региондук топурак-агрохимиялык станциясында – 196,5 миң сом (2021- жылы – 147,2 миң сом; 2022- жылы – 49,3 миң сом), "Кыргызгипрозем" МИнин Ош жерге жайгаштыруу экспедициясында – 19,8 миң сом; Жалал-Абад СЧББда – 10,8 миң сом, Базар-Коргон РСЧБда – 91,8 миң сом, Баткен СЧРБда- 4027,0 миң сом; «Токой жана аңчылык чарбасы» МИде - 1599,2 миң сом; Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгында - 34,2 миң сом; Түп токой чарбасында - 49,5 миң сом; Ош шаардык ветеринария башкармалыгында – 5,0 миң сом; Үч-Коргон токой чарбасында – 73,4 миң сом.

Жогорулатылган кредитордук карызы төмөндөгү мекемелерде калыбына келтирилсин:

- Органикалык айыл чарба департаментинде - 42,7 миң сом; Баткен СЧББда – 98,0 миң сом; Ош шаардык ветеринария башкармалыгында -29,9 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын бузуу менен дебитордук карыздарды эсепте көрсөтпөгөндүгү жана кредитордук карыздарды жогорулатууга жол берген

кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Органикалык айыл чарба департаментинде; Лейлек токой чарбасында; Аркыт токой чарбасында; Жумгал токой чарбасында; Ак-Суу мамлекеттик сорт сыноо станциясында; Түштүк региондук топурак-агрохимиялык станциясында; Республикалык топурак-агрохимиялык станциясында; Тогуз-Торо РВБда; "Кыргызгипрозем" МИде; "Кыргызгипрозем" МИнин Ош жерге жайгаштыруу экспедициясында; Ак-Талаа РСБда; Жалал-Абад СЧББда; Базар-Коргон РСЧБда; Баткен СЧББда; Баткен СЧРБда;«Токой жана аңчылык чарбасы» МИде; Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгында; Жети-Өгүз РВБда; Жер ресурстары кызматынын Ош облустук жерге жайгаштыруу экспедициясында; Ат-Башы РСЧБда; Түп токой чарбасында; Ош шаардык ветеринария башкармалыгында; Үч-Коргон токой чарбасында.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 53-беренесинин 1-пункутун бузуу менен киреше салыгы (10 %) кармалган эмес:

- кызматкерлердин эмгек акысынан: 2021-жылы Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинин Карасуу комплекстүү мамлекеттик сорт сыноо участогунда 142,5 миң сом, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде - 369,0 миң сом;

- кызматкерлерге транспорттук чыгымдарына, тамак-ашына төлөнүүчү компенсациялардын суммасынан (191-беренесинин 3-пункту) (Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" 2022-жылдын 8-ноябрындагы №266-Жарлыгында белгиленген): Ноокен райондук ветеринария башкармалыгында 26,1 миң сом (бюджетке калыбына келтирилген); Базар-Коргон райондук ветеринария башкармалыгында 8 мамлекеттик кызматкерлерден - 18,3 миң сом;

- Кыргыз мал чарба жана жайыттар илим-изилдөө институтунда "КОПИЯ" долбоорунда 16 учурда жеке жак М.А. Эсеналиевге жер участокторун айдоо жана себүү жана эгиндерди жыйноо боюнча аткарылган иштер үчүн 2 594,3 миң сом накталай акча төлөнгөндөн киреше салыгы 259,4 миң сом кармалбай калган. Ушул сыяктуу эле 4 адамдан 27,4 миң сом киреше салыгы кармалбай калган.

Жер жана суу көзөмөлдөө кызматына киреше салыгы 3 учурда 1,6 миң сом эсептелинген. Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде 7 учурда – 4,1 миң сом эсептелинген (бюджетке калыбына келтирилген).

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына:**

Киреше салыгын эсептөө, кармоо жана бюджеттин кирешесине чегерүү боюнча Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 53-беренесинин 1-пунктунун ченемдеринин аткарылышы камсыздалсын.



Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик кызматына маалымат жөнөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

"Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексинин 101-беренесинин 2-пункутун бузуу менен атайын каражаттардын эсебине түшкөн ижара акысы төмөндөгүлөрдө республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген эмес: Айыл чарба министрлигине караштуу Органикалык айыл чарба департаментинде 2022-жылы - 13,6 миң сом; Кадамжай РСЧБда 2021-жылы - 75,0 миң сом; "Кыргызгипрозем" мамлекеттик долбоорлоо институтунда – 6,8 миң сом (*калыбына келтирилген*).

**Сунуштама**

"Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексинин 101-беренесинин 2-пункутуна ылайык, төмөндөгү мекемелерден республикалык бюджеттин кирешесине ижара акысы чегерилсин: Органикалык айыл чарба департаментинен - 13,6 миң сом; Кадамжай райондук суу чарба башкармалыгынан – 75,0 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

"Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесин бузуу менен:

- 2021-жылы иш берүүчүдөн камсыздандыруу төгүмдөрү 17,25 % өлчөмүндө эсептелген эмес, төмөндөгү мекемелерде: Ысык-Көл жерге жайгаштыруу экспедициясында - 50,8 миң сом (Социалдык фондго калыбына келтирилген); Кара-Суу райондук суу чарба башкармалыгында - 43,2 миң сом (Социалдык фондго калыбына келтирилген); 2022-жылы - Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында - 1,8 миң сом; Өсүмдүктөрдү химизациялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде - 42,5 миң сом- 4,6 миң сом (Социалдык фондго калыбына келтирилген);

- 2022-жылы Кара-Буура райондук суу чарба башкармалыгында 41,4 миң сом; Механизация, инновациялык технологиялар жана кооперация департаментинде – 80,8 миң сом; Кыргыз мал чарба жана жайыттар илим-изилдөө институтуна караштуу "КОПИЯ" долбоорунда 16 учурда жеке жак М.А. Эсеналиевге жер участокторун айдоо жана себүү жана түшүм жыйноо боюнча аткарылган иштери үчүн 2 594,3 миң сом төлөнгөн акча каражаттарынан 447,5 миң сом, мындан сырткары 4 адамга эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө Долбоордун каражаттарынан 47,4 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген эмес.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна:**

1. "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук кармап калуу бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

2. "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин талаптарын сактоо жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетине эсептелбеген жана төлөнбөгөн камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү боюнча чаралар көрүлсүн: Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде 42,5 миң сом суммасында; Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында 1,8 миң сом суммасында; Кара-Буура райондук суу чарба башкармалыгында 41,4 миң сом; Механикалаштыруу, инновациялык технологиялар жана кооперация департаментинде – 80,8 миң сом; Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтунун алдындагы "КОПИЯ" долбоорунда - 494,9 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

- Жер ресурстары кызматында (Борбордук аппарат) 2020-жылы Мамлекеттик агенттиктин 2020-жылдын 15-январындагы №5-буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына кызматкерлерди 2020-жылга функционалдык милдеттеринен тышкары ишке тартууга 89,1 миң сом чыгымдалган.

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалында 2020-2021-жылдары штаттык кызматкерлерди (4 адам) буйруктардын негизинде убактылуу функционалдык милдеттеринен тышкары ишке тартууга Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигине жана "Кадастр" мамлекеттик мекемесине жөнөтүлүшкөн. Аларга "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек шаардык филиалынын каражаттарынан эмгек акыга жана Социалдык фондго 704,7 миң сом чегерилген.

Жер жана суу көзөмөлдөө кызматынын кызматкерлери 2022-жылы Министрликтин Борбордук аппаратына жөнөтүлүп, аларга 140,0 миң сом суммасында эмгек акы чегерилген.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 188-беренесинин талаптарын бузуу менен, буйрукта алар Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине кайсы мөөнөттө жана кандай кызматтык тапшырманы аткаруу үчүн жөнөтүлгөнү көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Жер ресурстары кызматынын Борбордук аппаратында, "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Бишкек шаарындагы филиалында жана Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында көрсөтүлгөн штаттык бирдиктерди кармап туруу жөнүндө маселеси каралсын;

- кызматкерлерди функционалдык милдеттеринен тышкары ишке тартууну негиздөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин ченемдеринин талаптарынын так аткарылышы камсыз кылынсын.



**Аныкталды жана корутунду**

Күйүүчү майларды ченемден ашыкча эсептен чыгаруу төмөндөгү мекемелерде аныкталган:

- Министрликте (Борбордук аппарат) - 8,1 миң сомду;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240- "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун (4-тиркеме) Кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналардын отунду чыгымдоо лимиттеринде белгиленген ченемдерден ашыкча эсептен чыгаруу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде 3 автотранспорт үчүн 33,8 миң сомду (аудиттин жүрүшүндө 2023-жылдын 23-майындагы кв. № 34600045 калыбына келтирилген) жана Ысык-Көл БСЧБда– 8,2 миң сомду;

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366- "Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин" бекитүү жана ишке киргизүү буйругу менен белгиленген линиялык ченемдерден ашыкча чыгымдоо Араван РСЧБда 2021-жылы -3,5 миң сомду;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-январындагы №9-токтомуна ылайык күчүн жоготту) мамлекеттик органдарга бекитип берилген кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт үчүн белгиленген ченемден ашыкча "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Нарын филиалында - 1,5 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

Белгиленген ченемдерден ашыкча эсептен чыгарылган күйүүчү-майлоочу майлардын суммасы бюджетке калыбына келтирилсин: Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратында - 8,1 миң сом, Араван РСЧБда -3,5 миң сом; "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Нарын филиалында - 1,5 миң сом, Ысык-Көл БСЧБда- 8,2 миң сом.

Күйүүчү-майлоочу майларды эсептен чыгарууда Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366- "Автомобиль транспортунда күйүүчү-майлоочу материалдарды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөөнүн методикасы жөнүндө эрежесинде" белгиленген ченемдердин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240- "Кыргыз

Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун (4-тиркеме) Кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналардын отунду чыгымдоо лимиттеринде белгиленген ченемдердин сакталышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратында, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде, Араван РСЧБда, "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Нарын филиалында, Ысык-Көл БСЧБда.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240- "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомун бузуу менен лимиттен ашыкча транспорт каражаттарын (анын ичинде эл аралык долбоорлордун каражаттарынын эсебинен берилген) пайдалануу белгиленген: Балык чарба департаментинде – 3 даана жеңил автотранспорт; Жайыт жана асыл тукум мал чарба департаментинде – 2 даана жеңил автотранспорт, "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Ысык-Көл облусу боюнча филиалына – 1 бирдик; Баткен райондук суу чарба башкармалыгында – 1 даана, 1 автотранспорт бирдиги Суу пайдалануучулар ассоциациясы тарабынан автомашина Баткен райондук суу чарба башкармалыгынын балансында турганына карабастан пайдаланылып жатат; Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында - 1 бирдик; Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде – 12 бирдик; Ысык-Көл жерге жайгаштыруу экспедициясында - 1 бирдик; Жер ресурстары кызматында - 2 бирдик; Ысык-Көл башкы суу чарба башкармалыгында -2 бирдик.

Жер жана суу көзөмөлдөө кызматынын Ысык-Көл региондор аралык башкармалыгында "Мерседес Бенц" үлгүсүндөгү мамлекеттик номуру 01 KG459AI автомашинанын кыймылдаткычынын көлөмү 3,2 куб. белгиленген нормадан (2700 куб) ашыкча.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун транспорттук чыгымдарды эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен Талас облусунун Манас РАӨБдө, Бакай-Ата РАӨБдө, Ноокен РАӨБдө, Тогуз-Торо РАӨБдө жол баракчалары туура эмес толтурулган: жол баракчалары айына бир жолу таризделет, анда бара турган жерлер, жөнөп кетүү, кайтып келүү датасы ж.б. жөнүндө күнүмдүк маалыматтар (белгилер) жок. Жол баракчаларында (спидометрдин көрсөткүчтөрү жок, бирок басып өткөн километрлер кайсы литрге эсептен чыгарылганы көрсөтүлгөн, иш жүзүндө канча километр басып өткөнүн



текшерүүгө мүмкүнчүлүк жок. Күйүүчү-майлоочу майлардын баасы спидометрдин көрсөткүчтөрү жок эле аныкталат. РАӨБ жетекчилиги тарабынан кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын тейлөөгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттар натыйжасыз жана сарамжалсыз пайдаланылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү жөнүндө жобонун" транспорттук каражаттардын чыгымдарын эсепке алуу жана контролдоо бөлүгүнүн аткарылышы камсыз кылынсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240- "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна ылайык төмөндөгүлөр камсыздалсын:

- Мамлекеттик органдарды тейлөө үчүн нөөмөттүк жеңил автотранспорттун санынын лимити (атайын автомашиналардан башкасы) (2-тиркеме): Балык чарба департаментинде, Жайыт жана асыл тукум мал чарба департаментинде, "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Ысык-Көл облусу боюнча филиалында; Баткен райондук суу чарба башкармалыгында, Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде, Жер ресурстары кызматында, Ысык-Көл жерге жайгаштыруу экспедициясында жана Ысык-Көл башкы суу чарба башкармалыгында;
- Кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналардын отунду чыгымдоого белгиленген лимиттердин ченемдеринин сакталышы камсыздалсын.

Жер жана суу көзөмөлдөө кызматында колдонулган транспорт каражаттарынын кыймылдаткычтарынын көлөмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240- "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна ылайык көрсөтүлгөн көлөмгө шайкеш келтирилсин.

Эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган ар кандай долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында сатылып алынган же бөлүнгөн, белгиленген лимиттерге кирбеген, анын ичинде гранттар жана башка каржылоо булактары аркылуу алынган транспорт каражаттары эсепке алынсын.

Кызматтык автотранспортту жана адистештирилген автомашиналарды инвентаризациялоо боюнча иш алып барылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппараты Айыл чарба министрлигинин системасында бюджеттик каражаттардын негизги тескөөчүсү катары энергетикалык ресурстарды керектөөгө контролду камсыз кылбайт (финансы жана бухгалтердик эсеп башкармалыгынын функционалдык иш милдети).

Аудитке Айыл чарба министрлигинин бардык ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн ведомстволук мекемелеринин контекстинде жылуулукту, электр энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн жыйынтыкталган талдоосу берилген эмес.

2020-2021-жылдарга коммуналдык керектөөлөргө лимиттер бекитилген эмес, 2019-жылга электр жана жылуулук энергиясын керектөөнүн лимиттеринин деңгээлинде салыштыруу менен аныкталды.

Натыйжада, 2021-2022-жылдардын жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги № 137- "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомунда каралган электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын пайдалануу боюнча белгиленген лимиттер боюнча жалпы маалымат жок.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги № 137- "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомун бузуу менен:

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы № 01-13/138-буйругу менен электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттери кечиктирилип, 2022-жылдын экинчи жарымында гана бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде 2021-2022-жылдарга жана 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында электр энергиясын, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттери бөлүштүрүлгөн эмес жана ведомствого караштуу бөлүмдөргө билдирилген эмес; жылуулукту, электр энергиясын, жаратылыш газын керектөөгө талдоо жүргүзүлбөйт, ведомствого караштуу ведомстволор тарабынан энергетикалык ресурстардын керектелишине контролдук камсыз кылынбайт; жылуулук, электр энергиясын жана жаратылыш газын керектөө боюнча отчет Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилген эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-сентябрындагы № 137- "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомунун, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2022-жылдын 23-августундагы № 01-13/138 2022-жылга бюджеттик мекемелер үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөө лимиттерин бекитүү жөнүндө буйругунун аткарылышы камсыз кылынган эмес.



Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги №102- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик мекемелер жана уюмдар үчүн электр энергиясын, жылуулукту, жаратылыш газын, сууну керектөөнүн лимитин бекитүү жөнүндө" тескемесинин талаптарын бузуу менен айрым уюмдарда электр жана жылуулук энергиясын керектөөнүн лимити сакталган эмес, үнөмдөө боюнча чаралар көрүлгөн эмес, натыйжада электр энергиясын жалпы эсептегенде 2952,0 миң сомго ашыкча чыгымдалган, анын ичинен: 2021-жылы төмөндөгү мекемелерде:

- Геодезия жана картографиясы мамлекеттик мекемесинде жылуулук энергиясы боюнча 193,1 миң Гкал 369,9 миң сомго;

- Электр энергиясы:

-Талас РСЧБда 41,3 миң кВт/с 36,2 миң сомго; Жайыл РСЧБда – 4,5 миң кВт/с 11,3 миң сомго; Бакай-Ата РСЧБда 52,6 миң кВт/с 47,8 миң сомго; Кара-Буура РСЧБда – 183,3 миң кВт/с 160,8 миң сомго; Манас РСЧБда – 181,9 миң кВт/с 164,5 миң сомго.

2022-жылы электр энергиясына 2519,2 миң сомго жана жылуулук энергиясына 55,8 миң сомго ашып кеткен: Өзгөн РВБда - 9,7 миң сомго; Жайыл РВБда 11,5 миң кВт/с 43,9 миң сомго; Панфилов РСЧБда (насостук станция боюнча) 64,2 миң кВт/с 668,5 миң сомго; Ысык-Көл райондук суу чарба башкармалыгында ("Береке" насостук станциясы боюнча) 165,0 миң кВт/с- 181,0 миң сомго; Токтогул РСЧБда -845,7 миң кВт/с 112,5 миң сомго; Манас РСЧБда 378,2 миң кВт/с 414,1 миң сомго; Араван РСЧБда (насостук станция боюнча) 1660,9 миң кВт/с 614,2 миң сомго; Кара-Суу РСЧБда (насостук станция боюнча) 195,4 миң кВт/с 214,0 миң сомго; Ош БСЧБда (насостук станция боюнча) 63,6 кВт/с 69,6 миң сомго.

- Баткен РСЧБда 2021-жылы чыгымдар сметасында электр энергиясынын чыгымдары үчүн 5933,6 миң сомго такталган, факты жүзүндө эсептелген чыгымдары 8095,0 миң сом (9544,4 миң кВт/саат түзгөн) же 2161,5 миң сомго электр энергиясы үчүн каралган сметадан ашыкча каражат чыгымдалган.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Финансы жана бухгалтердик эсеп башкармалыгы тарабынан аудиттин жүрүшүндө берилген маалыматтар боюнча (10 гана ведомстволук бөлүм боюнча) 2019-жылга бекитилген лимиттер менен 2022-жылдын аягында Жайыт жана асыл тукум мал чарба департаментинде жылуулук энергиясына 55,8 миң сомго жана электр энергиясына 30,9 миң сомго лимиттен ашык керектөө белгиленген.

**Аныкталды жана корутунду**

Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында телефон байланышына кеткен чыгымдарга жетекчилик тарабынан көзөмөл жок, шаар аралык телефон сүйлөшүүлөрүнүн чыгымдарына лимиттер белгиленбеген, анын натыйжасында 2020-2022-жылдары шаар аралык телефон чалуулар боюнча натыйжасыз чыгымдар жалпы суммасы 96,9 миң сомду түзгөн (2020-жылы - 37,5 миң сом, 2021-жылы - 31,9 миң сом, 2022-жылы - 27,5 миң сом).

**Сунуштама**

Министрликке караштуу ведомстволук мекемелеринде электр энергиясына жана жылуулук энергиясына белгиленген лимиттик жана сметалык тапшырмалардын чегинде керектөө камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 220- "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтому жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2022-жылдын23-августундагы №01-13/138- "2022-жылга бюджеттик мекемелер үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөө лимиттерин бекитүү жөнүндө" буйругун аткаруу камсыздалсын.

Жылуулук жана электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимиттери жөнүндө ведомствого караштуу жана аймактык бөлүмдөргө өз убагында билдирилсин.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-апрелиндеги № 137- "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2021/2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомуна ылайык ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилеринин жоболорду бузгандыгы үчүн, ошондой эле электр жана жылуулук энергиясынын белгиленген лимиттерин ашыргандыгы үчүн жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу үчүн электр энергиясын керектөө лимитин ашырууга жол берилбесин.

Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында телефон байланышына кеткен чыгымдарга көзөмөл камсыздалсын жана шаар аралык телефон сүйлөшүүлөрүнүн чыгымдарына лимиттер белгиленсин.

**Аныкталды жана корутунду**

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинде Географиялык маалыматтык системалар жана маалыматтык технологиялар башкармалыгынын кызматкерлеринин (адистеринин) толук курамында (вакансия болбогон учурда), Географиялык маалыматтык системалар жана маалыматтык технологиялар башкармалыгынын негизги функцияларына жана милдеттерине тиешелүү иштерди аткаруу үчүн тышкы адистер тартылып кызмат көрсөтүлгөн (келишимдерди түзүү менен). "Кадастр" мамлекеттик мекемеси 2020-жылы 660,0 миң сомдук, анын ичинен: 1-учурда 5 тышкы адистерге 500,0 миң сомдук, 2-учурда 4 тышкы адистерге 160,0 миң сомдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн эмгек акы фондусунан төлөп берген, бул "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин борбордук аппаратынын каражаттарды жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**



"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Географиялык маалыматтык системалар жана маалыматтык технологиялар башкармалыгы жөнүндө жобого ылайык, Географиялык маалыматтык системалардын негизин түзүүдө кадастрдык иштер "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин болгон ресурстарынын эсебинен жана чегинде жүргүзүлсүн, сырттан штаттан тышкаркы адистер тартылбасын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 114-беренесин бузуу менен кызматкерлер дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрү жетекчинин жазуу жүзүндөгү буйругу менен ишке тартылган (өзгөчө учурлар тескелген эмес). Дем алыш жана майрам күндөрүндө иштегени үчүн эмгек акыга чыгымдар Министрликте (Борбордук аппарат) 2021-жылы - 500,8 миң сомду, Жер ресурстары кызматында - 48,4 миң сомду; Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин башкармалыгында – 178,9 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 114-беренесинин дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүндө кызматкерлерди ишке негиздүү тартуу бөлүгүнүн талаптары, төмөндөгү мекемелерде: Министрликте (Борбордук аппарат), Жер ресурстары кызматында, Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин башкармалыгында сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Айрым кызматкерлерди иштен бошотууда, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин жетекчилигинин мыйзамсыз аракеттеринен жана өз убагында аракетсиздигинен бюджеттик жоготуулар аныкталган: Жайыт, мал чарба жана балык департаментинин кызматкерине - 309,2 миң сом; Балык чарба департаментинде - 93,1 миң сом аргасыз жумушка келбей калганына төлөп берүүнүн эсебинен которулган. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна 4,7 миң сом өлчөмүндө мамлекеттик алым төлөнгөн. (Соттун 2021-жылдын 20-декабрындагы № ГД-4049/2163-токтомуна ылайык, андан тышкары Биринчи Май райондук сотунун 20-декабрындагы № ГД-4049/2163-токтомуна ылайык).

"Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына каршы, түздөн-түз укукка каршы аракеттерди жасаган адамга карата тескери талаптар (регрессия) коюлган эмес.

**Сунуштама:**

Жайыт, мал чарба жана балык чарба департаментинде, "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 4-пунктуна ылайык соттун чечиминин негизинде чечим кабыл алган адамдын эмгек акысынан ал келтирген зыяндын суммасын кайтарма талап (регресс) менен ордуна коюу каралсын.

Кызматкерлерди жумуштан бошотууда негизсиз жана мыйзамсыз аракеттерге жол берилбесин.

Кызматкерлерди жумуштан бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Бюджеттик милдеттенмелердин жана төлөмдөрдүн өз убагында аткарылбагандыгына байланыштуу туумдар жана айыптар эсептелинип бюджеттик жоготуулар 2083,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- электр энергиясы үчүн 1089,0 миң сом: 2021-жылы Суу чарба кызматынын ведомстволук уюмдарында: Жалал-Абад СЧББ боюнча - 166,2 миң сом; Ноокен РСЧБ боюнча - 215,8 миң сом; Токтогул РСЧБ боюнча - 25,7 миң сом; Баткен СЧББ боюнча - 59,1 миң сом; 2022-жылы Ноокен РСЧБ - 579,2 миң сом, Токтогул РСЧБ боюнча - 43,0 миң сом;

- жылуулук энергиясы үчүн Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институтунда "Бишкекжылуулукэнерго" муниципалдык ишканасына 34,5 миң сом суммасында;

- салыктарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн 779,6 миң сом, анын ичинде: РАӨБдө 2021-жылы - 335,1 миң сом, 2022-жылы - 129,4 миң сом: 2021-жылы Базар-Коргон РСЧБда - 7,6 миң сом; Ноокен РСЧБда - 199,1 миң сом; Геодезия жана картография мамлекеттик мекемесинде - 108,4 миң сом;

- Чаткал РВБда отчетторду өз убагында бербегендиги үчүн (эмгек акы баракчасын берүү мөөнөтүн кечиктиргендиги үчүн) Чаткал райондук сотунун ГД-169-22/Д-12 чечиминин негизинде 2021-жылы 69,9 миң сом кайтарылган, анын 18,1 миң сому мурдагы башкы бухгалтер Ж. Муратбеков тарабынан төлөнгөн, ал эми 26.12.2022-жылдагы № 59 төлөм тапшырмасы боюнча 2111 "Эмгек акы" беренеси боюнча үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен камсыздандыруу төлөмдөрүнө 51,8 миң сом которулган, натыйжада бюджеттик жоготуулар 51,8 миң сомду түзгөн;

- Камсыздандыруу төгүмдөрү РАӨБдө 2022-жылы 128,2 миң сомдук туум жана санкциялар төлөнгөн, анын ичинде: Кара-Кулжа РАӨБдө - 20,2 миң сом, Базар-Коргон РАӨБдө - 43,5 миң сом, Ысык-Ата РАӨБдө - 11,4 миң сом, Тоң РАӨБдө - 15,3 миң сом, Алай РАӨБдө - 14,2 миң сом, Сузак РАӨБдө – 17,0 миң сом, Жети-Өгүз РАӨБдө - 5,7 миң сом.

**Сунуштама**

Эмгек акыдан салыктарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн кармап калууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобонун" Милдеттенмелерди эсепке алуу 8-главасынын 2-параграфынын эмгек акы боюнча милдеттенмелерди эсепке алуу бөлүгүнүн талаптары аткарылсын.

Эмгек акы боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы жана коммуналдык кызматтарга жана бюджетке төлөмдөрдү өз убагында жана



толук төлөбөгөндүгү үчүн жоопту кызматкерлерге тартиптик жоопкерчилик белгиленсин.

Бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында, төмөндөгү мекемелерде:

- Суу чарба кызматында, Ноокен жана Токтогул РСЧБларда, АЧМ караштуу Кыргыз дайканчылык илимий-изилдөө институтунда, Жалал-Абад СЧББда, Баткен СЧББда электр жана жылуулук энергиясы үчүн өз убагында төлөм жүргүзүлсүн;

- РАӨБдө, Базар-Коргон жана Ноокен РСЧБларда, Геодезия жана картография мамлекеттик мекемесинде бюджетке салыктардын өз убагында жана толук төлөнүшү камсыздалсын;

- Кара-Кулжа РАӨБдө, Базар-Коргон РАӨБдө, Ыссык-Ата РАӨБдө, Тоң РАӨБдө, Алай РАӨБдө, Сузак РАӨБдө, Жети-Өгүз РАӨБдө камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук төлөө камсыздалсын;

- Чаткал РВБда салык кызматына отчеттордун өз убагында жана толук берилиши камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183-токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө" жобону бузуу менен 2021-жылы "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Беловодск филиалы тарабынан ижарачыга керектелген электр жана жылуулук энергиясы үчүн 2,6 миң сом; "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Ноокен филиалы тарабынан 1,3 миң сом төлөм берилген эмес. Ошол эле учурда ижарачы менен ижара келишими 2021-жылдын 26-мартында бузулуп, натыйжада бюджеттик жоготуу 4,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:***

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Беловодск жана Нооке филиалдарында ижара келишимин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183-токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптары, анын ичинде ижарачы тарабынан коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637-токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (иштер) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибине" ылайык өздүк нарк боюнча түзүлөт, мында пайда күтүлбөгөн учурда жана "Кадастр" ММси тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын баалары өздүк

наркы боюнча иштелип чыгып, 2018-жылы монополияга каршы орган тарабынан бекитилген.

"Кадастр" мамлекеттик мекемеси коммерциялык ишти жүзөгө ашыруучу чарбалык эсеп жүргүзүүчү ишканага кирбейт. "Кадастр" мамлекеттик мекемесинде акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637-токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (иштер) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибине" ылайык түзүлөт, мында пайда алуу каралбайт. Бирок, 2020 жана 2021-жылдар үчүн "Кадастр" мамлекеттик мекемеси тарабынан тиешелүү түрдө 3731,7 миң сом жана 7269,4 миң сом жана 2022-жылга 9050,0 миң сом пайдага салыгы негизсиз эсептелип, анын ичинен 517,1 миң сом туум айып эсептелген, натыйжада 01.01.2023-жылга карата "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин пайдага салыгы боюнча 696,6 миң сом өлчөмүндө карызы түзүлгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына:**

"Кадастр" мамлекеттик мекемеси киреше салыгын төлөөчүлөрдүн реестринен чыгуу боюнча чараларды көрсүн жана 2020-2022-жылдар үчүн төлөнгөн пайдага салыгынын 20051,1 миң сом суммасын кошумча нарк салыгын (КНС) төлөө катары эсепке алынышы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын 24-мартындагы акт боюнча Кадамжай филиалына жөнөтүлгөн партиядан 5,8 миң сом суммасына 100 даана жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актынын бланктары бузулган. Ошол эле учурда "Кадастр" МИ тарабынан "Ылдам-Экспресс" ЖЧКсына "Кадастр" МИнин филиалдарына ташып келүүдө бузулган бланктарды компенсациялоо боюнча эч кандай доомат коюлган эмес же 5,8 миң сом каражатын жоготуу болгон.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин жетекчилиги "Ылдам-Экспресс" ЖЧКсына жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актынын 100 даана бузулган бланкаларынын ордун толтуруу боюнча 5,8 миң сом өлчөмүндө доо коюу боюнча тийиштүү чараларды көрсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, 2023-жылдын 1-январына карата коммерциялык банктардагы пайыздык эсептердеги "Сарымсак" долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн 177,0 миң сомдук, Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунун 13,2 миң сомдук акча каражаттарынын калдыктары республикалык



бюджеттин кирешесине которулууга тийиш. (*Аудит учурунда бул суммалар республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулган*).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, бюджеттик жылдын акырында пайдаланылбаган бюджеттик каражаттар республикалык бюджеттин эсебине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Манас райондук ветеринария башкармалыгында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин талаптарын бузулары аныкталган, ага ылайык "Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары болгон, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен которулууга жатат" деп белгиленген, 2022-жылдын акырына карата 2111 "Эмгек акы" беренеси боюнча пайдаланылбаган, үнөмдөлгөн акча каражаттары 133,4 миң сом суммасында "Кыргызстан" АКБ Талас филиалына № 1031120000036861 эмгек акы эсебине которулган, кийин алар, 2023-жылдын январында кызматкерлердин жеке эсебине эмгек акы катары которулган.

**Сунуштама:**

Манас райондук ветеринария башкармалыгында, 2022-жылдын акырына карата пайдаланылбаган каражаттар, 2111 "Эмгек акы" беренеси боюнча үнөмдөлгөн каражаттар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык 133,4 миң сом өлчөмүндө республикалык бюджеттин кирешесине чегерилсин.

Мындан ары, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкаркы бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен тиешелүү бюджеттин эсебине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-бerененин 10-бөлүгүнүн талаптарына ылайык которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Чүй СЧББда Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6- жана 47-беренелерин бузуу менен, жыгач жана отун сатуудан атайын каражаттардын эсебине түшкөн 19,3 миң сом каражаттары бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, Чүй СЧББда отун сатуудан түшкөн 19,3 миң сом республикалык бюджетке которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратынын кассасына 2021-жылдын 1-январына карата катталган 13,7 миң сом дебитордук карыздар (жол акысы) төгүлгөн, бирок республикалык бюджеттин кирешесине которулган эмес (Аудит учурунда бюджеттин киреше бөлүгүнө которулган).

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында:

Кызматтык сапарга сарпталган чыгымдар бекитилген чыгымдар сметасына ылайык так жүргүзүлсүн.

Жылдын аягында кызматтык сапарлар үчүн дебитордук карыздардын пайда болуусуна жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

2020-2021-жылдары кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин республиканын ар кандай коммерциялык банктарындагы учурдагы эсептеринде топтолгон. 3 коммерциялык банктан "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин учурдагы эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары боюнча чегерилген пайыздар бюджеттик мыйзамдарга ылайык 2586,0 миң сом, анын ичинде: 2020-жылга – 119,1 миң сом, 2021-жылга – 2466,9 миң сом Кыргыз Республикасынын бюджетинин киреше бөлүгүнө чегерилүүгө тийиш. "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин эсептешүү эсептерин тейлеген башка коммерциялык банктар үчүн келишимдер боюнча эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары боюнча пайыздар каралган эмес. 2022-жылдын 1-январынан тартып "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин ишмердүүлүгү бирдиктүү казыналык эсептин атайын эсебине которулган, ал Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесине ылайык келет.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

2586,0 миң сом - "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин учурдагы эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары боюнча чегерилген пайыздарды республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош шаардык ветеринария башкармалыгында негизги каражаттарды жана товардык материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоодо (ветеринардык лабораторияларга жарактуулугу өтүп кеткен биологиялык препараттар берилген) 2023-жылдын январь айында жарактуулук мөөнөтү өткөн 3,6 миң сомдук биологиялык каражаттардын бар экендиги аныкталган же 3,6 миң сомдук бюджеттик каражаттар натыйжасыз пайдаланылган.

2022-жылы, 1,2 миң сом өлчөмүндөгү дары-дармектер жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу эсептен чыгарылган же 1,2 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик каражаттар рационалдуу эмес пайдаланылган.



**Сунуштама:**

Ош шаардык ветеринария башкармалыгында, ветеринардык лабораторияларга жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен биологиялык препараттарды берүүгө уруксат берген жана жарактуулук мөөнөтү өткөн биологиялык препараттарды сактаган жоопту кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Нарын СЧББда курулуш иштери аяктаганга чейин подрядчы "АЗиК" ЖЧКсына келишимде каралбаган 100 % (50 %дын ордуна) 7708,0 миң сом суммасында аванс төлөнүп берилген. Келишимдик милдеттенмелер азыркы учурга чейин аткарыла элек. Келишимде келишимдик баадан 2 % же 154,2 миң сом өлчөмүндө айып пул төлөө каралган.

Ветеринардык лабораторияларга жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен биологиялык продуктуларга уруксат берүүгө жана берүүгө жол берген кызмат адамдарына жана биологиялык продуктулардын жарактуулук мөөнөтүн сактоого жоопту адамдарга тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Сунуштама:**

Подрядчы "АЗиК" ЖЧКсынан келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн 154,2 миң сом келишим баасынын 2 % өлчөмүндө айып өндүрүп алуу талап кылынсын. Курулуш иштерин бүтүрүү үчүн подрядчы "АЗиК" ЖЧКсына таасирдүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында Келишимдин 3.1-пунктун бузуу менен Ветеринардык кызматтын борбордук аппараты тарабынан 1000 микрочип 5 күнгө мөөнөтүн кечиктирүү менен жеткирилгендиги үчүн Жеткирүүчүгө 2021-жылы 108,5 миң сом айып салынган эмес (*аудит учурунда 108,5 миң сом республикалык бюджетке которулган*).

Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантини департаментинде жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн, келишимдерде каралган "Юни Хелп" ЖЧКсына айып пул 2022-жылы 197,2 мин сом (116,6 миң сомду жана 80,6 миң сомду) эсептелген (*аудит учурунда 197,2 миң сом республикалык бюджетке которулган*).

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Антимонополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 5-апрелиндеги №13 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын 2018-жылдын 6-апрелиндеги №153-буйруктары менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин аймактык органдары тарабынан аткарылуучу иштерге баалардын прейскурантын" бузуу менен 2 юридикалык жактын ("Кахана" жана "Две пятерки" турак жайларынын менчик ээлеринин шериктигинин) мүлкүнө укук белгилөөчү документтер

жеке жактар үчүн негизсиз тариздеген, натыйжада кирешелердин түшпөй калуусу 2021-жылы 3,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

“Кадастр” ММнин Бишкек филиалынын эсебине 3,6 миң сом суммасында кирешелердин түшүүсү камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Чүй токой аңчылык чарбасында 1822,18 га жер ар кандай максаттарга ижарага берилген, анын ичинде 142,51 га жер 139 ижарачыларга балык чарбасын куруу үчүн берилген.

2020-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин “Кыргыз токой жайгаштыруу” мамлекеттик мекемесиинин кызматкерлери тарабынан, балык чарбасын куруу үчүн пайдаланууга берилген жерлердин 13 ижарачыга, жалпы аянты 10,864 га жерге болгон токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларын жана коромжуларын эсептегенде 21 604,4 миң сомду түзгөн. Ушул эсептөөлөргө ылайык, 1 га аянтка орточо эсеп менен алганда жоготуулар 1988,6 миң сомду түзсө, калган 131,646 га (142,51-10,864) жерге жоготуулар 261 791,2 миң сомду (131,646*1988,6) түзөт.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматына:**

Токой кызматынын жетекчилиги токой чарбасынын жерлерин пайдалануу боюнча жоготууларга жол берген кызмат адамдарына карата тиешелүү чараларды көрсүн жана токой чарба өндүрүшүнүн чыгымдары жана жоготуулары боюнча так эсептөөлөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Конкурстук тооруктардын жыйынтыгы боюнча Чаткал СЧБ жана “Арашан-Строй” ЖЧКсы ортосунда 11 км. чарбалар аралык “Афлатун” каналын капиталдык оңдоо боюнча иштерди аткаруу үчүн датасыз номери жок жалпы суммасы 2022-жылы 7053,4 миң сомго келишим түзүлгөн.

Заказчы катары Чаткал суу чарба башкармалыгы тарабынан “КР Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесине шайкеш келтирбестен жеткирүүчүгө “Арашан-Строй” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдин суммасынын 2 % өлчөмүндө контракттын аткарылышын кепилдик камсыздоону (7053,4 миң сом) суроо бөлүгүндө конкурстук документтердин талаптары аткарылган эмес, ал 141,0 миң сомду түзөт.

**Сунуштама:**

Чаткал суу чарба башкармалыгы түзүлгөн келишимдин суммасынын 2 % өлчөмүндө контракттын аткарылышын кепилдик камсыздоону берүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.



**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө” токтомун бузуу менен 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитинин жыйынтыктары боюнча автотранспорт каражаттарынын белгиленген лимиттеринен тышкары Ветеринардык кызматтын гаражында Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында эл аралык долбоорлордун каражаттарынын эсебинен берилген 7 бирдик автотранспорт каражатынын ашыкча болушу, анын ичинде: 2 бирдик Renault Duster автомобили, 1 бирдик нива моделиндеги ВАЗ “21214”; 4 бирдик жүк ташуучу DUNFEN автомобили аныкталган, алар аудиттин жүрүшүндө 6 665,8 миң сом деп таанылган балансттык наркы менен мекеменин балансына кабыл алынган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин жетекчилиги тарабынан:

– Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана Коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондго эл аралык уюмдар тарабынан каржылануучу, анын алкагында автотранспорт каражаттары сатылып алынуучу же бөлүнүп берилүүчү долбоорлордун ишке ашырылышынын башталышы жөнүндө маалыматты берүү камсыз кылынсын;

– оперативдүү башкаруусунда же чарба жүргүзүүсүндө турган, эл аралык уюмдар тарабынан каржылануучу ар кандай долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында сатып алынган же бөлүнгөн, белгиленген лимиттерге кирбеген, анын ичинде гранттардын жана каржылоонун башка булактарынын эсебинен сатып алынган же бөлүнгөн автотранспорт каражаттарын алар аяктагандан кийин Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын оперативдүү башкаруусуна өткөрүлүп берилсин.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана Коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы менен биргеликте белгиленген тартипте:

– Министрликтин бошогон каражаттары боюнча сунуштарды киргизсин;

– Айыл чарба министрлиги менен бирдикте Айыл чарба министрлигинин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүндөгү кызматтык автотранспортко, ошондой эле адистештирилген автомашиналарга инвентаризация жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында Жер ресурстары боюнча Мамлекетик агенттиктин (мындан ары-Мамлекеттик агенттик) буйруктарынын негизинде башка уюмдарга бардыгы болуп 2 295,1 миң сом суммасында негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар, анын ичинде: "Кыргызгипрозем" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоорлоо институту" МИге 2 даана ноутбук 6 айлык мөөнөткө (04.04.2022-ж.) убактылуу пайдаланууга берилген, бирок азыркы учурга чейин кайтарылып берилген эмес; "Кыргызгипрозем" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоорлоо институту" МИге 20 даана ноутбук 3 айлык мөөнөткө (11.03.2022-ж.) убактылуу пайдаланууга берилген, азыркы учурда 10 ноутбук кайтарылган, 10 ноутбук кайтарылган эмес, "Кадастр" мамлекеттик ишканасынын Баткен филиалына 10 даана ноутбук 3 айлык мөөнөткө (11.03.2022-ж.) берилген, бирок азыркы учурга чейин кайтарылып берилген эмес.

Жер ресурстары кызматынын жетекчилиги тарабынан ал ноутбуктардын өз убагында кайтарылышын контролдоо камсыз кылынган эмес, айрым учурларда негизги каражаттарды кайтаруу мөөнөттөрү аныкталган эмес. Бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдалануу 2 295,1 миң сомду түздү.

**Сунуштама:**

Жер ресурстары кызматынын

Негизги каражаттарды: алардын курамын, кыймылын, абалын жана натыйжалуу пайдаланышын эсепке алуу, "Кыргызгипрозем" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долбоорлоо институту" мамлекеттик ишканасына убактылуу пайдаланууга берилген 12 комплект ноутбукту жана "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Баткен филиалына берилген 10 комплект ноутбукту кайтаруу мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн;

Борбордук шайлоо комиссиясына убактылуу пайдаланууга берилген 275 даана манжа издери үчүн сканерлерди кайтаруу мөөнөтү аныкталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Б. Мамбетов атындагы Орто-Токой суу сактагычы башкармалыгынын балансында жемиш багы бар (250 даана өрүк, 450 даана алма, 24 даана алмурут), аларды тейлөө үчүн (сугаруу, бутоо ж. б.) кызматкерлердин штаты бар (2021-жылы – 10 бирдик, 2022-жылы – 6 бирдик), аларды күтүүгө чыгымдар 2021-жылы – 1580,8 миң сомду, 2022-жылы – 468,0 миң сомду түзгөн. Бирок бакчаны суу сактагычтын аймагында жашаган тургундар (профсоюз комитетинин чечими боюнча) акысыз пайдаланышат, жемиш бакчасынын бардык түшүмүн тургундар чогултушат. Натыйжада аудит



жүргүзүлгөн мезгил үчүн бюджеттик каражаттардын сарамжалсыз чыгымдары 2048,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Бюджеттин каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу максатында, Б. Мамбетов атындагы Орто-Токой суу сактагычы башкармалыгынын балансындагы жемиш багын ижарага берүүнүн максатка ылайыктуулугу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылы бухгалтердик эсептин автоматташтырылган системасын 1С-бухгалтерия программасы боюнча коштоого 1 жеке ишкер З. Жээналиева менен Ат-Башы суу чарба башкармалыгында 24,0 миң сомго, Нарын суу чарба башкармалыгында 24,0 миң сомго, Тогуз-Торо суу чарба башкармалыгында 18,0 миң сомго, Ош суу чарба башкармалыгында 20,0 миң сомго келишимдер түзүлгөн.

Бирок, бул программа толук кандуу иштебей жаткандыгы, мемориалдык ордер чыгарылбай жаткандыгы, Социалдык фондго, Салык кызматына ай сайын берилүүчү отчеттор түзүлбөй жаткандыгы аныкталды. Натыйжада, аталган уюмдардын жалпы суммасы 86,0 миң сом акча каражаттары 1С-бухгалтерия программасы боюнча бухгалтердик эсептин автоматташтырылган системасын коштоо үчүн акы төлөөгө сарпталган, б.а. пландалган максаттарга жетишилген жок.

**Сунуштама**

Ат-Башы, Нарын, Тогуз-Торо суу чарба башкармалыктарында, Ош шаардык суу чарба башкалыктарында толук кандуу иштеши үчүн 1С-Бухгалтерия программасын толуктап иштеп чыгуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин борбордук аппаратынын "Кыргызгазстрой" ЖАКсы боюнча 2011-жылдан азыркы учурга чейин 9 776,2 миң сом суммасында дебитордук карыздары бар. Бул дебитордук карыздар, 2011-жылы эле Ош облусунун "Савай" айыл округунун аймагындагы жер астындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү" объектисин куруу боюнча дренаждык иштер үчүн, Министрликке которулган. Министрликтин маалыматы боюнча, объекттин толук бүтпөгөндүгүнө байланыштуу, Савай айыл аймагы объектти кабыл алуудан баш тарткандыктан, объект бүгүнкү күнгө чейин пайдаланууга бериле элек. Демек, иштерди аяктоо боюнча тиешелүү ырастоочу документтердин, объекти кабыл алуу-өткөрүү актыларынын жоктугунан улам жогоруда көрсөтүлгөн сумма, Борбордук аппарат боюнча дебитордук карыз катары эсептелет. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин жетекчилиги тарабынан бул маселени чечүү боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ош облусунун "Савай" айыл округунун аймагындагы жер астындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү" объектисинин курулушун аяктоо боюнча маселени чечүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Ош облусунун "Савай" айыл округунун аймагындагы жер астындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү" объектисинин курулушун аяктоо боюнча маселени чечүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694-токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманы (мындан ары – Нускама) бузуу менен **Айыл чарба министрлигинде, анын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүндө** жылдык отчеттор боюнча ченемден ашыкча запастардын жана дебитордук карыздардын суммалары эсепке алынган эмес, 2021-жылы 81 285,0 миң сом; 2022-жылы 86 912,5 миң сом, анын ичинен: ченемден ашыкча запастар 82660,1 миң сом жана дебитордук карыздар 4251,9 миң сом, алар учурдагы жылдагы каржылоодо эсепке алынууга тийиш. Чечмелөөсү тиркелет (1-тиркеме).

**Сунуштама**

Айыл чарба министрлигинде 1-тиркемеге ылайык, 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча аныкталган 82660,1 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары жана дебитордук карыздардын пайда болушунун себептери тариздселсин.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694-токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын талаптары сакталсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде, анын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүндө 2024-жылы каржылоодо, 2022-жылдын жыйынтыктары боюнча аныкталган 82660,1 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары жана 4251,9 миң сом дебитордук карыздар, 2023-жылы өздөштүрүүнү эске алуу менен, талдоонун жыйынтыгы боюнча эсепке алынсын.

**Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында:**

**Аныкталды жана корутунду**

1. "Жаныбарлардын саламаттыгын коргоо федералдык борбору" (мындан ары – ЖСКФБ, конкурстук тооруктардын жалгыз катышуучусу)



Федералдык мамлекеттик бюджеттик мекеме менен 67 560,0 миң сомго шарпка каршы A\ Iran-05, A\Sea-97, O\PanAsia-2, O\Ind-2001, Asia-1 Sindh-08 (5 валенттүү) 2 000,0 миң доза вакцина сатып алууга 2022-жылдын 4-апрелинде № 7-келишим түзүлгөн.

"Жаныбарлардын саламаттыгын коргоо федералдык борбору" Федералдык мамлекеттик бюджеттик мекемесинин Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын дарегине жөнөтүлгөн штаммдарды дифференциациялоо жөнүндө 02.03.2022-жылдагы 09-02/1792 отчетунда Россияда, Казакстанда, Монголияда шарп оорусунун чыгышына байланыштуу колдонулуучу вакциналардын антигендик курамын өзгөртүү сунушталат жана сезгич жаныбарларды профилактикалык иммунизациялоо үчүн поливаленттүү сорбирленген вакцинаны колдонуу сунушталган, анын курамына төмөнкү генетикалык линиялардын өндүрүштүк штаммдары киргизилген: A\ Iran-05, A\Sea-97, O\PanAsia-2, O\Ind-2001, Asia-1 Sindh-08. 5 валенттүү вакциналарды жеткирүүчүдөн – Федералдык мамлекеттик бюджеттик мекеме сатып алуу жөнүндө бул чечим "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамынын 6-беренесине каршы келет. Кызыкчылыктардын кагылышуусу, 1-бөлүк ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу сатып алууларда жеткирүүчүлөр, консультанттар катары катышууга же алар менен аффилирленген жак болууга тыюу салган 2-пунктча. Сатып алуучу уюм Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын бузуу менен келишим түзгөн, анткени 5 валенттүү вакциналарды сатып алуу жеткирүүчүнүн өзүнүн – ФМБМдин сунуштамасы боюнча жүргүзүлгөн.

Аудит жогорку натыйжалуу вакциналарды - A\ Iran-05, A\Sea-97, O\PanAsia-2, O\Ind-2001, Asia-1 Sindh-08 беш валенттүү вакциналарын сатып алуунун жана колдонуунун өзү натыйжасыз деп эсептейт, анткени Кыргызстанда шарп эпидемиясы, шашылыш учурлар катталган эмес, ошондуктан 3 валенттүүнү да колдонсо болот.

Белгилей кетсек, вакциналар (5 валенттүү) 1 доза үчүн 33 сом 80 тыйын баасы менен алынган, ал эми үч валенттүү вакциналардын баасы 1 доза үчүн 26 сом же 7 сом 80 тыйын (1 доза) жогору. Аудит 15 600,0 миң сом (2 000,0 миң доза x 33,80 сом) - (2 000,0 миң доза x 26 сом) суммасындагы бюджеттик каражаттар натыйжасыз пайдаланылган деп эсептейт.

Аталган конкурстук тоорук боюнча документтердин түп нускалары Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун тергөө судьясынын 10.11.2022-жылдагы № 03-150-2022-000265 кылмыш-жаза иши боюнча токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын тергөө башкармалыгы тарабынан алынган. Шарп оорусуна каршы вакциналарды сатып алуу боюнча № 220218314512910 конкурстук тооруктар боюнча бул аудит конкурстук документтердин көчүрмөлөрүнүн негизинде жүргүзүлдү.

2. Чектелбеген тоорук методу (эки пакет ыкмасы) менен конкурстук тоорукттун жыйынтыгы боюнча 05.12.2022-жылдагы №32-келишимдин

негизинде 91000,0 миң сом суммасына шарп оорусуна каршы 3500,0 миң доза A\ Iran-05, O\PanAsia-2, Asia-1 Sindh-08 (үч валенттүү) вакциналары ФМБМден сатып алынган (өтүнмө бир гана жеткирүүчү – ФМБМден алынган). Жеткирүү толугу менен 21.12.2022-жылы жүргүзүлгөн. Бирок, төлөм азыркы учурга чейин жүргүзүлгөн эмес, ушуга байланыштуу, 01.01.2023-жылга карата ФМБМ боюнча бюджеттик каражаттар боюнча 91000,0 миң сом суммасында кредитордук карыз эсептелген. 28.12.2022-жылы 3500,0 миң доза өлчөмүндөгү шарп оорусуна каршы вакциналар кампага (Буденый көчөсү, 247 боюнча жайгашкан) убактылуу сактоого кабыл алынгандыгы жөнүндө комиссиялык акт түзүлгөн 2023-жылдын 2-мартында (02.03.2023-жылдан 06.2024-жылга чейин) же 2 айдан кийин берилген шайкештик сертификатын алганга чейин 91000,0 миң сом.

"Ветеринардык дары каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентти бузуу менен шайкештик сертификатынын жарактуулук мөөнөтү ветеринардык дары каражаттарынын жарактуулук мөөнөтүнөн 2 айга ашып кеткен (жарактуулук мөөнөтү 2024-жылдын апрелинде, ал эми шайкештик сертификаты 2024-жылдын июнуна чейин берилген).

Ведомстволор аралык жумушчу комиссиясынын 11.10.2022-жылдагы № 8 жыйналышынын протоколуна ылайык:

- A\ Iran-05, A\Sea-97, O\PanAsia-2, O\Ind-2001, Asia-1 Sindh-08 (5 валенттүү) вакцина штаммдарын колдонуу үчүн 3 адам добуш берген;
- A\ Iran-05, O\PanAsia-2, Asia-1 Sindh-08 (3валенттүү) вакцина штаммдарын колдонуу үчүн 5 адам добуш берген;
- добуш берүүдөн 1 адам баш тарткан.

Белгилей кетсек, Ветеринардык кызмат тарабынан сатылып алынган шарп оорусуна каршы вакцинанын техникалык мүнөздөмөсүн баалоо боюнча ведомстволор аралык жумушчу комиссиянын A\Sea-97, O\Ind-2001 түрчөлөрүн жокко чыгаруу жөнүндө корутундусу менен комиссиянын мүчөлөрү: Ветеринардык кызматынын эпизоотияга каршы көзөмөл башкармалыгынын башчысы Сотовалдиев А., К.И. Скрябин атындагы КУАУ жугуштуу жана инвазиялык оорулар кафедрасынын доценти Жетигенов Э., Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматка жергиликтүү консультант-эпидемиолог Э. Акыбаев макул болушкан эмес.

Бирок, ведомстволор аралык жумушчу комиссиясынын 11.10.2022-жылдагы № 8 жыйналышынын протоколунда жана Ветеринардык кызматынын сатып алуучу шарп оорусуна каршы вакцинанын техникалык өзгөчөлүгүн баалоо боюнча ведомстволор аралык жумушчу комиссиянын корутундусунда да Ветеринардык дары каражаттарын жана тоют кошумчаларын каттоо жана сертификаттоо боюнча департаментинин бөлүм башчысы А. Иманалы уулунун колу жок, ал Ведомстволор аралык жумушчу комиссиянын курамынан чыгаруу жөнүндө 12.10.2022-жылы арыз берген.

Вакциналар кыйла натыйжалуу вакцина-беш валенттүү вакциналарды колдонгондон кийин (мурда 2000000 доза 67560,0 миң сом суммасында



сатылып алынган) комиссиянын 5 мүчөсү-адистердин пикирин эске албастан сатып алынган, A\ Iran-05, O\PanAsia-2, Asia-1 Sindh-08 (үч валенттүү) каражаттарын колдонуу натыйжасыз же 91 000,0 миң сом бюджеттик каражаттар натыйжасыз пайдаланылган.

3. Конкурстук тооруктун жыйынтыгы боюнча төмөнкү вакциналар сатып алынды:

- күйдүргүгө каршы «Антравак» дары препаратын 1000,0 миң доза өлчөмүндө, «ВетАкадемия» ЖЧКсы менен 07.04.2022-жылы 1280,0 миң сом суммасына 22.05.2022-жылы жеткирүү мөөнөтү менен келишим түзүлдү, иш жүзүндө жеткирүү 24.06.2022-жылы жүргүзүлгөн же жеткирүү мөөнөтү бузулган. Вакциналарды жеткирүү үчүн төлөм 30.12.2022-жылы жүргүзүлгөн. Ушул аудиттин жүрүшүндө келишимге ылайык мөөнөтү өткөн 32 күн үчүн 42,2 миң сом суммасында туум эсептелген;
- кутурмага каршы "Армаваб" дары препаратын 170,0,0 миң доза өлчөмүндө 2482,0 миң сом суммасына 05.06.2022-жылы жеткирүү мөөнөтү менен "Галоп" ЖЧКсы менен 7.04.2022-жылы № 8 келишим түзүлгөн, иш жүзүндө жеткирүү 23.06.2022-жылы жүргүзүлгөн. Вакциналарды жеткирүү үчүн төлөм 23.06.2022-жылы (толугу менен) жүргүзүлгөн. Ушул аудиттин жүрүшүндө келишимге ылайык мөөнөтү өткөн 17 күн үчүн 42,2 миң сом суммасында туум эсептелген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2013-жылдагы № 444-токтому менен бекитилген, «Ветеринардык дары каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламентти бузуу менен бул «Антравак» жана «Армаваб» дары препараттарын Кыргызстанда каттоо жөнүндө ырастоочу документтер берилген эмес.

"Ветеринардык дары каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентти бузуу менен шайкештик сертификатынын жарактуулук мөөнөтү чумага каршы ветеринардык дары каражаттарынын жарактуулук мөөнөтүнөн 12 айга; "Антравак» препаратынын - 12 айга "Армаваб" препаратынын - 7 айга ашкан.

4. Конкурстук тооруктардын жыйынтыгы боюнча 2022-жылы "Адисветфарм" ЖЧКсы менен 810810 бирдик көлөмүндөгү кулакка салынуучу биркаларды 29 189,2 миң сомго сатып алуу боюнча келишим түзүлгөн. Иш жүзүндө ушул аудиттин учурунда кулакка салынуучу биркалар 50 000 даана санында жеткирилген, алар үчүн төлөм 1800,0 миң сом суммасында Ветеринардык кызмат тарабынан жүргүзүлгөн эмес жана кредитордук карыз болуп эсептелет. Веткызматтын жетекчилиги тарабынан 2023-жылдын февраль айына же 4 айга чейин жеткирүүчүгө тиешелүү чаралар көрүлгөн эмес. Бул аудит 01.04.2023-жылга карата аяктаган учурда, жеткирүү жүргүзүлгөн эмес. Бул аудиттин жүрүшүндө «Адисветфарм» ЖЧКсына 01.08.2022-жылы № 14 контрактка ылайык өз убагында жеткирбегендиги үчүн 1 459,5 миң сом суммасында туум чегерилген.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137-б буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен "аванс суммасына банктык гарантия берилген шартта контракттын жалпы суммасынын 10 пайыз өлчөмүндө аванс төлөм суммасы" каралган, белгиленген өлчөмдөн ашыкча аванс төлөмдөрү негизсиз жүргүзүлгөн, банктык гарантия берилбестен эле төмөнкү келишимдер түзүлгөн:

- Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында 2021-жылы **21 700,0** миң сом суммасында. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 14.10.2015-жылдагы № 175-буйругу менен бекитилген, "Электрондук мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү эрежелери жөнүндө жобонун" 26-беренесин бузуу менен жеңүүчү-жеткирүүчү ("Креатив Технолоджи") ЖЧКсы) тарабынан сатып алуучу уюмга мамлекеттик электрондук сатып алууларга катышууга мурда жактырылган конкурстук өтүнмөгө кол койгон жетекчинин же ыйгарым укуктуу адамдын ыйгарым укуктарын ырастаган документтердин электрондук көчүрмөлөрүнүн аныктыгын ырастоочу расмий документтердин (ишеним кат, маалымкаттар, сертификаттар, иш тажрыйбасы ж.б.) түп нускалары берилген эмес;

- Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинде 2022-жылы 100 % аванстык төлөм 33 571,6 миң сом;

- банктык гарантиясы жок "Кыргызмамжердолбоорлоо" МИде - 4410,0 миң сом, Жети-Өгүз райондук суу чарба башкармалыгында - 500,0 миң сом (аудиттин жүрүшүндө 500,0 миң сом суммасында товар жеткирилди); Жумгал токой чарбасында - 50,0 миң сом (аудиттин жүрүшүндө жеткирүүчү тарабынан 50,0 миң сом кайтарылган);

- Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинде 2022-жылы «УРПИЯ ГРУПП» ЖЧКсына келишим шарттарында каралбаган 100,0 миң сом аванстык төлөм которулган. Бирок бүгүнкү күнгө карата «УРПИЯ ГРУПП» ЖЧКсы тарабынан 10.05.2022-жылдагы № 13-келишим менен Күйүүчү майлоочу майларды (КММ) жеткирүү боюнча милдеттенмелер аткарылган эмес.

Түп райондук суу чарба башкармалыгында "Таза Жарнак" ЖАКсына 100 % аванстык төлөм 58,0 миң сом төлөнгөн, бирок азыркы учурда 58,0 миң сом суммасында КММны жеткирилген эмес, дебитордук карыз катары эсептелет.

Мында келишим түзүүдө жеткирүүчүнүн акча каражаты же банк кепилдиги түрүндөгү сунушун кепилдик камсыздоонун өлчөмү көрсөтүлгөн эмес. Ошондой эле конкурс өткөрүүдө маалыматтар базасында жеткирүүчүнүн ишенимдүүлүгү (ак ниеттүүлүгү) тууралуу маалыматтары такталган эмес. Натыйжада, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү башка мыйзам бузуулар 58,0 миң сомду түздү. Белгилей кетсек, "Таза Жарнак" ЖАКсы КММнын жеткирилбеши боюнча башкармалык 29.11.2022-жылдагы



№ 133/01-52 кат менен Ысык-Көл облусу боюнча УКМКБ Түп райондук бөлүмүнө кайрылган, учурда анын жыйынтыгы белгисиз.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен келишимди аткаруунун кепилдик камсыздоосун бербестен жеке ишкер Б. Максутов менен 662,7 миң сом суммасына, "Юни Хелп" ЖЧКсы менен 2600,0 миң сомго жана 26053,7 миң сомго, "Премиум Д" ЖЧКсы менен 6262,0 миң сомго келишим түзүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын *(2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 редакциясында)* төмөнкү талаптары сакталган эмес: мамлекеттик сатып алуулар ыкмасын тандоо боюнча, сапат критерийин белгилөө боюнча; конкурстук документтерде иштелип чыккан техникалык спецификациялар; жеткирүүчүлөрдүн квалификациясынын деңгээли боюнча маалыматтар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген талаптар, колдонулуучу стандарттык конкурстук документтер жок; дефекттик актылар, автомашиналарды оңдоо боюнча аткарылган иштердин актылары жок; айрым учурларда жеткирүүчүлөрдүн ишинин түрү ырасталган эмес; жеңүүчүлөр тарабынан Министрликтин төмөнкү бөлүмдөрүндө документтердин түп нускалары же документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү берилген эмес:

- Министрликтин борбордук аппаратында (РАӨБ) 2021-жылы КММ, автомашиналарды оңдоо жана кеңсе товарлары боюнча кызматтарды сатып алууда бардыгы болуп 3119,2 миң сомго; Базар-Коргон райондук ветеринардык башкармалыгында 32,0 миң сомго; Ош шаардык ветеринардык башкармалыгында 106,3 миң сомго сатып алуу ыкмасы туура эмес аныкталган; КР АЧМнын борбордук аппаратында 2020-жылга консолидацияланган бухгалтердик балансты түзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча 35,0 миң сомго конкурс министр Т. Токтогазиевдин буйругунан кийин өткөрүлүп, ал буйрук боюнча З.Ш. Джееналиева менен эмгек келишимин түзүү тапшырылган, башкача айтканда, келишим конкурс өткөрүү боюнча комиссия түзүлгөнгө чейин, конкурс өткөрүлгөнгө чейин эле түзүлгөн, кызмат көрсөтүүчү конкурс өткөрүлгөнгө чейин алдын ала аныкталган. Иш жүзүндө З.Ш. Джееналиева менен 2020-жылдын декабрынан 2021-жылдын январына чейинки мезгилге датасы жок мөөнөттүү эмгек келишими түзүлгөн, келишимдин иштөө убактысына конкурстун шарттарында каралган 51,0 миң сом өлчөмүндө эмгек акы белгиленген же 16,0 миң сомго көп же 16,0 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттардын чыгашалары негизсиз жүргүзүлгөн;

- сатып алынуучу товарларга, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө рыноктук бааларга тиешелүү талдоо жана мониторинг жүргүзбөстөн, конкурстук негизде товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү бюджеттин каражаттарынын эсебинен сатып алуу боюнча бузуулар аныкталды: 2021-жылы жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында

КММны сатып алууда 236,1 миң сомго, автомобилдерди оңдоо жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдө 415,2 миң сомго; 2021-жылы Ноокен РСЧБда 1380,5 миң сомго, Базар-Коргон РСЧБда 1238,8 миң сомго, Жалал-Абад ШСЧБда 547,5 миң сомго; 2022-жылы Балыкчы токой чарбасында 1327,2 миң сомго; пландоо, сатып алуулар планын түзүү этабында: Ош шаардык ветеринардык башкармалыгында 89,0 миң сомго; Токтогул токой чарбасында 1767,3 миң сомго;

- Ак-Талаа РВБда, Ат-Башы РВДда, Нарын жерге жайгаштыруу экспедициясында сатып алуу бөлүмдөрү түзүлгөн эмес, жоопкерчилик бөлүмдөрдүн бирине жүктөлгөн эмес, товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр конкурстук жол-жоболорсуз сатылып алынган.

Сатып алуу планында каралбаган мамлекеттик сатып алуулар ишке ашырылган: Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында 2020-жылы 1 223,4 миң сомго, 2021-жылы 2 197,6 миң сомго; Чүй токой чарбасында 2511,0 миң сомго, Токтогул токой чарбасында 281,4 миң сомго, Тоскоол-Ата токой чарбасында 355,6 миң сомго жүргүзүлгөн.

Жер ресурстары кызматынын борбордук аппаратында уюштуруу техникаларын, сейфтерди, кеңсе эмеректерин ж.б. сатып алуу боюнча конкурстук тооруктар, пландалган сумма 2 374,0 миң сом, бир этаптуу ыкма, конкурстук документтер стандарттык конкурстук документтерди эске албастан иштелип чыккан. Ошондой эле, техникалык мүнөздөмөлөр (каптоосу, жөлөнгүч өлчөмдөрү, отургучтар; жетекчинин столу) иш жүзүндө жеткирилген креслолордун жана жетекчинин столунун конкурстук документтерде көрсөтүлгөн спецификацияларына ылайык келбейт. Конкурстук документтерде сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн техникалык, сапаттык мүнөздөмөлөрү жок, кеңсе эмеректеринин (17 бирдик) техникалык спецификациялары сатып алуу предметинин, жалпы суммасы 294,9 миң сом кеңири сыпаттамасы иштелип чыккан эмес.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош шаардык ветеринардык башкармалыгында кызматкерлер үчүн 312,3 миң сом суммасына атайын кийим сатып алууда өтө төмөн баа болгондуктан, "Сайра" ЖЧКсынын 198,0 миң сомго сунушу четке кагылган, келишим Ж.Т. Аманбаевага сунушталган баасы 280,6 миң сом менен ыйгарылган, сунушталган баалардын ортосундагы айырма 82,6 миң сомду түзгөн же бюджеттин жоготуусу 82,6 миң сомду түзгөн. Конкурстук документтерде стандарттык талаптар белгиленген эмес: иш тажрыйбасы, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүнүн аткарылган көлөмү; салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздар жөнүндө ж.б.

**Аныкталды жана корутунду**

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарында (РАӨБ) үчүн КММ сатып алуунун пландалган суммасы конкурстук документтер боюнча - 4200,0 миң сом, мамлекеттик сатып алуулар боюнча такталган планда 4400,0



миң сом каралган, маалыматтар боюнча ф.2-4332,5 миң сом же такталган сметалык багыттар сатып алуунун такталган планына дал келбейт. «Партнер нефть» ЖЧКсы сунуш кылган баа - 4 026,1 миң сом, 18.02.2022-жылдагы № 1 келишим 3 105,4 миң сомго же 920,7 миң сомго аз суммага түзүлгөн, бул конкурстук тооруктарга берүүчүлөрдүн катышуусун чектеген. Сатып алуулар боюнча адис Г. Шопокованын түшүндүрүүсү боюнча келишим билдирилген суммадан 920,7 миң сомго аз түзүлгөн, бул жылдын башына карата "Партнер нефть" ЖЧКсы боюнча 337,3 миң сом суммасындагы дебитордук карыздын (КММ) болушуна байланыштуу, ошондой эле бул сумманын ичинен автомашиналарды оңдоого жана автомашиналардын тетиктерин сатып алууга кошумча каражаттар каралгандыгына байланыштуу.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын *(2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 редакциясында)* бузуу менен:

- 2022-жылга мамлекеттик сатып алуулардын планын түзүүдө КР АЧМнын борбордук аппараты тарабынан жыл башына карата дебитордук карызды эсепке албастан, КММга болгон муктаждык туура эмес аныкталган;
- келишимди тикелей түзүү ыкмасы менен сатып алууда сатып алуучу уюм тарабынан бааларга мониторинг жүргүзбөстөн, сатып алуулар жөнүндө келишимге кол коюлган.

**Аныкталды жана корутунду**

Тоскоол-Ата токой чарбасында күйүүчү-майлоочу майды сатып алуу боюнча 2022-жылы өткөрүлгөн конкурстук тооруктун жыйынтыгы боюнча жеке ишкер Н.А. Атабеков менен 216,6 миң сомго келишим түзүлгөн. 07.12.2021-жылдагы ЖИ 40809657 мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнө ылайык экономикалык иштин түрү – жыгач жана курулуш материалдарын дүң сатуу боюнча агенттердин иши, демек, ЖИ "Н. Атабеков" каттоо жөнүндө күбөлүгүнө ылайык ишкердик иштин түрү сатылып алынган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө ылайык келбейт. Аудит келишим ЖИ «Н.Атабеков» менен түзүлгөнүн белгилейт. "Партнер Нефть" ЖЧКсы эң төмөнкү бааны сунуштаганына карабастан, келишим түзүүдөн баш тартуунун себеби соттук жана арбитраждык териштирүүлөр тууралуу маалыматтын жоктугу катары көрсөтүлгөн.

Тоскоол-Ата токой чарбасында 2022-жылы жогоруда аталган "Н. Атабеков" жеке менчик ишканасы менен 118,2 миң сом суммасында кызматтык автотранспорт сатып алууга жана оңдоого; 4 даана май жылыткычты сатып алууга 20,8 миң сом суммасында келишимдер түзүлгөн, алар да ЖИ "Н. Атабеков" каттоо күбөлүгүнө ылайык келбейт.

**Сунуштама**

Конкурстук документтерди иштеп чыгуу, сатып алууларды пландоо бөлүгүндө; товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү конкурс өткөрбөстөн сатып алуу бөлүгүндө; түз келишим түзүү методун колдонууда рыноктук бааларга мониторинг жүргүзүү бөлүгүндө, алкактык макулдашууда; Жеткирүүчү тарабынан авансттык төлөмдүн суммасына банктык кепилдик бербестен, авансттык төлөмдөрдү берүү бөлүгүндө

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузууларга жол берилгендиги үчүн, жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын;

- сметалык чыгымдарды өзгөртүп, тактоо процессинде, мамлекеттик сатып алуулар планына өзгөртүүлөрдү өз убагында киргизүү жүргүзүлсүн.

Министрликтин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери, анын ичинде Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти жана Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо боюнча департаменти “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун” алынган товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча берүүчүлөр менен эсептешүүлөрдү эсепке алуу параграфынын товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча эсептешүүлөрдү толук көлөмдө жүргүзүү жана мөөнөтү өтүп кеткен карыздардын пайда болушуна жол бербөө бөлүгүндө талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаментине “Юни Хелп” ЖЧКсын ишенимсиз берүүчүлөрдүн базасына киргизүү жөнүндө маселе демилгеленсин.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, Жеткирүүчү тарабынан авансык төлөмдүн суммасына банктык кепилдик берилбестен авансык төлөмдөрдү берүү токтотулсун.

Министрликтин жетекчилиги, Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо боюнча департаменти 2022-жылы “УРПИЯ ГРУПП” ЖЧКсына келишим шарттарында каралбаган 100,0 миң сом авансык төлөм жүргүзүп, дебитордук карызга жол бергендиги үчүн, Департаменттин кызмат адамдарынын жоопкерчилигин кароо боюнча чараларды көрсүн.

Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо боюнча департаменттин жетекчилиги 100,0 миң сом суммасындагы дебитордук карызды “УРПИЯ ГРУПП” ЖЧКсынан кайтарылышын камсыз кылсын.

Түп райондук суу чарба башкармалыгы тарабынан “Таза Жарнак» ЖАКсынын жеткирүүчүсүнө 58,0 миң сом суммасындагы авансык төлөмдөрдү кайтарып берүү же күйүүчү-майлоочу майларды берүүлөрдү ишке ашыруу боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаментине “Таза Жарнак” ЖАКсын ишенимсиз берүүчүлөрдүн базасына киргизүү жөнүндө маселе демилгеленсин.



Ветеринардык кызматта 106 600,0 миң сом (15 600,0 миң сом жана 91 000,0 миң сом) суммасындагы бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине*** Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратында вакциналарды сатып алууда 106 600,0 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдаланылышы боюнча маалымат укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлсүн.

Ветеринардык кызматынын Борбордук аппараты тарабынан вакциналарды жана кулак биркаларын өз убагында жеткирбегендиктери үчүн чегерилген туумдар республикалык бюджеттин кирешесине өндүрүлүп алынсын:

– сибирь жарасына каршы «Антравак» дары препаратын өз убагында жеткирбегендиги үчүн «ВетАкадемия» ЖЧКсынан 42,2 миң сом суммасында;

– кутурмага каршы «Армаваб» дары препаратын өз убагында жеткирбегендиги үчүн «Галоп» ЖЧКсынан 42,2 миң сом суммасында;

– кулак биркаларын өз убагында жеткирбегендиги үчүн «Адисветфарм» ЖЧКсынан 1 459,5 миң сом өндүрүлсүн.

Ветеринардык кызматтын жетекчилиги тарабынан кулак биркаларын өз убагында жеткирбегендиги үчүн, туумдарды эсептөө боюнча чараларды өз убагында көрбөгөн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, “ВетАкадемия“ “Галоп“ жана “Адисветфарм“ жоопкерчилиги чектелген коомдорун ак ниет эмес жиберүүчүлөрдүн маалыматтар базасына киргизүү демилгеленсин.

Ветеринардык кызматтын жетекчилиги тарабынан күйдүргүгө, кутурмага каршы вакциналарды өз убагында жеткирбегендиги үчүн туумдарды эсептөө боюнча чараларды өз убагында көрбөгөн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Шайкештик сертификатын берүүдө “Ветеринардык дары каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө” техникалык регламенттин талаптарын сактабаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, “Ветеринардык дары каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө” техникалык регламенттин ветеринардык дары каражаттарынын жарактуулук мөөнөтүнөн шайкештик сертификатынын колдонулуу мезгилинен ашып кетишине жол бербөө бөлүгүндөгү талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

***Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине***

Тоскоол-Ата токой чарбасында Жеке ишкер «Н.Атабеков» каттоо күбөлүгүнө ылайык келбеген 355,6 миң сомдук товарларды жеткирүү боюнча маалымат укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Бишкек шаардык ветеринардык башкармалыгында бардык конкурстук тооруктар «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөн.

Renault Ducter автомобили үчүн запастык бөлүктөрүн сатып алууда бюджеттик каражаттарды үнөмдөө максатында ЛОТторго бөлүү жолу менен өткөрүү керек болчу же 8,5 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттар натыйжасыз пайдаланылган. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамын бузуу менен Кыргыз Республикасынын бюджеттик уюмдары үчүн 2022-жылга мамлекеттик сатып алуулар планында каралбаган 8,4 миң сом суммасында 1С программасын коштоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр сатып алынган.

**Сунуштама**

Бишкек шаардык ветеринардык башкармалыгында, товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Ак-Талаа райондук суу чарба башкармалыгынан тиешелүү бюджеттерге каражаттарды чегерүү тартиби бузулганы аныкталды. Алсак, Башкармалыктын депозиттик эсебинде 7,0 миң сом өлчөмүндө талап кылынбаган сумма бар (КММ жеткирүү үчүн конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуу боюнча конкурстун катышуучусу ЖИ Аяновдун төлөмү 2020-жылдан баштап эсептелет), алар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 112-беренесине ылайык тиешелүү бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тийиш".

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 112-беренесине ылайык, Ак-Талаа райондук суу чарба башкармалыгынын депозиттик эсебинде турган 7,0 миң сом өлчөмүндөгү талап кылынбаган сумма республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Жер жана суу көзөмөлү боюнча кызматында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.08.2022-жылдагы № 266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгын бузуу менен Баткен, Ысык-Көл жана Талас облустарынын региондор аралык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтык маяналарына эселөө коэффициентин 4,0 ордуна 3,48 өлчөмүндө туура эмес колдонуудан улам 2022-жылга карата эмгек акы боюнча толук төлөбөөнүн жалпы суммасы 35,4 миң сомду түзгөн.

Базар-Коргон райондук ветеринардык башкармалыгында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.01.2008-жылдагы №22- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө» токтомунун (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы № 433- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» токтомуна ылайык күчүн жоготту) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы № 433- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» токтомун бузуу менен мекеменин күзөтчүсүнө 7,1 миң сом суммасында эмгек акы эсептелбей калган.

Тоскоол-Ата токой чарбасында иш кагаздарын жүргүзүүчүгө 1,8 миң сом эмгек өргүү акысы эсептелбей калган.

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинде 01.01.2023-жылга карата кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган профсоюздук төгүмдөрдү: Кадамжай филиалында – 38,0 миң сом; Жети-Өгүз филиалында –10,6 миң сом; Бишкек филиалында – 12,7 миң сом; Панфилов филиалында – 5,1 миң сом, бардыгы 66,4 миң сом суммасында ашыкча төлөөгө жол берилген.

**Сунуштама**

Жер жана суу көзөмөлдөө кызматы тарабынан Баткен, Ысык-Көл жана Талас облустарынын региондор аралык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин эмгек акысын Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.08.2022-жылдагы № 266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгына ылайык, кайрадан эсептелип, төлөп берилсин.

Базар-Коргон райондук ветеринардык башкармалыгында күзөтчүсү М. Абдурахимовго 23.01.2008-жылдагы №22- «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө» токтомуна ылайык 7,1 миң сом төлөнүп берилсин.

Тоскоол-Ата токой чарбасында иш кагаздарын жүргүзүүчүгө белгиленген тартипте 1,8 миң сом толуктап эсептелсин.

"Кадастр" ММнин кызматкерлеринин 66,4 миң сом суммасында эмгек акысынан кармалган профсоюздук төгүмдөрүн ашыкча төлөөгө жол берилген тиешелүү филиалдарынын кирешесин калыбына келтирсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде жана анын аймактык жана түзүмдүк бөлүмдөрүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" негизги талаптарын бузуулар аныкталган.

Балык чарба департаментинде, Жайыт жана асыл тукум мал чарбасы департаментинде 2021-жылга автомашиналардын жол баракчалары зарыл

болгон реквизиттер (жүргөнү, спидометрдин көрсөткүчү, күйүүчү майдын иш жүзүндө чыгымдалышы жана калдыгы) менен толтурулган эмес, ушуга байланыштуу автомашиналардын иш жүзүндө жүрүшүн, пайдаланылган күйүүчү майдын калдыгын, санын аныктоо мүмкүн эмес;

- Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары кызматынын суу пайдалануучулар ассоциациясын колдоо жана өнүктүрүү бөлүмүндө, Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгында бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук Бухгалтерия 1-С программасы менен колдонулбайт, бухгалтердик эсепке алууну жана отчеттуулукту комплекстүү автоматташтыруу жок;

- Ветеринардык кызматтын Борбордук аппаратында бухгалтерия тарабынан мемориалдык ордерлер жүргүзүлбөйт, негизги каражаттарды жана товардык материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо өз убагында жана толук көлөмдө жүргүзүлбөйт (негизги каражаттарды жана товардык материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо боюнча комиссияга комиссиянын төрагасы - финансы жана мамлекеттик сатып алуулар бөлүмүнүн башчысы А. Бекишов тарабынан финансы жана мамлекеттик сатып алуулар бөлүмүнүн гана кызматкерлери киргизилет;

- Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгы тарабынан мемориалдык ордерлер-топтоо ведомстволору жүргүзүлбөйт; материалдык жооптуу адам - чарба башчысы менен келишим түзүлгөн эмес; "Коммуналдык кызматтар" 2231-беренеси боюнча иш жүзүндөгү чыгымдар "Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет" 2-формасында туура эмес же 111,0 миң сомго аз чагылдырылган, б.а. финансылык отчеттуулук бурмаланган;

- Ош шаардык ветеринария башкармалыгында жылдын аягына карата дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча салыштыруу актылары жок; бухгалтерия биопрепараттар боюнча материалдык отчетту түзбөйт, эпизоотияга каршы иш-чараларды түзүү жана биопрепараттарды (ветеринардык дарыкана) берүү боюнча материалдык-жооптуу адам менен келишим түзүлгөн эмес; кампада болгон материалдык баалуулуктардын келип түшүшү жана чыгымдалышы контролдонбойт;

- Ош шаардык ветеринария башкармалыгында запастардын аталыштары жана материалдык-жооптуу адамдар боюнча сандык жана суммалык өлчөөлөр боюнча эсепке алуу жүргүзүлбөйт; күнүнө көмүрдү керектөөнүн эсептик ченеми комиссиялык түрдө белгиленген эмес, көмүрдү эсептен чыгаруу актылары объекттин жетекчиси тарабынан бекитилген эмес. Чыгымдалган отунду бухгалтердик эсептен чыгаруу ар кандай көлөмдө жүргүзүлөт. Эсептен чыгаруу актыларына ылайык жылытууга күнүнө 20дан 150 кг чейин көмүр сарпталат, б.а. ар кандай, күн сайынкы абанын температурасы көрсөтүлбөйт же ички контролдук системасы жок, 2022-жылы 51,0 миң сом суммасына 7537 кг көлөмдө көмүр натыйжасыз пайдаланылган;



- негизги каражаттарды, материалдык эмес активдерди кириштөө тартибин бузуулар, негизги каражаттардын эскиришин эсепке киргизүүдө бузуулар аныкталган. Алсак, Мамлекеттик картографияда 11519,9 миң сом суммасына алынган продукциялар (Кыргызстандын картографиялык-геодезиялык изилдөөлөрү боюнча АИС веб-тиркемеси жана Кыргызстандын географиялык аталышы веб-сайты) балансқа кабыл алынган эмес;

- Чүй токой-аңчылык чарбасында негизги каражаттар боюнча амортизацияны эсептөө толук суммага жүргүзүлгөн жана чыгымдарга киргизилген, натыйжада активдердин наркы 4100,0 миң сомго кем эсептелген (колдонуу мөөнөтүнүн ичинде эксплуатациялоого жараша жүргүзүлүүгө тийиш);

- "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз филиалында 2021-жылы компьютердик жабдууларга 215,1 миң сомго ашыкча амортизация эсептелген;

- Ала-Бука токой чарбасында 2021-жылы кампадан 6,6 миң сомго берилген медициналык бет каптар жана 1,8 миң сомго медициналык кол каптар эсептен чыгарылган эмес; наркы 18,0 сом болгон буу казаны сатып алынган жана пайдаланууга берилген учурдан тартып, б.а. 2017-жылдан бери негизги каражат катары эсепке киргизилген эмес. Негизги каражат боюнча амортизациялык чыгымдар 5 жыл бою эсептелген эмес;

- Арстанбап-Ата токой чарбасында 2023-жылдын 1-январына карата мал чарбачылыгы боюнча 2021-жылдан тартып 400,8 миң сом суммасына өндүрүлбөгөн дебитордук карыздар бар. Бул бузуулар КР Эсептөө палатасынын буга чейинки аудит актыларында да көрсөтүлгөн, материалдар 22.11.2022-жылы Базар-Коргон райондук сотуна өткөрүлүп берилген, бирок ушул күнгө чейин карыз өндүрүлө элек.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы 137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобого ылайык, Балык чарба департаментинде, Жайыт жана асыл тукум мал чарбасы департаментинде автоунаалардын жол баракчаларын тариздөөдө кемчилдиктерге жол берген кызматкерлеринин жана тиешелүү контролду камсыздабаган кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобого ылайык:

- Суу ресурстары кызматынын суу пайдалануучулар ассоциацияларын колдоо жана өнүктүрүү бөлүмүндө, Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгында бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту толук автоматташтырууну ишке киргизүү камсыздалсын;

- Ветеринардык кызматтын борбордук аппаратына инвентаризациялоону өз убагында жана толук көлөмдө жүргүзүлсүн;

- Ветеринардык кызматтын Борбордук аппаратында, Бишкек шаардык ветеринардык башкармалыгында, Ош шаардык ветеринардык башкармалыгында, Чүй токой-аңчылык чарбасына, Ала-Бука токой чарбасында, Токтогул райондук суу чарба башкармалыгында, Жети-Өгүз райондук ветеринардык башкармалыгында материалдык баалуулуктардын кыймылын өз убагында жана толук эсепке алуу камсыз кылынсын;

- Чүй токой жана аңчылык чарбасында 4100,0 миң сомдук болжолдуу суммага финансылык отчетко тиешелүү түзөтүүлөр киргизилсин жана активдердин наркы белгиленген тартипте көбөйтүлсүн. Бухгалтердик эсеп кызматы каржылык отчеттуулуктун тууралыгына көзөмөл жүргүзсүн;

- Ош шаардык ветеринардык башкармалыгында көмүрдүн запасын эсепке алуу тартипке келтирилсин, көмүрдү чыгымдоо керектөөнүн эсептик ченеми комиссиялык түрдө белгиленсин.

- «Мамкартография» мамлекеттик мекемесинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги 240-т тескемесин аткаруу үчүн наркы 11519,9 миң сом болгон иштелип чыккан автоматташтырылган маалыматтык системаларды/модулдар-материалдык эмес активдер балансқа кабыл алынсын;

- Ала-Бука токой чарбасында негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды толук (толук кандуу), өз убагында эсепке алуу, 2021-жылы 8,4 миң сом суммасына кампадан берилген товардык-материалдык баалуулуктарды белгиленген тартипте эсептен чыгарылсын, наркы 18,0 миң сом болгон буу казанын андан ары амортизацияны кошуп эсептөө менен негизги каражаттарга киргизилсин;

- «Кадастр» ММнын Жети-Өгүз филиалында 215,1 миң сомго компьютердик жабдуулардын амортизациясынын ашыкча эсептелген суммасын азайтуу жагына бухгалтердик оңдоолор киргизилсин;

**Аныкталды жана корутунду**

"Элита" ММда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231-токтому менен бекитилген, "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө жобону" 22-пункутунун 3-абз. Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди эсепке алуу пункутун бузуу менен «Базарларга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу" долбоорунун алкагында сатып алынган 6 970,0 миң сом суммасындагы суюк азотту ташуу боюнча атайын жүк ташуучу машинанын наркы, Долбоордун эсебинен жалпы 11 441,2 (3263,7+8177,5) миң сом суммасындагы Ош облусунун Кара-Суу районунун Баш-Булак айылындагы жаңы курулуштун жана «Элита» мамлекеттик мекемесинин Пехотка айылындагы кызматтык-тиричилик багыттагы имаратын капиталдык оңдоо наркы балансқа кабыл алынган эмес.



**Сунуштама**

"Элита" мамлекеттик мекемесинде 6 970,0 миң сом суммасындагы атайын жүк ташуучу машинанын наркын, Долбоордун эсебинен жалпы 11 441,2 миң сом суммасындагы Ош облусунун Кара-Суу районунун Баш-Булак айылындагы жаңы курулуштун жана Пехотка айылындагы кызматтык-тиричилик багыттагы имаратты капиталдык оңдоо наркын белгиленген тартипте балансқа кабыл алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

"Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Талас филиалында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609-токтому менен бекитилген, "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн эрежелерин" бузуу менен Альянс Алтын "Бакубат Талас" фонду тарабынан берилген, рыноктук наркы 266,9 миң сом (max.kg интернет-дүкөнүнүн маалыматы боюнча) болгон PROGRAF TM-300 принтери бухгалтердик эсепке кириштелген эмес.

**Сунуштама**

"Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Талас филиалында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген, "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн эрежелеринин" талаптарына ылайык орточо рыноктук наркы боюнча PROGRAF TM-300 принтер бухгалтердик эсепке кириштелсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Тоң токой чарбасында капиталдык оңдоо иштери үчүн "Аманат" ЖЧКсы акы төлөө боюнча 300,0 миң сом суммасында "Имараттар жана курулмалар" 3111-беренеси боюнча жүргүзүлгөн чыгымдар капиталдаштырылган эмес, балансттык наркы 300,0 миң сомго көбөйтүлгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө тиешелүү өткөрүүлөр жүргүзүлгөнү, балансты 300,0 миң сомго көбөйтүүгө бухгалтердик маалымкат түзүлгөндүгү эске алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Министрликтин Борбордук аппаратынын депозиттик эсебинде мамлекеттик мүлктү сатуудан сатып алуу наркын жоюунун натыйжасында алынган каражаттар топтолот.

Министрликтин 2005-жылдын 24-февралындагы № 55 «Агрардык сектордун объекттерин менчиктештирүүдөн түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө» буйругуна ылайык, мамлекеттик мүлктү сатуудан түшкөн сатып алуу суммасы мамлекеттик менчик болуп саналат жана Министрликтин депозиттик эсеби аркылуу толук көлөмдө республикалык бюджеттин кирешесине милдеттүү түрдө которулууга тийиш.

2022-жыл ичинде мамлекеттик мүлктү сатуудан түшкөн 208,5 миң сом толугу менен бюджеттин кирешесине которулган. Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүдөн Министрликке түшкөн каражаттар бюджетке өз

убагында которулган эмес. 2022-жылдын январынан сентябрына чейинки мезгилде келип түшкөн каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине 2022-жылдын 28-декабрында которулган.

«Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 35-беренесине ылайык, мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүнүн натыйжасында алынган акча каражаттары мыйзамдарга ылайык которулууга тийиш жана милдеттүү төлөмдөр болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 25-мартындагы № 148 "Жер жана агрардык реформаны тереңдетүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө" токтому менен КР Мамлекеттик мүлк фонду тарабынан КР Айыл чарба министрлигине агрардык сектордо мамлекеттен ажыратуу жана менчиктештирүү боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү чечими кабыл алынган, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 13-ноябрындагы № 766-токтому менен күчүн жоготту деп таанылган.

Кыргыз Республикасында Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобону" бузуу менен Айыл чарба министрлигинде депозиттик эсептин каражаттары боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук, мамлекеттик мүлктү сатуудан түшкөн сатып алуу суммалары боюнча мониторинг жүргүзүлбөйт.

Министрликтин Борбордук аппаратында менчиктештирүү объекттери, бюджетке төлөнүүгө тийиш болгон суммалар, карызкорлор жөнүндө түшкөн каражаттар (бюджетке ким жана канча карыз) тууралуу маалымат жок.

**Сунуштама**

Министрликтин Борбордук аппаратында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобого ылайык, депозиттик эсептин каражаттары боюнча тиешелүү эсепке алууну жана отчеттуулукту, мамлекеттик мүлктү сатуудан түшкөн сатып алуу суммалары боюнча мониторинг жүзөгө ашырылсын.

Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүнүн натыйжасында түшкөн каражаттарды өз убагында жана толук көлөмдө республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги менен



бирдикте мамлекеттик мүлктү сатуудан түшкөн жана бюджетке төлөнүүчү сатып алуу суммаларын тактоо боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы 137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепке алууну жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону" бузуу менен авансТык төлөмдөрдү которуунун натыйжасында 2022-жылдын башына жана аягына карата олуттуу суммада дебитордук карыздар аныкталган.

Министрликтин жылдык отчеттук маалыматтары боюнча 01.01.2023-жылга карата бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карыз бардыгы 270 559,8 миң сом суммасында, анын ичинде аванс менен төлөнгөн запастар, кызмат көрсөтүүлөр жана негизги фонддор 250 649,1 миң сомду (92,6%), башка авансТык төлөмдөр 17 293,8 миң сомду түздү.

Бюджеттик каражаттар боюнча карыздардын олуттуу суммалары:

– суу ресурстары кызматы боюнча – 2023-жылдын башына – 199 449,3 миң сом, Суу чарба объекттерин куруу боюнча дирекция 2022-жылдын башына карата – 189 934,4 миң сом, 2022-жылдын аягына карата 101 981,4 миң сом. Бул маселе боюнча аудит КР Башкы прокуратурасы тарабынан козголгон № 03-150-2022-181, № 03-150-2022-000230 кылмыш ишинин алкагында, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 05.07.2022-жылдагы СУ-Сд-1525/22.Б2 токтомунун негизинде жүргүзүлгөн эмес, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын тергөө башкармалыгынын 21.06.2022-жылдагы, 07.07.2022-жылдагы, 08.07.2022-жылдагы, 17.08.2022-жылдагы жана 23.03.2023-жылдагы протоколдору менен дебитордук карызга тиешелүү документтерди алып коюу жүргүзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын тергөө башкармалыгынын, Октябрь райондук сотунун материалдарынын көчүрмөлөрүнө ылайык, келишимде каралбаган авансТык төлөмдөрдөн улам дебитордук карыздарга жол берилген, иштер аягына чыккан эмес, ал эми аванс менен негизсиз саналган каражаттар узак убакыт бою подрядчылардын карамагында турат. Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 20.06.2022-жылдагы, 05.07.2022-жылдагы жана 16.08.2022-жылдагы токтомдорунун, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын тергөө башкармалыгынын 05.04.2023-жылдагы катынын негизинде мамлекеттин кирешесине бардыгы 79,1 млн.сом, анын ичинде подрядчылардан: «Гидробетонстрой» ЖЧКсы 42624,7 миң сом суммасында; «Сити Комплекс» ЖЧКсы – 15233,2 миң сом; «Кыргызспецстрой» АКсы – 21267,1 миң сом; Мелиоративдик гидрогеологиялык экспедицияга 31.12.2022-жылга – 7 105,9 миң сом. Республикалык бюджеттен капиталдык оңдоо кеч каржылангандыктан (2022-жылдын 29-ноябрында 15 254,6 миң сом, 30.11.2022-жылды - 28 719,6 миң сом суммасында каржыланган), буга байланыштуу мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлүп, жыл аягында келишимдер түзүлгөн;

- өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти боюнча – 43 713,6 миң сом;

- АЧМнын борбордук аппараты боюнча – 11 345,9 миң сом, анын ичинде: «КыргызГазстрой» ЖАКсы – 9 776,2 миң сом, алар 2011-жылдан азыркы учурга чейин ж.б. эсептелген.

01.01.2023-жылга карата атайын эсептин каражаттары боюнча 58 967,8 миң сом суммасында дебитордук карыз эсептелген, анын ичинде: токой кызматы боюнча 39 112,2 миң сом суммасында, жер ресурстары кызматы боюнча – 10 195,8 миң сом, суу ресурстары кызматы боюнча – 7614,0 миң сом ж. б.

Токой фондун пайдалануу боюнча токой кызматы боюнча (түзүлгөн келишимдерди бузуу жана ижара келишиминин шарттарын сактабоо менен 2020-2021-жылдар үчүн токой чарбаларынын ижарачыларынын ижара акысы боюнча дебитордук карызы бар) – 16 730,6 миң сом, ижарачы-балчылар – 5427,1 миң сом ж.б.

Ошондой эле токой кызматында 2019-жылы “Жашыл долбоор” долбоорунун алкагында үч тараптуу келишим түзүлгөн, ага ылайык токой чарбалары айыл өкмөтүн жана шаар мэрияларын көчөттөр менен камсыздайт, 8665,3 миң сом суммасында көчөттөр жергиликтүү башкаруу органдарына өткөрүп берилген. Көчөттөр үчүн төлөм Республикалык жаратылышты коргоо фондуна (РЖКФ) жүктөлгөн. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 13.03.2020-жылдагы № 154-токтому менен РЖКФ финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен штаттык бирдиктерин КР Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин борбордук аппаратына жана аймактык бөлүмдөрүнө өткөрүп берүү менен жоюлган, ал эми КР Өкмөтүнүн 12.02.2021-жылдагы № 38-токтому менен Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана региондорду өнүктүрүү министрлигине караштуу Токой чарба мамлекеттик агенттиги болуп кайра түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.12.2021-жылдагы № 347-токтому менен Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана региондорду өнүктүрүү министрлигине караштуу Токой чарбасы мамлекеттик агенттиги КР Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматы деп кайра аталган. Көчөттөр үчүн акы төлөнгөн эмес. 2020-жылы РЖКФ жоюлгандыгына байланыштуу токой чарбаларында айыл өкмөтүнө жана шаарлардын мэрияларына өткөрүп берилген 8665,3 мин сом суммасында дебитордук карыз пайда болгон. РЖКФ борбордук аппараты боюнча 4424,7 миң сом дебитордук карыз.

Токой кызматында 01.01.2023-жылга карата Пенсиялык фондго (15 %) бардыгы 899,7 миң сом суммасында авансттык төлөмдөргө жол берилген, анын ичинде: бюджеттик каражаттардын эсебинен – 691,5 миң сом, алар учурдагы жылдагы каржылоодо эсепке алынышы керек жана атайын эсептердин каражаттарынын эсебинен – 208,3 миң сом, алар төмөнкү төлөмдөрдүн эсебине чегерилиши керек (2-тиркеме).



01.01.2023-жылга карата «Климаттын өзгөрүшүнө жана табигый кырсыктарга суу ресурстарынын туруктуулугун жогорулатуу» ДИБде дебитордук карыз 36 348,2 миң сомду түздү.

КР Айыл чарба министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын “Айыл чарба тамак-аш өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу” ДИБде 2 993,2 миң сом суммасында (анын ичинде курулуш иштери боюнча төлөнгөн аванстар 2 889,4 миң сом).

01.01.2023-жылга кредитордук карыздар:

- бюджеттик каражаттар 152 296,1 миң сом, анын ичинде: Ветеринардык кызматында – 124 964,9 миң сом (запастар), Суу ресурстары кызматында –16 771,8 миң сом (кызматтар жана жумуштар – 7 805,8 миң сом, негизги каражаттар – 7 147,4 миң сом ж.б.), Токой кызматында – 5 919,9 миң сом (кызматтар жана жумуштар – 5 621,3 миң сом), Ветеринардык дары-дармек сертификаттоо борборунда – 1 101,0 миң сом (негизги фонддор);

- атайын эсептин каражаттары боюнча 81 248,0 миң сом, анын ичинде: Жер ресурстары кызматында – 43 014,3 миң сом, Суу ресурстары кызматында –16 057,2 миң сом, Ветеринардык кызматында – 13 464,9 миң сом ж. б.

Мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздар: Аламүдүн РСЧБда -401,4 миң сом, Сузак РСЧБда - 1 647,8 миң сом; Ветеринардык диагностика жана экспертиза боюнча борборунда – 237,8 миң сом; «Кадастр» МИнин Бишкек филиалында – 106,4 миң сом; «Элита» мамлекеттик мекемесинде – 969,9 миң сом ж.б. туура келет; кредитордук карыз – ВДЭБ – 2014-2017-жылдары кредиторлор тарабынан талап кылынбаган 166,7 миң сом суммасында запастар боюнча; Москва РСЧБда 01.01.2022-жылга карата абал боюнча атайын каражаттар боюнча кредиттик карыз чарбаларга сугат суу берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн 301,0 миң сом суммасында эсептелген. Бирок аудиттин жүрүшүндө 31.12.2021-жылга карата иш жүзүндөгү карыз 78,0 миң сомду (Башка ички дебитордук карыз) жана 379,0 миң сомду (Башка ички кредитордук карыз) түзгөндүгү белгиленген же отчетто бурмалоолорго жол берилген. 01.01.2023-жылга карата 2014-2017-жылдардан тартып кредиторлор талап кылбаган 166,7 миң сом суммасындагы карыздар саналды.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого” ылайык Министрлик:

- дебитордук жана кредитордук карыздардын абалына контролду жүзөгө ашырсын жана алардын жылдын аягына чейин түзүлүшүнө жол бербесин;

- дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча таасирдүү чараларды көрсүн;

- товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча эсептешүүлөрдү өз убагында жана толук көлөмдө жүргүзүү камсыз кылсын, мөөнөтү өткөн карыздардын пайда болушуна жол бербесин.

Бухгалтердик кызматтар жыл сайын милдеттүү түрдө отчеттук датага карата финансылык отчетту даярдоодо дебиторлор жана кредиторлор менен дебитордук жана кредитордук карыздардын калдыктарына жана кыймылына карата салыштыруу актысын түзүшсүн.

Мөөнөтү өткөн дебитордук карыздарды кайтарууну камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлсүн:

- Суу ресурстары кызматы боюнча калган 22981,4 миң сом; «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Бишкек филиалында 106,4 миң сом суммасында; Аламүдүн РСЧБда - 401,4 миң сом; Сузак РСЧБда - 1 647,8 миң сом; Жер ресурстары кызматы боюнча - 10 195,8 миң сом ж.б. Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунда 237,8 миң сом; «Элита» мамлекеттик мекемесинде 906,1 миң сом суммасында.

"Элита" мамлекеттик мекемесинин жетекчилиги дебитордук карыздарды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чараларды көрсүн жана белгиленген тартипте кредиторлор менен эсептешүүлөрдү жүргүзсүн.

Токой кызматы боюнча:

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматынын жетекчилиги төмөнкүлөр боюнча таасирдүү чараларды көрсүн:

- Мамлекеттик токой фонду жерлерин ижарачылардан ижара акысы боюнча 16 730,6 миң сом суммасындагы дебитордук карызды өндүрүү жана жоюу боюнча;

- ижара акысын кечиктиргендиги үчүн туумду эсептөө бөлүгүндө ижарачылар тарабынан келишимдин шарттарынын сакталышы боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги менен биргеликте Республикалык жаратылышты коргоо фонду (азыркы Токой кызматы) үчүн саналган 8121,7 миң сом суммасындагы дебитордук карыз жөнүндө маселени чечүү боюнча.

Долбоорлор аяктаганга чейин дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чараларды көрсүн:

- "Климаттын өзгөрүшүнө жана табигый кырсыктарга суу ресурстарынын туруктуулугун жогорулатуу" (СРТЖ) ДИБ - 36 348,2 миң сом, мындан ары дебитордук карыздын түзүлүшүнө жол бербесин;

- Суу ресурстары кызматынын "Айыл чарба тамак-аш өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу" ДИБ 2 993,2 миң сом суммасында (анын ичинде курулуш иштери боюнча төлөнгөн аванстар 2 889,4 миң сом).

**Аныкталды жана корутунду**

"Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди, стипендияларды жана башка социалдык төлөөлөрдү өз убагында берүүнү камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын 1-беренесин бузуу менен кызматкерлердин алдында карыздын пайда болушуна алып келген эмгек



акыны өз убагында төлөбөгөндүгү, киреше салыгы, Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча карыздын аз төлөнгөндүгү жана түзүлбөгөндүгү белгиленген. Алсак, эмгек акы боюнча кредитордук карызга жол берилген: "Элита" мамлекеттик мекемесинде 2018-жылдан баштап 01.01.2023-жылга карата кызматкерлердин алдында эмгек акы боюнча 2667,4 миң суммасында кредитордук карыз саналган жана Социалдык фондго төгүмдөр - 1013,4 миң сом; Бишкек шаардык ветеринардык башкармалыгында 15,0 миң сом суммасында саналган.

- Министрликтин борбордук аппаратында «Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022–2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин бузуу менен, эмгек акы төлөө боюнча милдеттенмелер боюнча (Пенсиялык фондго төгүмдөр) чыгымдардын корголгон беренеси боюнча 341,9 миң сом суммасында кредитордук карызга жол берилген.

**Сунуштама**

Министрликте, "Элита" мамлекеттик мекемесинде жана Бишкек шаардык ветеринардык башкармалыгында:

- "Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди, стипендияларды жана башка социалдык төлөөлөрдү өз убагында берүүнү камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө ар жылдык мыйзамдарынын эмгек акы боюнча кредитордук карыздарга жол бербөө жана эмгек акыны өз убагында берүү бөлүгүндөгү талаптары так сакталсын;

- кызматкерлерге эмгек акыны жана Социалдык фондго чегерүүлөрдү өз убагында төлөп берүү камсыз кылынсын;

- эмгек акы боюнча кредитордук карыздарды жоюу боюнча чаралар көрүлсүн;

- "Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди, стипендияларды жана башка социалдык төлөөлөрдү өз убагында берүүнү камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, эмгек акыны жана Социалдык фондго чегерүүлөрдү өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн күнөөлүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого" ылайык, кредитордук карыздарды жоюу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Министрликтин борбордук аппаратында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы № 137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону" бузуу 2021 жана 2022-жылдар үчүн Министрликтин консолидацияланган финансылык отчетун түзүү камсыз кылынган эмес; 2021 жана 2022-жылдар берилген

финансылык отчеттуулуктун көрсөткүчтөрү автоматташтырылган маалыматтык системанын (мындан ары – АМТ) "АИС:Казына.Бюджет", көрсөткүчтөрүнө дал келбейт, бюджеттик каражаттар боюнча дал келбестиктер (ф.2):

- 2021-жылга такталган план 578 333,0 миң сом; кассалык чыгымдар боюнча 534 218,1 миң сом;

- 2021-жылы атайын эсептердин каражаттары боюнча (ф.4) ылайык келбестиктердин суммасы: бекитилген план 41 992,9 миң сомду, такталган план 98 229,9 миң сомду; кассалык чыгымдар 28 207,3 миң сомду; жыл аягына карата атайын эсептердин каражаттарынын калдыгы 1 661,6 миң сомду түзгөн.

- 2022-жылы бюджеттик каражаттар боюнча дал келбестиктердин суммасы (ф.2): бекитилген план 2 349 373,4 миң сомду, такталган план 2 746 431,2 миң сомду; кассалык чыгымдар боюнча 2 568 090,9 миң сомду түзгөн;

- 2022-жыл үчүн атайын эсептердин каражаттары боюнча дал келбестиктердин суммасы: бекитилген план 457 554,7 миң сомду, такталган план 209 634,3 миң сомду; кассалык чыгымдар 0, жылдын аягына карата атайын эсептердин каражаттарынын калдыгы 3,6 миң сомду түзгөн.

- Бухгалтердик балanска 1-тиркеме «Ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрдүн саны жөнүндө маалыматтар» отчеттук мезгилдин аягына карата бюджеттик каражаттарды алуучулардын (ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрдүн) сандык курамы жана борбордук аппараттын, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрдүн бухгалтердик кызматтарынын кызматкерлеринин штаттык саны жөнүндө жалпыланган маалыматтар жок.

**Сунуштама**

Министрликтин консолидацияланган финансылык отчетун түзүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Ишенимсиз жалпыланган финансылык отчетту түзүү жана берүү үчүн жоопту кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Суу чарба жана ирригациялык курулуштарды башкаруу боюнча СЧББнын ишмердигине талдоодо төмөнкүлөр аныкталган:

7 СЧББдагы ирригациялык инфраструктуралык курулуштардын басымдуу көпчүлүгү 40 жыл жана андан ашык убакыттан бери эксплуатацияланган. Ирригациялык инфраструктуранын олуттуу бөлүгү физикалык жана технологиялык жактан эскирген абалда, бул алардын эффективдүүлүгүн төмөндөтөт жана суу ресурстарынын жоготууларын көбөйтөт, ирригациялык инфраструктураны модернизациялоо жана реабилитациялоо талап кылынат.

2023-жылдын 1-январына карата Суу чарба кызматынын СЧББда сугат суусу менен камсыз кылуу үчүн суу пайдалануучулар ассоциацияларынан (СПА) финансылык каражаттарды өз убагында жана толук чогултуу 3963,6 миң сомго камсыздалган эмес.



Сууну пайдалануу эрежелеринин сакталышына жана суу ресурстарынын пайдаланылышына мамлекеттик көзөмөл жетишсиз камсыздалып, натыйжада Суу чарбанын ведомстволук уюмдарында 2022-жылы суу коромжусу 1713,0 миң сомду, анын ичинен: Ала-Бука РСЧБда - 593,1 миң сом; Сузак РСЧБда - 975,0 миң сом, Жалал-Абад СЧББда - 105,0 миң сом, Кемин РСЧБда - 5,6 миң сом, Ысык-Ата РСЧБда - 12,9 миң сом, Алай РСЧБда - 11,3 миң сом, Кара-Суу РСЧБда - 2,9 миң сом, Панфилов РСЧБда - 7,2 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-июлундагы №440-токтому менен бекитилген, "2017-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын" ишке ашыруу боюнча каржылоо жетишсиз жана өз убагында жүргүзүлбөйт. Алсак, жыл сайын 2000,0 млн.сом суммасында финансылык ресурстар пландаштырылса, болгону 300,0-350,0 млн.сом каржыланат, же пландаштырылган финансылык ресурстардын 15,0-17,0 %ы гана;

- ирригациялык курулуштарды курууга, реабилитациялоого жана реконструкциялоого, ошондой эле каналдарды жана коллектордук-дренаждык тармактарды ондоо жана тазалоо иштерине бөлүнгөн финансылык каражаттардын жетишсиз пайдаланылышы, анын натыйжасында төмөндөгүлөр аткарылбай калган:

- 2021-жылдын 1-декабрына чейин аяктоо пландаштырылган Чүй айланма каналынын (ЧАК) курулушуна 80,0 млн сом бөлүү каралса, болгону 20,0 млн сом бөлүнгөн же толук каржыланган эмес;

- Чүй жана Баткен облустарында 2021-жылдын 1-октябрында аяктай турган скважиналарды бургулоо, Баткен районунун Самаркандек айыл аймагында 18 скважина, Чүй облусунун Москва жана Панфилов райондорунда 91 скважиналар ишке киргизилген эмес.

2021-жылдын 18-ноябрында 5 гана скважинаны калыбына келтирүүгө 13,5 млн сом өлчөмүндө каржылоо берилген;

- 2021-жылдын 1-сентябрына чейин пландалган Баткен облусунун Баткен районундагы Кулунду-Максат каналынын курулушуна 200,0 млн сом каралса, 85,0 млн сом гана бөлүнгөн же толук каржыланбай калган;

- Козу-Баглан дарыясындагы Лейлек суу сактагычынын курулушун аяктоо мөөнөтү 2021-жылдын 1-сентябрында пландаштырылып, 180,0 млн сом каралса, болгону 10,0 млн сом бөлүнгөн же толук каржыланган эмес.

**Сунуш**

Суу чарба кызматы боюнча:

1. Төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- сугат суусун берүү үчүн суу пайдалануучулар ассоциацияларынан (СПА) финансылык каражаттарды өз убагында жана толук чогултуусу;

- ирригациялык курулуштарды курууга, реабилитациялоого жана реконструкциялоого, ошондой эле каналдарды жана коллектордук-дренаждык тармактарды ондоо жана тазалоо иштерине бөлүнгөн финансылык каражаттардын толук колдонулушу;

- суу ресурстарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануусу.

2. Төмөнкүлөр боюнча чаралар көрүлсүн:

- сууну коромжолуу пайдалануу, чарбалардын жана Суу пайдалануучулар ассоциацияларынын (мындан ары - СПА) сугат суусун пайдалануусуна көзөмөл жүргүзүүсү боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-июлундагы №440-токтому менен бекитилген, "2017-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын" ишке ашыруу боюнча иш-чараларды өз убагында аткаруу жана толук каржылоо боюнча.

Суунун коромжу болушуна жол бербөө жана кыскартуу үчүн чарбалар аралык каналдарды калыбына келтирүү жумуштарын жүргүзүү, суу пайдалануучулар ассоциацияларына сууну өлчөө жана эсепке алуу тутумун киргизүү милдеттендирилсин жана суу ресурстарын ашыкча пайдалануулар үчүн санкциялар киргизилсин.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-июлундагы №440-токтому менен бекитилген, "2017-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын" ишке ашыруу боюнча иш-чараларды өз убагында аткарууга жана толук каржылоого көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин түзүмдүк бөлүмү болуп саналган "Агросмарт" санариптештирүү жана маркетинг борбору" мамлекеттик ишканасы (мындан ары - МИ) конкурстардын жыйынтыгы менен, программалык продуктыларды жана маалыматтык системаларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча программалык продуктыларды иштеп чыгып, ишке киргизүүнү жана техникалык жактан камсыз кылуу боюнча; Айыл чарба министрлигине караштуу "АгроСмарт" санариптештирүү жана маркетинг борбору МИнин уставына ылайык, ишкананын негизги милдеттери болуп саналганына карабастан маалыматтык системалардын үзгүлтүксүз иштешин жана техникалык тейлөөсүн камсыз кылуу боюнча акы төлөнүүчү негизде жыл сайын (түзүлгөн учурдан тартып) кызматтарды көрсөтөт.

Министрлик мамлекеттик башкаруу органы болуп саналат.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамындагы (6-берене. Кызыкчылыктардын кагылышы, 1-бөлүгүнүн 2-пунктчасы) ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу сатып алууларга берүүчүлөр, консультанттар катары катышууга же алар менен аффилирленген тарап болууга тыюу салуусун бузуу менен Айыл чарба министрлиги конкурстун жыйынтыгы менен МИ менен жалпы суммасы 3 697,6 миң сомдук келишим түзгөн ("Министрликтин маалыматтык системаларын жана ресурстарын техникалык жактан колдоо жана коштоо боюнча кызмат көрсөтүү" - 1 ЛОТ боюнча 2697,6 миң сом, "Долбоордук



сунуштарды колдоо жана даярдоо боюнча консультациялык кызматтарды көрсөтүү" ЛОТ-2 боюнча 1000,0 миң сом).

2021-жылы Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратынын маалыматтык тутумдарын жана ресурстарын тейлөөгө жана техникалык камсыздоого Мамлекеттик ишкананын эсебине 3450,0 миң сом которулган, 2022-жылы - 3697,6 миң сом. Аткарылган иштердин актысы боюнча Мамлекеттик ишкана аткарган иштерге негизинен төмөнкүлөр кирет: компьютерди жөндөө, компьютер чычканын жана интернетти жөндөө, Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратында сканер жана принтерди жөндөө.

Менчиктин формасы боюнча республикалык бюджетке кошумча жүк болбошу үчүн киреше алууга, донордук жана эл аралык уюмдардын финансылык каражаттарын тартууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик ишкана болуп аныкталган. Бул текшерүүнүн жүрүшүндө МИнин бухгалтердик балансынын маалыматтарынын негизинде МИнин 2021-жылдагы финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыгы боюнча 178,8 миң сом өлчөмүндө пайда алынгандыгы аныкталган, 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 475,8 миң сом зыян тапкан.

2021- жана 2022-жылдары штаттык бирдик 43 адамды түзгөн, аларды күтүүгө административдик чыгымдар 2021-жылы 4436,3 миң сомду, 2022-жылы 5626,6 миң сомду түзгөн, же 2022-жылы административдик чыгымдар 1190,3 миң сомго көбөйгөн. Учурда мамлекеттик ишкананын кызматкерлери аргасыз өргүүдө, экономикалык жана уюштуруучулук себептерден улам иш убактылуу токтотулган. Кызматкерлерге аргасыз өргүү берүүнүн тартиби жана төлөө тартиби ички эрежелерде же жамааттык жана эмгек келишимдеринин жоболорунда каралган эмес.

Аудит Айыл чарба министрлигинин борбордук аппаратынын штатында системалык администраторлордун бирдиктерин, Маалыматтык технологиялар адистери (IT адистери) же секторду кармап туруу натыйжалуураак болмок деп эсептейт, аларды тейлөөгө чыгымдары жылына орточо 2542,7 миң сомду түзмөк, бул бюджеттик каражаттарды 1155,0 миң сомго үнөмдөөгө мүмкүндүк бермек (2021-жылы - 907,3 миң сом, 2022-жылы - 1155,0 миң сом).

Ишкананын Уставын бузуу менен ишкананын мамлекеттик башкаруу органына бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана финансы-чарбалык иштин натыйжалары жөнүндө ишкана тарабынан отчеттор берилбеген; ишкананын жылдык бюджетинин долбоору макулдашылган эмес, ишкананын финансылык-чарбалык ишинин натыйжалуулугунун тармактык көрсөткүчтөрү иштелип чыкпаган жана бекитилген эмес; ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын аткарылышына талдоо жана мониторинг жүргүзүлбөйт. Министрлик тарабынан аткаруу органынын отчету каралбайт.

Айыл чарба министрлигинде программалык продуктыларды ишке киргизүү жана техникалык колдоо, б.а. анын ичинде "1С: Бухгалтердик эсеп

8.3" программасын бухгалтердик жана техникалык жактан колдоо жана коштоо жүргүзө турган функциясын аткара турган "АгроСмарт" мамлекеттик ишканасы иштегенине карабастан, Айыл чарба министрлигинин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүндө 1С программасын колдоону жана коштоону жеке ишмер З. Жээналиева менен келишим түзүү аркылуу жүргүзүлөт.

**Сунуштама**

Бюджеттик каражаттарды үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануу максатында мамлекеттик ишкананын башкаруу органы – Министрликке төмөндөгүлөр сунушталат:

- негиздөөчү – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине ишкананы кайра уюштуруу (реорганизация) боюнча сунуштарды же Айыл чарба министрлигинин борбордук аппаратында системалык администратордун жана IT адистеринин штаттык бирдиктерин кошумча киргизүү менен мамлекеттик ишкананы жоюу жөнүндө маселени киргизиши;
- Ишканадан анын финансылык-чарбалык иши жөнүндө маалыматтарды, финансылык (бухгалтердик) отчеттуулук документтерин, ошондой эле финансылык-чарбалык ишине жана ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планына талдоо жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдарды, маалыматтарды жана түшүндүрмөлөрдү сурап жана алуусу;
- аткаруу органынын отчетторун угууга; ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын суроо-талабы боюнча белгиленген тартипте Ишкананын иши жөнүндө маалыматтарды берүүгө; бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана финансылык-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө квартал сайын отчетторду талап кылуусу.

**Аныкталды жана корутунду**

Айыл чарба министрлигинин борбордук аппаратында Министрликтин түзүмдүк бөлүмү - Финансы жана бухгалтердик эсеп башкармалыгы (мындан ары - Башкармалык) бар, анын негизги милдети Министрликтин консолидацияланган бюджетин жана бухгалтердик эсеп, финансылык отчеттуулук жана Министрликтин консолидацияланган балансын түзүү. Башкармалыктын функцияларына төмөнкүлөр кирет: Министрликтин аймактык башкармалыктары жана түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан берилген финансылык отчеттуулуктун негизинде консолидацияланган финансылык отчеттуулукту түзүү. Бирок, Башкармалык консолидацияланган отчеттуулукту түзүү функциясын аткарбайт, отчеттуулук жыл сайын жеке (жалданма бухгалтер) жана юридикалык жактар тарабынан жүргүзүлөт. Тактап айтканда, "1С: Бухгалтердик эсеп 8.3" программасын бухгалтердик жана маалыматтык жактан коштоо жана балансты түзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча конкурстун жыйынтыгы боюнча Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппараты жана райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары (РАӨБ) жеке ишкер З. Жээналиева менен 2021-жылы келишим түзүшкөн.



Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратынын финансылык отчеттуулугун жалпылоо үчүн төлөөгө кеткен чыгымдары текшерилген мезгил үчүн 685,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен: «Алан Групп» ЖЧКсы - 615,1 миң сом (2021-жылы - 397,6 миң сом, 2022-жылы - 217,5 миң сом); 2021-жылы жеке ишкер З. Жееналиевага - 70,0 миң сом, 685,1 миң сом бюджеттик каражаттар натыйжасыз пайдаланылган.

Белгилей кетсек, Боробордук аппараттын штатында 4 бирдиктен турган бухгалтердик бөлүм бар, анын функционалдык милдеттерине Борбордук аппараттын жана РАӨБдүн бухгалтердик эсебин жүргүзүү кирет. Айыл чарба министрлигинин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн бухгалтердик отчетторун кабыл алуу жану түзүү, консолидацияланган финансылык отчетту түзүү функцияларын бухгалтердик бөлүмгө кошумча штаттык бирдиктерин кошуп берүү менен өткөзүү максатка ылайыктуу болот.

Аудит Башкармалык көп жылдар бою Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратынын финансы жана бухгалтердик эсеп боюнча негизги милдеттерин, министрликтин Борбордук аппаратынын финансы жана бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн кызматкерлеринин функционалдык милдеттери аткарылбай келгендигин белгилейт, бюджеттин аткарылышы боюнча жылдык отчет Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратынын штаттык кызматкерлери тарабынан эмес, сырттан жалданган тараптар аркылуу түзүлөт, натыйжада жылдык финансылык отчеттуулуктун ишенимдүү түзүлүшү камсыз кылынган эмес, Айыл чарба министрлиги тарабынан 2021 жана 2022-жылдарга карата берилген финансылык отчеттуулуктун көрсөткүчтөрү "МС: Казыналык. Бюджет" автоматташтырылган маалыматтык тутумдун (мындан ары - АМТ) көрсөткүчтөрүнө дал келбейт.

Мындан тышкары, Айыл чарба министрлигинин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан З. Жээналиевага "1 С: Бухгалтердик эсеп 8.3" программасын бухгалтердик жана техникалык коштоо көрсөткөндүгү үчүн 2021-жылы – 1100,0 миң сом, 2022-жылы – 1050,0 миң сом котрулган же 2150,0 миң сом бюджеттик каражаттар натыйжасыз пайдаланылган.

**Сунуштама**

Төмөндөгү маселелер каралсын:

- Айыл чарба министрлигинин борбордук аппаратынын бухгалтердик кызматына Айыл чарба министрлигинин консолидацияланган финансылык отчетун (балансын) түзүү функцияларын берүү жөнүндө;
- Айыл чарба министрлигинин финансылык отчетту кабыл алуу жана түзүү боюнча функционалдык милдеттерин аткарбаган Айыл чарба министрлигинин Борбордук аппаратынын финансы жана бухгалтердик эсеп башкармалыгынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги жөнүндө;
- "1 С: Бухгалтердик эсеп 8.3" программасын бухгалтердик эсепке алуу жана маалыматтык камсыздоо жана Айыл чарба министрлигинин консолидацияланган финансылык отчетун түзүү үчүн жеке жана юридикалык жактарды жалдоо боюнча чыгымдарды токтотуу.

**Аныкталды жана корутунду**

“Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, 2021-2022-жылдарга дотацияланычуу үрөндөрдүн баалары монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органысыз айыл чарба тармагындагы саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, б.а. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги тарабынан гана аныкталган (Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2021-жылдын 12-августундагы №278 буйругу).

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы №448-токтому менен, “Кыргыз Республикасынын үрөн чарбаларына мамлекеттик дотацияларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобо” бекитилген, анда үрөндөрдүн сатуу баасын эсептөө методикасы бекитилген, анда үрөндөрдүн сатуу баасын Айыл чарба министрлиги гана аныктайт. Белгилей кетсек, ушул токтом кабыл алынганга чейин, Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаменти СССРдин Айыл чарба министрлиги 1980-жылдын 11-июнундагы № 8-12/692 буйругу менен бекиткен Сорттук жана гибриддик үрөндөрдү, дан жана май өсүмдүктөрүн даярдоонун, сактоонун жана сатуунун тартиби жөнүндө жобону колдонуп келген. Жогорудагы Жобо үрөндүн сатуу баасын аныктоо жагынан “Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына каршы келет.

**Сунуштама**

“Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, үрөндүн өндүрүү наркын айыл чарба тармагындагы саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Суу пайдалануучулардын ассоциацияларын (мындан ары - СПА) колдоо жана өнүктүрүү боюнча борбордук башкармалыгынын жана СПАларды колдоо боюнча аймактык башкармалыктардын жана Суу пайдалануучулар ассоциациясынын союзунун (мындан ары - СПАС) функцияларынын аткарылышын талдоонун жыйынтыгында каражаттардын жетишсиздигинен айрым функциялар аткарылбай жаткандыгы аныкталды. СПАларды жана СПАСтын түзүүлүшүнүн жана чындалышынын бардык аспектилери боюнча окуу курстарын иштеп чыгуу жана өткөрүү боюнча функциялары аткарылган эмес; СПАлардын жана СПАСтын кызматкерлерин, СПАлардын жана СПАСтын аймактык колдоо бөлүмдөрүнүн инструкторлорун окутуу үчүн; окуу курстарын баалоо боюнча отчетторду түзүү; СПАлар жана СПАС үчүн бухгалтердик эсептин тийиштүү системасын киргизүү ж.б. Буга карабастан, Чүй, Талас, Ысык-Көл, Нарын, Жалал-Абад жана Ош облустарында Суу пайдалануучулар ассоциациясын колдоо жана өнүктүрүү боюнча аймактык башкармалыктарынын штаттык курамында окутуу бөлүмүнүн башчысынын бирден орун басарын, башкы адисти жана окутуу боюнча жетектөөчү адисти кармоого 2021-жылы республикалык бюджеттен 1056,5 миң сом (негизсиз) жумшалган.



**Сунуштама**

Суу пайдалануучулар ассоциациясын колдоо жана өнүктүрүү боюнча аймактык башкармалыктардын штаттык курамында, мындан ары, окутуу бөлүмүнүн начальнигинин орун басарларын, окутуу боюнча башкы жана жетектөөчү адистерди кармоо маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгында, Ош шаардык ветеринария башкармалыгында Ветеринардык палатанын реестрине катталбастан жеке ветеринардык практиканы жүргүзүүгө тыюу салган “Ветеринария жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, жеке ветеринардык врачтар (8 адам) Ветеринардык палатанын реестринде катталган эмес, каттоо мөөнөтү бүткөн, анткени бул процедуралардан өткөндөн кийин гана ветеринарларга жеке ветеринардык практика менен алектенүүгө укук берилет.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын “Ветеринария жөнүндө” Мыйзамын бузуу менен, 2022-жылы эпизоотияга каршы профилактикалык иш-чаралар жана лабораториялык диагностика жана ветеринардык-санитардык экспертиза жүргүзүлүп, учурда дагы аккредитацияланбаган ветеринардык лабораториялар тарабынан жүргүзүлүүдө. Лабораториялар жабдылган эмес жана белгиленген талаптарга жооп бербейт.

“Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен:

- жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасы боюнча киргизилген программада ири мүйүздүү мал боюнча гана маалыматтар бар, малдын башка түрлөрү боюнча маалымат базасы жок.
- идентификацияланган жаныбарлардын кыймылы жана катталган чарбалар жөнүндө кварталдык отчеттор статистикалык органдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формада, тартипте жана мөөнөттө берилбейт; идентификацияланган жаныбарлардын кыймылынын эсеби жүргүзүлбөйт.

**Сунуштама**

Ветеринария кызматынын Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгынын жана Ош шаардык ветеринария башкармалыгынын жетекчилиги “Ветеринария жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын төмөндөгүлөр боюнча аткарууну камсыз кылышсын:

- ветеринардык врачтарды Ветеринардык палатанын бирдиктүү реестринде (каттоодон өткөн ветеринардык адистердин тизмесинде) каттоосун;

- лабораториялык диагностика жана ветеринардык-санитардык экспертизалар аккредиттелген ветеринардык лабораториялар тарабынан жүргүзүлүшүн;

- эпизоотияга каршы профилактикалык иш-чараларды жүргүзүүчү, жеке ветеринардык практика менен алектенген ветеринардык врачтарды Ветеринардык палатанын бирдиктүү реестрине каттоосун;

- "Ветеринария жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30-беренесине ылайык, Ветеринардык палатанын реестринде каттоосу жок жеке ветеринардык иш менен алектенген адамдардын жоопкерчилигин кароону;

- ветеринардык лабораторияларды керектүү тиешелүү жабдуулар менен камсыз кылуу боюнча чаралардын көрүлүшүн.

"Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ветеринария боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - Ветеринария кызматы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын: "Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын бардык жаныбарларды идентификациялоо; жаныбарларды жана чарбаларды идентификациялоо жана каттоо боюнча мамлекеттик көзөмөлдү жүргүзүүнү.

Бишкек шаардык ветеринария башкармалыгынын жана Ош шаардык ветеринария башкармалыгынын жетекчилиги идентификацияланган жаныбарлардын жылышы жана катталган чарбалар боюнча статистикалык органдарга квартал сайын отчет берүү боюнча "Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышын камсыз кылышсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-декабрындагы № 694 токтомун бузуу менен, жаныбарларды идентификациялоо боюнча иш-чаралардын планы жана графиги иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес, идентификациялануута тийиш болгон малдын санына талдоо жана эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес, 2018-жылдан бери майда жандыктарды идентификациялоо жүргүзүлгөн эмес, жаныбарларды идентификациялоо боюнча иш-чаралар өз убагында жүргүзүлгөн эмес, анын натыйжасында кулак биркаларынын өтө чоң калдыктарынын жалпы суммасы 75 849,9 миң сомду түзгөн, 2021-жылдын 1-январына карата 90 000 комплект, 2022-жылдын 1-январына карата 3 822 000 комплект, алар 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 15-июлундагы № 319 токтомуна ылайык республикалык бюджеттен пайызсыз жана күрөөсүз бюджеттик ссудалардын эсебинен 2018-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 1-январына чейин төлөө мөөнөтү менен сатылып алынган, же бюджеттик каражаттардын натыйжасыз пайдаланууусу 75849,9 миң сомду түзгөн.



2021-жылы "Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, Ветеринардык кызматтын борбордук аппараты тарабынан тиешелүү чаралардын жана көзөмөлдүн жоктугунан жаныбарларды идентификациялоо жана контролдоо боюнча маалыматтык тутум толугу менен ишке киргизилген эмес, Ветеринардык кызмат тарабынан жеке ветеринарлардын ишине жеринде көзөмөл жүргүзүү жетишсиз аткарылат.

2022-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 18-июнундагы №377- "Мал ылаңдарынын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен:

- эпизоотиялык акыбалдын деңгээлин эске алуу менен региондордун статусу белгиленген эмес, региондордун статусу: бул оорудан эмдөөсүз таза, бул оорудан эмдөө менен таза аймак, бул оору боюнча белгисиз статусу бар аймак; бул оору боюнча начар аймак; бул оору боюнча стационардык начар аймак болуп белгиленет;

- 2022-жылга профилактикалык жана эпизоотияга каршы иш-чаралардын жалпыланган планы аткарылган эмес: ири мүйүздүү малды диагностикалоо боюнча (иш жүзүндө – 73 %); ири мүйүздүү малды эмдөө (иш жүзүндө - 75 %); майда малды эмдөө (иш жүзүндө – 93 %); жылкыларды эмдөө (иш жүзүндө – 96 %); чочколордун диагностикасы (иш жүзүндө – 85 %); чочколорду эмдөө (иш жүзүндө – 67 %); цестодозга каршы дегельминтизация (иш жүзүндө - 71 %); аарылардын диагностикасы (иш жүзүндө – 80 %);

- ири мүйүздүү малдын, майда жандыктардын жана чочколордун (идентификациядан өткөн) саны боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Ветеринардык кызматтын Жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасын (ЖИКС) маалымат тутумунун маалыматтарынын дал келишпегендиги аныкталды. Алсак, Ветеринардык кызматтын ЖИКС маалымат тутумунун маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-январына карата ири мүйүздүү малдын саны 2 049 590 башты (идентификацияланган) түзсө, ал эми Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – КР УСК) маалыматы боюнча ири мүйүздүү малдын саны 1 750 467 башты түзгөн, айырмасы 299 123 баш ири мүйүздүү мал ж.б.;

- Ветеринардык кызматтын ЖИКС маалымат тутумунун маалыматы боюнча, майда малдын саны 37562 баш асыл тукум майда мал, 37362 баш өткөн, 200 баш өткөн эмес же план 99,5 %га аткарылган. Бул Кара-Буура районунун «Азамат» асыл тукум чарбасы ири суммадагы чыгашалардан жана учурда мүмкүнчүлүктүн жоктугунан улам идентификациядан баш тартып жаткан себебинен. Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 128 "Укук бузуулар жөнүндө" Кодексинде ветеринардык-санитардык эрежелерди, жаныбарлардын жугуштуу ооруларын алдын алуу жана жоюу боюнча, идентификацияга жана мал

азыктарына карата ветеринардык-санитардык эрежелерди бузгандыгы үчүн юридикалык жактардын жоопкерчилиги каралбайт;

**Сунуштама:**

Ветеринардык кызматтын жетекчилиги аткарылышын камсыз кылсын:

- Кыргыз Республикасынын "Жаныбарларды идентификациялоо жөнүндө" Мыйзамынын "СИОЖ" маалыматтык системасын сапаттуу жана толук ишке киргизүү жагындагы талаптарынын;

- жаныбарларды идентификациялоо боюнча иш-чаралардын планын жана графигин иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 5-декабрындагы № 694-токтомунун;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 18-июнундагы № 377- "Мал ылаңдарынын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомунун: аймактардын статусун алардын эпизоотиялык деңгээлин эске алуу менен белгилөө жагын;

- Республика боюнча алдын алуу жана эпизоотияга каршы иш-чаралардын жалпыланган планын ишке ашыруу боюнча чараларды көрсүн;

- жер-жерлерде жеке ветеринардык дарыгерлердин ишине көзөмөлдү күчөтүүнү;

- жаныбарлардын жылышы жөнүндө өз убагында маалымат берүү боюнча мал ээлери менен иш-чараларды жүргүзүүсүн; малды инвентаризациялоону жеке ветеринардык адистер жүргүзүүсүн.

Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" Кодексине ветеринардык-санитардык эрежелерди бузгандыгы, жаныбарлардын жугуштуу ооруларын жоюуда, жаныбарларды идентификациялоодо жана мал азыктарына карата ветеринардык-санитардык эрежелерди бузгандыгы үчүн юридикалык жактардын жоопкерчилиги жөнүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна маселе коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматынын чек арадагы ветеринардык көзөмөл пункуту (мындан ары - ЧВКП) жөнүндө жобого ылайык, ЧВКПнын милдеттери болуп адамдардын, жаныбарлардын өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугун камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрүү пункуттарында чек ара ветеринардык көзөмөлдү жүргүзүү аркылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматтын жетекчиси бекиткен Ветеринардык кызматтын аймактык бөлүмдөрүнүн түзүмү жалпы штаттык саны 116 бирдикти түзгөн 24 ЧВКПны камтыйт, аларды тейлөөгө чыгымдар 2022-жылы 58133,6 миң



сомду түзгөн, анын ичинен эмгек акы 47525,9 миң сом, камсыздандыруу төгүмдөрү – 6977,7 миң сом.

"Ак-Тилек" ЧВКПда бекитилген түзүм боюнча 8 бирдик болсо, иш жүзүндө 9 адам, Чалдовар ЧВКПда бекитилген 7 бирдиктин ордуна 6 адам иштейт ж.у.с.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 221- "Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" токтому менен Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу тартиби бекитилген, ага ылайык товарларды каттоо пункутунун иши транспорттук көзөмөлдөө, салык кызматы, ички иштер, ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдарынын кызматкерлери, ошондой эле зарыл болгон учурда мамлекеттик статистика органы, саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Товарларды эсепке алуу пунктунун ишине катышкан мамлекеттик органдардын жана товарларды ташуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу уюмдардын салык органдары менен электрондук өз ара аракеттенүүсү үчүн "Жалпы пост" автоматташтырылган маалыматтык тутуму (мындан ары - АМТ "Жалпы пост") колдонулат. 5 темир жол постунун ичинен 2 гана постто АМТ "Жалпы пост" (ЧВКП "Кыргызтемиржолу" жана ЧВКП "Кара-Суу" темир жолу) иштейт. Белгилей кетсек, ЧВКП Кара-Суу темир жолу аркылуу үчүнчү өлкөлөрдөн - Ирандан балык тоюту гана ташылып келет, ошондой эле Жалал-Абад, Шамалды-Сай жана Кызыл-Кыя шаарларындагы темир жолдогу ЧВКПлар аркылуу ветеринардык көзөмөлгө алынган товарлар (жүктөр) таптакыр катталган эмес.

Төмөндөгү темир жол станцияларында: Талас облусунун Кара-Буура районунда (темир жол станциялары-Маймак, Жоон-Дөбө), Чүй облусунун Жайыл районунда (Карабалта темир жол станциясы), Чүй облусунун Панфилов районунда (Кайыңды темир жол станциясы), Чүй облусунун Москва районунда (Беловодская темир жол станциясы), Чүй облусунун Сокулук районунун Шопоков шаарында (Шопоков темир жол станциясы), Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Кант шаарында (Кант темир жол станциясы), Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Ивановка айылында (Ивановка темир жол станциясы), Чүй облусунун Токмок шаарында (Токмак темир жол станциясы), Чүй облусунун Кемин районунда (темир жол станциялары - Быстровка, Жиль-Арык), Ош шаарында (Ош темир жол станциясы), Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарында (Ташкөмүр темир жол станциясы) Ветеринардык кызматтын штаттык бирдиктери каралган эмес.

Калган "Кызыл-Кыя", "Жалал-Абад", "Шамалды-Сай" ЧВКП темир жол постторунда АМТ "Жалпы пост" маалымат системасы иштебейт, Ветеринардык кызматы тарабынан товарларды эсепке алуу пункуттарында ветеринардык көзөмөл жүргүзүлбөйт же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 221- "Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптары аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Айыл чарба министрлигинин жетекчилиги, чек арадагы ветеринардык көзөмөл пункуттарды иштетүүсү боюнча Ветеринардык кызматтын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзсүн, бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында чек арадагы ветеринардык көзөмөл пункуттарды оптималдаштыруу маселесин карап чыксын.

Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 221- "Кыргыз Республикасына ташып киргизүүдө (импорттоодо) Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн алкагында товарларды эсепке алууну камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун темир жол станцияларындагы товарларды эсепке алуу пункттарында ветеринардык көзөмөл жүргүзүү боюнча талаптарынын аткарылышы камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Балык чарба департаменти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 7-сентябрындагы № 561- "Кыргыз Республикасында табигый жана жасалма көлмөлөрдү балык чарбалык өздөштүрүү жана пайдалануу жөнүндө" токтомун аткарбай, 2009-жылдан бери балык чарбасында бардык майда жана пайдаланылбаган табигый жана жасалма көлмөлөрдү, көлдөрдү, суу сактагычтарды, көлмө сууларды жана дарыяларды андан ары балык чарбасын өнүктүрүү максатында балык чарба, балык уулоо жана балык өстүрүүгө пайдалануу үчүн толук инвентаризациялоо жүргүзүлгөн эмес, аларды; инвентаризациялоо иш-чаралары жарым-жартылай жүргүзүлүп, натыйжада Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-февралындагы № 67- токтому менен Кыргыз Республикасындагы табигый жана жасалма көлмөлөрдүн тизмесине толуктоолор киргизилген. Балык чарба департаментинин маалыматы боюнча, 2023-жылдын 1-январына карата 209 келишим түзүлүп, анын ичинен 106 көлмө (инвентаризация жана паспорттоштуруунун жыйынтыгы боюнча балык чарбаларын түзүүгө жарактуу жана юридикалык жана жеке тараптарга пайдаланууга берилген) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 7-сентябрындагы № 561-токтому менен бекитилген, "Балыкчылык, балык уулоочулук жана балык өстүрүүчүлүк максаттарында балык чарбасын өздөштүрүү жана пайдалануу үчүн берилүүчү Кыргыз Республикасынын табигый жана жасалма



көлмөлөрүнүн тизмесине" киргизилген эмес. Аныкталып, бирок пайдаланууга бериле элек 465 (659 -194) көлмөлөрдү пайдалануудан түшө турган кирешелердин өлчөмү 5057,7 миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасындагы балык өстүрүү максатындагы табигый жана жасалма көлмөлөрдүн Тизмесине суу аянты 236 чарчы метрге барабар Ысык-Көл, 270 чарчы метр болгон Соң-Көл жана 1,6 чарчы метрлик Көл-Үкөн көлдөрү кирген. Иш жүзүндө бул көлдөр балык өстүрүү жана балык уулоо үчүн пайдаланылбайт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 10-июлундагы № 172-Жарлыгы менен 2 көлдө: Ысык-Көл жана Соң-Көл көлдөрүндө балыкты өндүрмөлүк кармоого, ташууга, сатууга, сактоого, сатып алууга жана ташып чыгууга үч жылга убактылуу тыюу салынган. Ал эми Көл-Үкөн көлү боюнча белгилеөчү нерсе, "Кадастр" мамлекеттик ишканасынын маалыматы боюнча, аталган көл жайгашкан Кочкор районунун айыл өкмөтү көлдү "Туура Бишкек" коомдук бирикмесине 2009-жылдын 29-июнунан тартып 49 жылга ижарага берген. Балык чарба департаменти тарабынан көлмөлөрдү эсепке алуу жана көзөмөл жүргүзүлбөгөндүктөн, айыл өкмөтү 1,6 чарчы метр аянты менен Көл-Үкөн көлүн негизсиз ижарага берип, 1211,8 миң сомго чейин киреше жоготуулга учураган.

**Сунуштама:**

Төмөндөгүлөр камсыз кылынсын:

- көлмөлөрдүн рационалдуу пайдаланышы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 7-сентябрындагы № 561- "Кыргыз Республикасында табигый жана жасалма көлмөлөрдү балык чарбалык өздөштүрүү жана пайдалануу жөнүндө" токтомунун 2-пунктунун: балык чарбасында пайдаланылбаган бардык табигый жана жасалма майда көлмө-сууларга, көлдөргө, суу сактагычтарга, көлмөлөргө жана өзөндөргө аларды балык өстүрүү, балык уулоо жана балыкты көбөйтүү максатында пайдалануу үчүн инвентаризациялоо жүргүзүүсүнүн аткарылышын жана пайдаланууга берилбеген көлмөлөрдүн эсебинен киреше резервдерди пайдалануу боюнча иштерди күчөтүү;
- Кыргыз Республикасынын бирдиктүү мамлекеттик балык чарбасынын фондуна киргизүү жана Кыргыз Республикасынын балык чарбасынын фондусун көбөйтүү үчүн, Кыргыз Республикасынын табигый жана жасалма көлмөлөрүнүн такталган Тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бекитүүсүнө киргизилсин;
- Балыкчылык, балык уулоочулук жана балык өстүрүүчүлүк үчүн пайдаланыла турган 106 көлмөнү Кыргыз Республикасынын табигый жана жасалма көлмөлөрүнүн Тизмесине киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

106 көлмөнү Кыргыз Республикасынын табигый жана жасалма көлмөлөрүнүн Тизмесине кирбей калгандыгынын себептери каралсын, көлмөлөрдү инвентаризациялоого жоопту кызматкерлерге тиешелүү тартиптик чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-июлундагы №382-токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кадастр" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобого" жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №116-токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин алдындагы Жер ресурстар кызматы жөнүндө жобого" ылайык, эки мекеменин кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдей функциялары аныкталган: кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоону жүргүзүү, Кыймылсыз мүлккө укуктардын бирдиктүү мамлекеттик реестри жана белгиленген тартипте кыймылсыз мүлккө катталган укуктар жөнүндө маалыматтарды берүү, жер участокторун накталай (жеринде) бөлүү, юридикалык жана жеке жактардын пайдаланган жерлеринин чек араларын белгилөө жана бекитүү, укук ээлеринин арыздарынын негизинде кыймылсыз мүлк бирдиктерин түзүү, бөлүштүрүү жана бириктирүү; укук ырастоочу документтердин негизинде жер участогуна укук күбөлөндүрүүчү документтерди тариздөө, берүү; ж.б. Башкача айтканда, "Кадастр" мамлекеттик мекемеси (мындан ары – "Кадастр" ММ) жана Жер ресурстары кызматы (мындан ары - ЖРК) бирдей функцияларды (функцияларды кайталоо) аткарышат же "Кадастр" ММ жана ЖРК тармактары натыйжасыз башкарылат. Текшерилген мезгил аралыгында ЖРК тарабынан кызмат көрсөтүүдөн түшкөн негизсиз кирешелер 1332,1 миң сомду түзгөн.

*Эскертүү: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 25-декабрында №354 Жарлыгынын 1-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын базасында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик түзүлдү.*

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-июлундагы №382- "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө" токтомунун 19-пункту менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2019-2021-жылдарга республикалык бюджетти түзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиктин жана анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн ишин каржылоо үчүн зарыл болгон каражаттарды эске алууга милдеттендирилген. Бирок, (2020-жылы) 2021-жылы "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин борбордук аппараты "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин филиалдары тарабынан көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтардын эсебинен жүргүзүлүп, муну менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637-токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартиби бузулган,



анда "Кадастр" ММнин борбордук аппаратын күтүү боюнча чыгымдар көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына кирбейт. "Кадастр" ММнин борбордук аппаратын күтүүгө кеткен чыгымдар 2020-жылы 50 566,9 миң сомду жана 2021-жылы 68 126,5 миң сомду түзгөн.

2022-жылы «Кадастр» ММнин каражаттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626-токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө Жобонун" Атайын эсептердин каражаттарын бекитүү жана ондоп-түзөө бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык кирешелердин жана чыгашалардын бекитилген сметасынын негизинде топтолгон жана пайдаланылган.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-июлундагы № 382-токтомуна ылайык, "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин борбордук аппаратын кармоо чыгымдары республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүү жөнүндө маселеси чечилсин.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин борбордук аппаратын күтүүнү каржылоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637-токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды (иштерди) көрсөтүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоонун тартибине" ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

"Кадастр" ММде 2111 "Эмгек акы" беренеси боюнча 2022-жылга такталган план 783 695,4 миң сомду түзгөн, бул кирешесинин 71,0 % өлчөмүн (1 103 793,7 миң сом) түзөт, бул бекитилген 65 % (717 469 миң сом) өлчөмдөн 66 229,5 миң сомго көп; 2121 "Социалдык фондго төгүмдөр" беренеси боюнча план 123 762,8 миң сомдун ордуна 132 290,0 миң сом суммасында такталган, же 8 527,2 миң сомго көп.

Жер ресурстары кызматынын 2022-жылдын 9-ноябрындагы №141-буйругу менен, 2022-жылдын 1-ноябрынан тартып ченемдик эмгек акы фонду иш жүзүндөгү аткарылган иштердин көлөмүнүн 71 % өлчөмүндө белгиленген, анын ичинен: "Кадастр" ММнин филиалдары тарабынан иш жүзүндө аткарылган иштердин жалпы көлөмүнөн 66 % өлчөмүндө, "Кадастр" ММнин борбордук аппаратына - 5 % өлчөмүндө.

Эмгек акы фондунун ченемдерин иш жүзүндө аткарылган иштердин көлөмүнүн 65 %дан 71 %га чейин өзгөртүү маселеси, анын ичинде "Кадастр" ММнин филиалдары боюнча аткарылган иштерге бааларды (тарифтерди) өзгөртпөстөн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу агенттиги мене макулдашуусуз кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын 2022-жылдын 30-декабрындагы №156-буйругу менен, эмгек акы фондунун үнөмдөөсүнөн кошумча акынын коэффициенттеринин белгиленген маанилерин колдонуу белгиленген, ушул буйруктун нормалары "Кадастр" ММнин Бишкек шаардык филиалында 2023-жылдын 1-январынан тартып колдонулган, ошол эле учурда «Кадастр» ММнин бардык филиалдары 2022-жылдын 1-ноябрынан тартып колдонушкан.

Ушул себептен, 2022-жылдын ноябрь жана декабрь айлары үчүн "Кадастр" МИнин Бишкек шаардык филиалы тарабынан эмгек акы фондунун үнөмдөлгөн каражатынан коэффициенттердин жогорулатылган маанилери колдонулганына байланыштуу, төлөмдөгү айырма 1323,3 миң сом суммасында көбүрөөк болгон, анын ичинен: ноябрда 13,0 миң сом, декабрда 1310,5 миң сом.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

"Кадастр" мамлекеттик мекемесинин жетекчилиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын бекитүү жөнүндө" 2022-жылдын 9-ноябрындагы №141-буйругунда каралган «Кадастр» ММнин кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын, эмгек акы фондунун үнөмдөлгөн каражатынан коэффициенттердин маанилерин колдонуу жагын сактоого милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматы «Кадастр» ММнин Бишкек шаарындагы филиалы тарабынан эмгек акы фондунун үнөмдөөсүнөн кошумча акынын коэффициенттеринин белгиленген маанилерин колдонууну филиалдар үчүн белгиленген жалпы мөөнөткө ылайык келтирсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Жер ресурстары кызматында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-ноябрындагы №301-токтому менен бекитилген кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды Кыймылсыз мүлк боюнча бирдиктүү маалыматтык системасынан (мындан ары – КМБМС) жана Мамлекеттик каттоо кызматынынын жергиликтүү каттоо органдары тарабынан берүү тартиби тууралуу Жобого ылайык, КМБМСнан маалыматтар акы төлөнүүчү негизде (152 сом) берилет деп аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85-токтому менен бекитилген, "Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмегине) Мамлекеттик агенттиктин акы төлөнүүчү негизде кыймылсыз мүлк жөнүндө



маалыматтарды берүү боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрү киргизилген.

"Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, текшерилген 2020-2021-жылдарынын ичинде 13 мамлекеттик органга маалымат акысыз, анын ичинде: Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигине, Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу мамлекеттик резервдер фондусуна, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине, Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусуна жалпы суммасы 7032,1 миң сомго берилген же республикалык бюджеттин жоготуулару 7032,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Жер ресурстары кызматына:

- кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды берүүдөн республикалык бюджетке мыйзамдарда белгиленген тартипте кирешелерди камсыз кылуу менен, кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды берүү кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды берүүнүн тартибин жөнгө салуучу мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга ылайык жүзөгө ашырылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы № 1 "Айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын ченемдерин бекитүү жана алардын ордун толтуруу тартибинде келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө" токтому менен айдоо жерлеринин түрлөрү боюнча айыл чарба жерлерин которууда (трансформациялоодо) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркы бекитилген. Аудиттин жүрүшүндө, "Кадастр" мамлекеттик мекемеси тарабынан 2022-жылга айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруу боюнча маалымат берилип, ага ылайык жоготуулардын суммасы 184591,1 миң сомду, алынбай калган пайданын суммасы 10489,5 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, 2021-жылга айыл чарба жана токой чарбаларынан келтирилген жоготуулардын ордун толтуруудан республикалык бюджетке 111,3 млн сом, 2022-жылга 231,3 млн сом түшкөн. Же, айыл чарба жана токой чарбасы

боюнча жоготуулардын ордун толтуруудан түшкөн каражаттар боюнча, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги менен Финансы министрлигинин маалыматтары дал келбейт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы № 1- "Айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын ченемдерин бекитүү жана алардын ордун толтуруу тартибинде келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө" токтому менен, айыл чарба жерлерин категориясынан которууда (трансформациялоодо) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготуулардын ордун толтуруудан түшкөн каражаттар: жаңы жерлерди өздөштүрүү; эксплуатацияланган жерлерди мелиорациялоо; топурактын асылдуулугун жогорулатуу боюнча иштерин жүргүзүүгө жумшалат. Бирок, аталган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы № 1-токтомун бузуу менен, жерди айыл чарба багытындагы жерлердин категориясынан которуу (трансформациялоо) учурундагы айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруудан түшкөн каражаттар, көрсөтүлгөн максаттар үчүн каржыланбайт.

"Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине каршы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан айыл чарба жана токой чарбачылыгындагы жоготуулардын ордун толтуруудан үчүн түшкөн каражаттарды пайдалануунун тартиби бекитилген эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

"Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (6-беренеси) ылайык, айыл жана токой чарбачылыгындагы жоготуулардын ордун толтуруудан түшкөн каражаттарды пайдалануунун тартиби бекитилсин.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

Айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруудан түшкөн каражаттарды пайдалануусу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы № 1- "Айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын ченемдерин бекитүү жана алардын ордун толтуруу тартибинде келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө" токтомунун аткарылышы камсыз кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигине:**

Айыл чарба жерлерин башка категориялардагы жерлерге которууда каражаттардын иш жүзүндөгү түшүүсүнө сапаттуу жана толук мониторинг жүргүзүү жагынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 5-январындагы № 1- "Айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын ченемдерин бекитүү жана алардын ордун толтуруу тартибинде келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө" токтомунун аткарылышы камсыз кылынсын: республикалык бюджетке - айыл чарба



өндүрүшүндөгү жоготуулардын ордун толтуруудан; жергиликтүү бюджеттерге — алынбай калган пайданын ордун толтуруудан.

***Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинде, анын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүндө жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, утурлама аудит Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунда, Россия Федерациясынын ишканаларынан сатылып алынган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүнүн жана Өзбекстан Республикасынын "Узкимеимпекс" Жоопкерчилиги чектелген коомунан (мындан ары-ЖЧК) сатылып алынган жер семирткичтердин 2022-2023-жылдары керектөөчүлөргө сатылышына жана таратылышына жүргүзүлгөн***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-январындагы №24-т "Үрөнчүлүк чарбаларына жана айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" Тескемесине ылайык, республикалык бюджеттен 2022-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүн сатып алууга Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна (мындан ары –Мамлекеттик материалдык резервдер фонду, Фонд) 1 534 400,0 миң сом бөлүнгөн.

Фонд тарабынан айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүн сатып алууга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-январындагы №24-т "Үрөнчүлүк чарбаларына жана айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" Тескемесинде аныкталып көрсөтүлгөн Россия Федерациясынын "Щелково Агрохим" акционердик коому жана "Семена Ставрополья", "ЭкоНива-Семена" жана "Гарант" жоопкерчилиги чектелген коомдору менен жалпысы 12335,2 тоннага Келишимдер түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 9-мартындагы №83-токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги жөнүндө" Жободогу министрликтин аткаруу функцияларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-январындагы №24-т "Үрөнчүлүк чарбаларына жана айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" Тескемесинде белгиленгендей, Россия Федерациясынын жеткирүүчүлөрү менен Кыргыз Республикасына айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүн жеткирүүгө тиешелүү келишимдерди түзүү, транспорттук чыгымдарын эсептеп сатып алуу баасын аныктоо, ошондой эле айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүн кабыл алуу, түшүрүү, жыйноо, сактоо, сапатын текшерүү жана өз убагында үрөндү дарылоо менен Министрликтин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктары аркылуу үрөнчүлүк чарбаларына жана айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө таратып берүү,

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин түздөн-түз милдети болгон.

Жалпысынан, Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан түзүлгөн Келишимдер боюнча, Россия Федерациясынын жогорудагы аталган жеткирүүчүлөрүнөн бардыгы **761395,3** миң сомго **14101,960** тонна айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнү кабыл алынган.

2023-жылдын 1-январына карата **45050,3** миң сом үрөн үчүн ашыкча которулгандан пайда болгон аласа калдык "Гарант" жоопкерчилиги чектелген коомунан кайтарылып алынбай калган.

Фонддун Түндүк аймактык башкармалыгында вагон менен келген үрөндөрдү кабыл алууда арпанын, буудайдын үрөндөрүнүн салмагынан жалпысы **83,460** тоннага кем калуу фактылары аныкталган жана жеткирүүчүгө Доо-талабы коюлбай калгандыктан республикалык бюджетке **3562,8** миң сомдук жоготууга алып келген.

2022-жылдын 1-февралындагы алдын ала төлөө жүргүзүлгөндүктүн натыйжасында, 1957,250 тонна кайра артка кайтарылган жазгы арпанын "Калькюль" РС-1 сорттогу үрөнү үчүн төлөнгөн **83 553,7** миң сом "Гарант" жоопкерчилиги чектелген коомунун негизсиз пайдалануусунда турат.

Себеби, Айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо департаментинин Ысык-Көл облусу боюнча район аралык борборунун кызматкерлери тарабынан 2022-жылдын 21-ноябрында Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун Түндүк аймактык башкармалыгында бардыгы **3509,4** тонна сакталып турган жазгы дан өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүнөн текшерүүдө айдап-себүүгө сапаттары туура келбегендиги аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин айыл чарба өсүмдүктөрүн экспертизалоо Департаментинин 2023-жылдын 31-июлундагы №01-5/441 каты менен, Түндүк аймактык башкармалыгындагы жаздык буудайдын С1 репродукциясындагы 245,950 тонна "Каликсо" сортундагы үрөнүн культивацияланган өсүмдүк (Меслин) менен аралаштырылгандыгы аныкталып, **245,950** тонна жаздык буудайдын С1 репродукциясындагы "Каликсо" сортундагы үрөнү үрөн катары айдап себүүгө жарабагандыгы аныкталган.

Белгилей кетүүчү жагдай, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун кайдыгер мамилесинен улам **245,950** тонна жаздык буудайдын С1 репродукциясындагы "Каликсо" сортундагы үрөнүнүн сапатсыздыгы тууралуу Россия Федерациясынын "Гарант" ачык акционердик коомуна Доо-талабы коюлган эмес.

Аудит көрсөткөндөй, 2022-2023-жылдары Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги дыйкан чарбалардын жана товар өндүрүүчүлөрдүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүнө болгон муктаждыктарын так эсептебестен, такталган эсеби жок өзүлөрүнүн таратуу баракчасы боюнча Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарына жалпысы **10668,815** тонна үрөндөр бөлүштүрүлүп таркатылган.



Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн себептерден улам, Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун Түндүк аймактык башкармалыгынын жана башка сактоочулардын кампаларында 2023-жылдын 1-октябрына карата Россия Федерациясынан келген айыл чарба өсүмдүктөрүнүн **1300,0** тонна үрөндөрү Айыл чарба министрлиги тарабынан толугу менен таратууга алынган.

Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине 2022-жыл ичинде келген айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнү, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарында толук таратылбастан, **157545,0** миң сомдук **2917,5** тонна үрөндөрү жер-жерлерде сактоого туура эмес шарттарда сакталууда турат.

Россия Федерациясынан келген айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүнөн жазгы арпанын жана жазгы, күзгү буудайдын элита сорттору атайын сертификаты бар үрөнчүлүк чарбаларга гана берилип, алар үрөн өндүрүүнүн эрежелерин толук сактоо менен, 1 Репродукциядагы үрөндөрдү өндүрүп, товар өндүрүүчүлөрдү (дыйкандарды, фермерлерди) камсыз кылуу керек болчу. Бул жумуштарды аткаруунун ордуна, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги товар өндүрүүчүлөрүнө жазгы арпанын жана жазгы, күзгү буудайдын элита жана 1 Репродукциядагы кымбат баада келген сортторун тараткан же Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөткөн иштери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-январындагы №24-т "Үрөнчүлүк чарбаларына жана айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" Тескемесинин максатына карама-каршы келет.

Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, 2022-жылдын жазгы талаа жумуштарын даярдоо жана жүргүзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №77-т Тескемеси менен Өзбекстан Республикасынан Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги тарабынан аныкталган техникалык өзгөчөлүктөргө ылайык, 30,0 миң тонна көлөмүндө аммиак селитрасын сатып алууга "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында "Топтолгон финансылык резервдер" аттуу 28,29-беренеси боюнча каралган каражаттардан 975369,6 миң сом өлчөмүндө акча каражаты бөлүнгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралында №77-т Тескемесинин негизинде, азоттук минералдык жер семирткичтерди сатып алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду менен Өзбекстан Республикасынан "Узкимеимпекс" жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосунда 2022-жылы 11-мартында № EGP-FGMR-01/2022 - Келишими түзүлгөн.

Келишимде көрсөтүлгөндөй, Өзбекстан Республикасынын “Узкимеимпекс” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан Мамлекеттик материалдык резервдик фондуна берилүүчү 30000,0 тонна, 1 тоннасынын баасы 437,0 АКШ доллары менен товардын жалпы баасы 13110,0 миң АКШ долларын түзөт.

Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, 2022-жылдын жазгы талаа жумуштарын даярдоо жана жүргүзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №77-т Тескемесинде, Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана 2022-жылдын жазгы талаа жумуштарын даярдоо жана жүргүзүү максатында деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, Келишимде жеткирүү мөөнөтү 2022-жылдын 31-декабры болуп, Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №77-т Тескемесине каршы келет.

Өзбекстан Республикасынын “Узкимеимпекс” Жоопкерчилиги чектелген коомунан 2022-жылдын 1-апрелинен 21-апрелине чейинки мезгилде жалпысынан **4974,5** тонна жер семиртkич келген, анын ичинен:

- 2022-жылдын 31-мартындагы кабыл алуу актысы №1 менен Кант шаарындагы “Кант-Дан Азык” Ачык акционердик коомуна **630,0** тонна;
- 2022-жылдын 4-апрелиндеги кабыл алуу актысы №1 менен Кызыл Кыя шаарындагы “Дан” акционердик коомуна **378,0** тонна;
- 2022-жылдын 6-апрелиндеги №7 кабыл алуу актысы менен Кара-Суу шаарындагы “Карасу-Дан –Азык” Ачык акционердик коомуна **819,0** тонна;
- 2022-жылдын 6-апрелиндеги кабыл алуу актысы менен Жалал-Абад шаарындагы “Азрет-Аюб” Ачык акционердик коомуна **818,05** тонна;
- 2022-жылдын 13-апрелиндеги кабыл алуу актысы менен Мамлекеттик материалдык резервдик фондунун Балыкчы шаарындагы Түндүк аймактык башкармалыгына **881,1** тонна;
- 2022-жылдын 21-апрелиндеги №13 кабыл алуу актысы менен Кара-Балта шаарындагы “Дан” мамлекеттик ишканасына **1 448,35** тонна келип түшкөн.

Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан алынган жер семирткичтерге Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан бекитилген 1 кг азоттук минералдык жер семирткичтердин баасы 46,70 сомдон кымбат болуп сатылбай тургандыгы жөнүндө бир нече жолу каттар менен кайрылышкан.

Өзбекстан Республикасынын “Узкимеимпекс” жоопкерчилиги чектелген коомунан алынып келинген **4 974,5** тонна жер семирткичтерине Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан кеткен чыгымдарды эске алуу менен 2022-жылдын 6-апрелиндеги №32-буйругу менен 1 кг баасы 46,70 сомдон сатылуу баасы бекитилген.

Мамлекеттик материалдык резервдер фонду, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын



Президентинин Администрациясынын жетекчиси А.У. Жапаровго 2022-жылдын 3-октябрындагы берген маалыматында, 2022-жылдын 6-апрелиндеги №32-буйругу менен, 1 кг азоттук минералдык жер семирткичтердин бекитилген баасы 46,70 сомдон турган баада өз мөөнөтүндө сатууга мүмкүндүк болгон жок. Ошол эле учурда, аммиак селитрасы сапатын жоготуп, катып калган. Ал эми сактоо мөөнөтү 2022-жылдын 10-октябрында аяктайт деп сертификатында көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №77-т Тескемесинин негизинде, Өзбекстан Республикасынын “Узкимеимпекс” Жоопкерчилиги чектелген коомунан келген азоттук минералдык жер семирткичтердин 2022-жылдын жазгы талаа жумуштарын даярдоо жана жүргүзүү убактысы кечигип келгендиктен жана Кыргыз Республикасынын товар өндүрүүчүлөрү үчүн баасы жогору болгондуктан, 2022-жылдын күзгү айдап себүүгө пайдаланылбастан, 2022-жылдын аягында баасын аргасыздан арзандатууга мажбур болушкан.

Азоттук минералдык жер семирткичтерди сатуудан акча каражаттары жоопкерчиликтүү сактоочулардан Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун Казынадагы №4402051102002738-эсебине 148303,6 миң сом түшүп, бул акча каражаттары 2022-2023-жылдары республикалык бюджетке которулган.

Белгилеп кетүүчү жагдай, Мамлекеттик материалдык резервдик фонду 4 966,5 тонна жер семирткичтерин сатып алууда жана аларды керектөөчүлөргө сатууда баасын (1 кг. 30,0 сом) арзандатуудан айырма түрүндө, **78023,7** миң сомдук республикалык бюджеттин жоготууларына алып келген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Тескемесинин 1-бөлүмүндө көрсөтүлгөндөй, жер семирткичтерди сатуудан түшкөн акча каражаттары 2022-жылдын 1-июлуна чейин Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешесине которулушу керек болсо, же 35,5 тонна жер семирткичтерди сатуудан түшүүчү **1065,0** миң сом республикалык бюджеттин кирешесине төлөнгөн эмес. Аудит учурунда, 2023-жылдын 1-августундагы которуу баракчасы менен Мамлекеттик материалдык резервдер фонду тарабынан республикалык бюджетке **1 065,0** миң сом төлөнүп берилген.

2022-жылдын 16-мартынан 2022-жылдын 11-ноябрына чейинки мезгил аралыгында кыргыз сомунун АКШ долларына болгон валюталык курсу өзгөргөндүгүнө байланыштуу курстун айырмасынан 2022-жылдын 11-ноябрында Өзбекстан Республикасынан кайтарылган 6 564 998,020 АКШ долларынан республикалык бюджетке **132 811,4** миң сомдук жоготууга алып келген.

Мындан тышкары, кызматтык чыгымдарга (сактоо, жеткирүү) 22245,6 миң сом акча каражаттары колдонулган, же Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун эсебинде калган **40411,9** миң сом 2023-жылдын

28-июлундагы №257-которуу барагы менен республикалык бюджетке кайтарылган.

Мамлекеттик материалдык резервдик фонду тарабынан, негизсиз эле, «Карасу-Дан-Азык» ЖЧКсынын кароолчусуна 1065,0 миң сомдук 1 кг 30,0 сомдон 35 миң 500 тонна минералдык жер семирткичти, 1067,5 миң сом суммасында 1 кг 25 сомдон 42700 тонна азык-түлүк буудайга алмаштырууга наряд жазылган.

Жогоруда белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-февралындагы № 77-б буйругу менен, минералдык жер семирткичтерди сатуудан түшкөн каражаттар, 2022-жылдын 1-июлуна чейин, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешесине чегерилүүгө тийиш экендиги аныкталган. Бул учурдагы аудиттин жүрүшүндө, 2023-жылдын 1-июлундагы № 1065000 төлөм тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кирешесине 1065 ,0 миң сом которулган.

Жыйынтыгында, үрөндү тапшыруучудан кабыл алууда жетпей калуу фактылары – **3562,8** миң сомду, жер семирткичтердин сатылуу баасын арзандатуудан айырма түрүндө жоготуулар - **78023,7** миң сомду, кыргыз сомунун АКШ долларына болгон валюталык курстун төмөндөшүнөн жоготуулар - **132811,4** миң сомду, республикалык бюджетке келтирилген жоготуулардын суммасы **214397,9** миң сомду түздү. Мындан тышкары, артка кайра кайтарылган 1957,250 тонна жазгы арпанын "Калькюль" РС-1 сорттогу үрөнү үчүн төлөнгөн **83 553,7** миң сом, "Гарант" ачык акционердик коомунан кайтарылып алынбаган аласа карыз – **45050,3** миң сом.

Жыйынтыгында, республикалык бюджетке келтирилген жоготуулардын жалпы суммасы **214397,9** миң сомду түздү.

Ошону менен бирге белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги тарабынан үрөнгө, жер семирткичтерге болгон суроо-талаптары, ошондой эле, мамлекеттик үрөн чарбасындагы үрөндүн запастары эске алынган эмес.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин жана Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун жетекчиликтеринин жоопкерчиликтери каралсын:

- 1065,0 миң сомдук 35,500 тонна өлчөмүндөгү минералдык жер семирткичтерди 1067,5 миң сомдук 42700 тонна азык-түлүк буудайына негизсиз алмаштыргандыгы үчүн;

- товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууда республикалык бюджеттин каражаттарынын жоготуулары үчүн.

2. Төмөнкүлөргө көзөмөл жүргүзүлсүн:



- 83 553,7 миң сом суммасында 1957,250 тонна "Калькюль" РС-1 жазгы арпасын жана 45 050,3 миң сом суммасында төлөмдүн калган бөлүгүн "Гарант" ААКсы тарабынан кайтарылып берилиши (алмаштыруусу);

- жалпы суммасы 3562,8 миң сомго 83460 тонна үрөндүн жетишсиздигинин калыбына келтирилиши.

3. Жыл сайын, Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында, айыл чарбасында үрөнгө жана жер семирткичтерге болгон суроо-талаптар эске алынсын.

**Сунуштама:**

Жыл сайын, Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги тарабынан үрөнгө жана жер семирткичтерге болгон суроо-талаптар эске алынсын.

Мындан ары, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөн калдыктарын товар өндүрүүчүлөргө өз убагында бөлүштүрүү камсыз кылынсын.

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын эсебинде турган кампаларда сакталган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүнүн сапатын сактоо жана айылдык товар өндүрүүчүлөрдү сапаттуу үрөн менен өз убагында камсыз кылынсын.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 17-февралындагы № 56-НИ буйругуна ылайык, белгиленген мөөнөттө бюджетке төлөмдөрдүн өз убагында түшүшүн камсыз кылуу үчүн, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүн үрөн алуучу айылдык товар өндүрүүчүлөргө «Айыл Банк» ААКсы аркылуу Кредиттик келишимди милдеттүү түрдө түзүү менен таркатуу боюнча иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **Б.А. Рыскулиев**